Скырг
Б48

*Өскөнбай Бердибаев*

# ПАМИР-АЛАЙ БЕРМЕТТЕРИ



Скырг
Б 48

**ӨСКӨНБАЙ БЕРДИБАЕВ**

# ПАМИР-АЛАЙ БЕРМЕТТЕРИ

*Ырлар, ой толгоолор, эскерүүлөр*



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 484531

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

«Улуу Тоолор»
Бишкек – 2022

УДК 821.51
ББК 84 (5 Кир) – 446
Б 48

Бердибаев Өскөнбай.
Б 48 Памир-Алай берметтери. – Б.: «Улуу Тоолор», 2022. – 212 б.

ISBN 978–9967–29–516–2

Улуу Памир тоолорунда туулуп-өскөн акын, котормочу, жазуучу жана жеке ишкер Өскөнбай Бердибаевдин бул көлөмдүү жыйнагына көп жылдардын аралыгында жазган чыгармалары киргизилди.

«Памир Алай берметтери» китеби окурмандардын купулуна толот деген ишеним чоң.

УДК 821.51
ББК 84 (5 Кир) – 446

ISBN 978–9967–29–516–2

© Бердибаев Ө., 2022



***Тагдыр мени кайда агызып барасың,***
***Алып бүттүң жан дүйнөмдүн мазасын.***

*Кыргыз жазма жана оозеки адабиятынын түптамыры Саймалуу ташка тамга баскан кезден башталган десек ашыкча болбос. Ал бүгүнкү күнгө чейин ондогон кылымдарды карытып, узак жол басып, өзгөчө татаал чыйырдын миңдеген тоскоолдуктарынан өттү.*

*«Жөн жерден жомок жаралбайт» дегендей, адам жөн жерден акын болуп төрөлбөйт. Акындык өнөр, биринчиден, кичине чымыны бар адамда болот, башкача айтканда Кудайдан берилген касиетинен башталып, андан ары талант болуп өркүндөп, айлана-чөйрөгө болгон сезимталдуулугу менен жуурулуп, окуган чыгармалары менен таасирленип ширелет. Жараткандан берилген ошондой касиети бар таланттардын бири Сары-Кол жергесинен чыккан Өскөнбай Бердибаев инибиз.*

*Бул жигиттин «Памир-Алай берметтери» аттуу китебинен лирикалык каармандын махабат өксүгүн, улам ичине толгон бук-арманын, эл-жерине болгон кусалыгын, өкүнүчүн, сүйүүсүн, элибиздин өткөн тарыхы менен сыймыктанганын, бир кезде топоз жайып жүргөн тоолордо жоготкон балалыгын издегенин, туулган жерге болгон сагынуусун көрөбүз. Акын башынан өткөн күндөрүн кагаз бетине ыр түрүндө жазып*

*келе берген, жазылган ырларынан өзүнө берген баасы, таарынычы менен эле бирге ишке ашыра албаган өкүнүчтөрүн да көрүүгө болот.*

*Жок болуп жан аргамды таппай жүрөм,*
*Бар болуп кең дүйнөгө батпай жүрөм.*
*Түйшөлүп эзилсем да санаа тартып,*
*Жарылып мен эч кимге айтпай жүрөм, –*

*деп, турмуш жолунда башынан кандай гана аң-дөңгөк жолду басып өткөнүн төрт сап ыр менен берет. Ыр жазууга келгенге чейин айылда ооруп, эч кандай диагнозу чыкпай, ооруканадан оорукана которуп жүрүп жан дүйнөсү чайналганын минтип эскерет: «Мен айылдагы ооруканалардан майнап чыкпагандан кийин Бишкек шаарына келип, бир топ дарыгерлерге көрүндүм. Бул жактан дагы майнап чыкпагандан кийин, кайра тоолорго барып, табият менен жуурулушуп ыр жаза баштадым. Жан дүйнөм жай алып, оорудан арылдым. Тагдырдын сыноосу боло берет экен, кичүү кызымдын буту күйүп ооруканада жаткан кезде, үйүм толугу менен өрттөнүп кетти. «Тагдыр мени кайда агызып барасың, Алып бүттүң жан дүйнөмдүн мазасын. Таштуу жолдо жылаң аяк бастырып, Бороон болуп этек-жеңим ачасың», – деген ыр саптарым жазылды. Кызымдын дарылануусуна жана операциясына көп каражат сарпталды, айрыкча плазма куюуга акча жетишсиз болуп, паспортумду Оштогу кан борборуна таштап кеткен күндөрүм болду. Мага жалпы «Сары-Могол» эли, тууган-урук, досторум, классташтарым чоң колдоо көрсөттү, жалпы журтчулукка чоң ыраазычылыгымды билдирем. Бар болуңуздар улуу тоонун улуу эли, сиздерге башым ийип, тизе бү-*



*гүп таазим этем», – дейт. Бул жерде жан дүйнөсүнө кандайдыр бир күч будуң-чаң салып «Башыма көп түйшүктү үйүп жүрөм», – деп, жалпы киндик каны тамган Сары-Колдун жүгүн көтөрүп жүргөнүн байкоого болот. Чынында эле Сары-Колго байланыштуу аңгеме, макала, ыр, сүрөт жана башка материалдарды кызыгуу менен казып таап, чогултуп жүргөнү ат көтөргүс түйшүк. Ошол эле мезгилде, элге жакшы-жаман көрүнүп көркөм көргөзмөлөрдү уюштурууга жан үрөп жүргөнүн көрөбүз. «Турмушта көп нерсеге жетпей жүрөм, Тулпарым чаалыккансып кээде жүдөйм, – деп, элге окшоп тытынып үй-бүлөсүн деле акча менен камсыз кыла албаганын байкайсың. Жүрүм-туруму жөнөкөй, жашоосу жупуну, барга шүгүр кылып, жокко чөкпөй жайдары күлүп жүргөнү жүргөн. Акындын жан дүйнөсү башка мейкиндикте жүргөндөй, же эл үчүн кыла турган ишине бул өмүрү аздык кыла тургандай шашылыш жүрөт.*

*Өмүрдө өйдө-ылдый жашап жүрөм,*
*Өзүмдү эптеп адам атап жүрөм.*
*Тагдырда миң жыгылып, миң турсам да,*
*Өчүрбөй ырларымды сактап жүрөм, –*

*деп, жүрөгүнүн түпкүрүндө чечилбей келе жаткан, сакталган сыр бар экенин, жан дүйнөсүнө будуң-чаң салган өкүнүч бар экенин байкайбыз. Кээ бир ырларынан башка акындардын ырларына таасирленип, шык алганын көрөбүз. Мисалы, «Кош жаштык» деген ырында кыргыздын залкар акыны Алыкул Осмоновдун ырларына таасирленгени байкалат, анда өзүнүн кырк жаштын кырына чыгып калганына кейип, өмүрдүн зымырап өтүп жатканына кыйыла көз чаптырат:*

«Кош ат» көрдүм арабасы чегилген,
Шөкөттөлгөн алтын-күмүш темирден.
Жаштыгымды алып кетти шаштырып,
Кош айттырбай, кол булгатпай өмүрдөн.

* * *

«Кош ат» көрдүм арабасы чегилген,
Таскак салып тагдыр жолун кемирген.
Бир мүнөткө токтой турган түрү жок,
Жаштыгымды алып кетти өмүрдөн.

Бул ыр саптарынан автордун кыйла такшалып калганын көрөбүз.

Өскөнбай поэзия менен эле чектелбестен, кара сөз менен дагы бир канча «Памир тоолорунда мумия издеген геологдор» өңдүү эсселерди жазган. Өскөнбайдын бул эскерүүлөрү СССР доорундагы теңдик, калыстык, эл арасындагы ак төөнүн карды айрылган токчулук, алтын балалык кезиндеги мезгилди, кийинки капиталисттик көз караштагы жашоодогу теңсиздик менен азыркы руханий азыгы жок адамдардын алдым-жутум заманын салыштырып жазган. Мисалы, «Памир тоолорунда мумия издеген геологдор» деген эскерүүсүндө: «Мен үчүн бул геологдор мумия издебей эле, жоготкон жаштык мезгилин, СССРдин гүлдөп турган учурундагы жыргалчылык доорун, бактылуу жашоолорун дал ушул Памир тоолорунун арасынан издеп келгендей сезилди», – деп, мурунку кезде илимий изилдөөдөн башка нерсени ойлонбогон геологдор, бүгүн акчанын кулу болуп, кылымдардан бери сакталып келе жаткан табиятты акча үчүн талкалап жүргөнүн жа-



зат. Анын эмгектери түрк, казак, өзбек жана башка тилдерге которулуп, түркиялык «IZLEM», «Кыргыз Маданият жана тил» жана Тажикстандагы кыргыз тилдүү «Сары-Кол» гезити ошондой эле Орусиядагы «Сары-Кол» сайттарына басылып чыккан.

Өскөнбай иним, кыялыңды жашоодогу жомоктой чындыкка айлантуудан талыкпа, калемиң курчуп, кийинки муундарга таза жол калтыргын!

**АКЫЛБЕК АТАБАЕВ**
*«Элдик демилгелер борборунун» башкы редактору, журналист, публицист.*



## САРЫ-КОЛ
*(дастан)*

Ак мөңгүлүү, бийик тоолуу жер,
Адырлуу, аска-зоолуу жер.
Кылымдап кыргыз жашаган,
Сары-Колум көркөм сонун жер.
Ат баскан чыйыр кыялап,
Алты сап жаздым сыялап.
Айланып бүркүт бийикте,
Мекендейт тоону уялап.
Санжыралуу Сары-Колум,
Керилип жаткан Кең-Колум.
Шамалың салкын сыдырым,
Желпинген жеңил жорголуу.



Сап-саптын башы кайкалак,
Сай ташы самын тайгалак.
Ылаачын учса бийиктеп,
Канаты бир аз чайпалат.
Мадиян, Пышарт, Кара-Көл,
Ак-Балык мөлтүр таза көл.
Балыгы көп Булуң-Көл,
Байыркы Зор-Көл, Казан-Көл.
Шаймактын шибер тулаңы,
Бахпурдун кайнайт булагы.
Байыртан кыргыз мекендеп,
Байырлап келген турагы.
Ок-Салыр ата, Шаты-Пут,
Тарыхтар калбайт катылып.
Ааламга кеткен кыргыздар,
Үркөрдөй болуп чачылып.
Опол-Тоо, Муз-Тоо мөңгүлүү,
Өзүнө бурат көңүлдү.
Кереге-Өтөк, Көр -Теке,
Казылбай калган көмүрү.
Аскада жанат Чырак-Таш,
Мөлтүрөп ийет булактар.
Боз шыбагы тегерек,
Ак коёну улактай.
Ак-Суу, Ак-Там, Баш-Күмбөз,
Бозой-Күмбөз, Үч-Күмбөз,
Кадам сайын мазарлуу,
Жарты Күмбөз бүт күмбөз.
Баатырлар басып өткөн жер,
Бабалар жашап өскөн жер.
Этегин кайрып эшендер,
Батасын берип кеткен жер.

Жылгада жүздөн төрт түлүк,
Жеримде малдын көп түрү.
Байырлап келип нечендер,
Бай болуп кеткен көпчүлүк.
Кылымдар өчпөс күү чалар,
Кайберен түнөк жылгалар.
Таң тосуп тиктейт тектирди,
Калдайган караан кулжалар.
Чубак, Кошой, Ак-Балта,
Жакып жана Баабедин.
Шерлер, бектер өткөн жер,
Рахманкул-хан, казы Атабай,
Көптөр туулуп өскөн жер.
Кара тоону айланып,
Кашкарга жолу кеткен жер.
Тоюту күчтүү тоюмдуу,
Тоо-түздө өскөн терскендер.
Ак-Суунун суусу көк кашка,
Агылып түшөт Топ-Ташка.
Балыгы сууда көрүнөт,
Балырлуу көбүк топтошсо.
Сары-колум, Ак-Суу, Кош-Агыл,
Сагынган бизбиз кусадар.
Алыста жүргөн бара албай,
Адамдар бизбиз кусалуу.
Көпүрө -Башы, Суу-Башы,
Көкөнбек өткөн миң башы.
Көмүскө калган доордо,
Көп бектер өткөн жүз башы.
Жапаркул датка аминдер,
Жаннатта жүрсө «оомийин» дээр.
Токурбек датка аминдер,



Бейиштен жүрсө «оомийин» дээр.
Сары-колдук жалпы элиме,
Салтын сактап жүрсүн деп.
Саламат-эсен болсун деп,
Сапарлаш болуп жолунда,
Жылоолоп кызыр «оомийин» дээр.
Жылтырак жиптүү ат жабдык,
Жылдызды кууп ат чаптык.
Күмүштөн боолу ат жабдык,
Кылымды кууп ат чаптык.
Доорду көргөн нечендеп,
Тоолорду сүйдүк мекендеп,
Сары-Колдун өчпөйт тарыхы,
Мезгилдер жазган бекемдеп.
Күңгөйгө чаап күлүктү,
Өчүрбөй жанган биликти.
Аталар жүргөн астейдил,
Көтөрүп бийик түндүктү.
Элеси өчпөйт Сары-Кол,
Эңкесин өкчөйт Сары-Кол.
Аталар менен энелер калган,
Эң ыйык бизге жерибиз Сары-Кол.
Ысымың өчпөс түбөлүк Сары-Кол,
Ырларым далил күбөлүк Сары-Кол.
Кай жерде болсок тагдырлар айдап,
Унутпай эстеп жүрөбүз Сары-Кол.
Бабалар өткөн тарыхым Сары-Кол,
Башаты өмүр тагдырдын Сары-Кол.
Санжыра салтын жоготпой каткан,
Кыл чокудагы сандыгым Сары-Кол.
Бүркүттүн тууру күмүштөн болот,
Сулуунун сыны жүзүндө болот.

Жылгада жүздөн төрт түлүк,
Жеримде малдын көп түрү.
Байырлап келип нечендер,
Бай болуп кеткен көпчүлүк.
Кылымдар өчпөс күү чалар,
Кайберен түнөк жылгалар.
Таң тосуп тиктейт тектирди,
Калдайган караан кулжалар.
Чубак, Кошой, Ак-Балта,
Жакып жана Баабедин.
Шерлер, бектер өткөн жер,
Рахманкул-хан, казы Атабай,
Көптөр туулуп өскөн жер.
Кара тоону айланып,
Кашкарга жолу кеткен жер.
Тоюту күчтүү тоюмдуу,
Тоо-түздө өскөн терскендер.
Ак-Суунун суусу көк кашка,
Агылып түшөт Топ-Ташка.
Балыгы сууда көрүнөт,
Балырлуу көбүк топтошсо.
Сары-колум, Ак-Суу, Кош-Агыл,
Сагынган бизбиз кусадар.
Алыста жүргөн бара албай,
Адамдар бизбиз кусалуу.
Көпүрө -Башы, Суу-Башы,
Көкөнбек өткөн миң башы.
Көмүскө калган доордо,
Көп бектер өткөн жүз башы.
Жапаркул датка аминдер,
Жаннатта жүрсө «оомийин» дээр.
Токурбек датка аминдер,



Бейиштен жүрсө «оомийин» дээр.
Сары-колдук жалпы элиме,
Салтын сактап жүрсүн деп.
Саламат-эсен болсун деп,
Сапарлаш болуп жолунда,
Жылоолоп кызыр «оомийин» дээр.
Жылтырак жиптүү ат жабдык,
Жылдызды кууп ат чаптык.
Күмүштөн боолу ат жабдык,
Кылымды кууп ат чаптык.
Доорду көргөн нечендеп,
Тоолорду сүйдүк мекендеп,
Сары-Колдун өчпөйт тарыхы,
Мезгилдер жазган бекемдеп.
Күңгөйгө чаап күлүктү,
Өчүрбөй жанган биликти.
Аталар жүргөн астейдил,
Көтөрүп бийик түндүктү.
Элеси өчпөйт Сары-Кол,
Эңкесин өкчөйт Сары-Кол.
Аталар менен энелер калган,
Эң ыйык бизге жерибиз Сары-Кол.
Ысымың өчпөс түбөлүк Сары-Кол,
Ырларым далил күбөлүк Сары-Кол.
Кай жерде болсок тагдырлар айдап,
Унутпай эстеп жүрөбүз Сары-Кол.
Бабалар өткөн тарыхым Сары-Кол,
Башаты өмүр тагдырдын Сары-Кол.
Санжыра салтын жоготпой каткан,
Кыл чокудагы сандыгым Сары-Кол.
Бүркүттүн тууру күмүштөн болот,
Сулуунун сыны жүзүндө болот.

Улуттун наркы санында эмес,
Салтын сактап жүрүүдө болот.
Тулпарда жүгөн алтындан болот,
Шумкардын боосу асылдан болот.
Кадыры журттун кашында эмес,
Сактаган ыйык тилинде болот.
Сан кылым өтсө сакталып келген,
Сарыколдун баркы тилинде болот.
Салтын бекем кармаган элдин,
Кадыры наркы тилинде болот.
Бабалар баскан тарыхым Сары-Кол,
Бараандуу баскан тагдырым Сары-Кол.





## ЖАН ДҮЙНӨ

Жок болуп жан аргамды таппай жүрөм,
Бар болуп кең дүйнөгө батпай жүрөм.
Түйшөлүп эзилсем да санаа тартып,
Жарылып мен эч кимге айтпай жүрөм.
Чок болуп жанып-өчүп, күйүп жүрөм,
Башыма көп түйшүктү үйүп жүрөм.
Ташыркай тажасам да көр тирликтен,
Таштабай ырларымды сүйүп жүрөм.
Турмушта көп нерсеге жетпей жүрөм,
Тулпарым чаалыккансып кээде жүдөйм.
Жан жактан сокку урулса кайыл болуп,
Жашырып ырларымды эптей жүрөм.
Өмүрдө өйдө-ылдый жашап жүрөм,
Өзүмдү эптеп адам атап жүрөм.

Тагдырда миң жыгылып, миң турсам да,
Өчүрбөй ырларымды сактап жүрөм.
Тагдырда көп жыгылып, көп турсам да,
Жоготпой ырларымды сактап жүрөм.

## ТООЛОР

Жай алып тоолордун жүрөгүндө,
Жашадык кайберен түнөгүндө.
Тартылып тасмасы кыялдардын,
Мамыры бүр ачты гүл өңүндө.

Күн айлар айланып толуп кылым,
Чын ошол алыска кеткендигим.
Биз көргөн «Ак жылдыз» бийиктеги,
Памирде бүтпөй калган «Көркөм фильм».

Түрүлүп плёнкасы элестердин,
Сүрөтү калды гүлдүү белестердин.
Бүгүн мен көпкө тиктеп көк асманды,
Өткөн чак издерин элестедим.

Кайрылып мен бүгүн кайра артыма,
«Тоолордун фильмин» элестедим!



## САРЫ-КОЛ КАЙРЫКТАРЫ

*Акбурма (Бурмажан)*
*(«Чыгыш-Памир»Сары-Кол мотивинде жазылган дастан)*

Кызыл-Арт ашып ат кетти,
Кыраңдан узап бат кетти.
Ак-Байтал ашып ат кетти,
Алыстан узап бат кетти.
Алты жигит шат кетти,
Алты куржун кат(хат) кетти.
Буркурап түтөп күйгөн көп,
Бурмажанды сүйгөн көп.
Ашыгылыктан күйгөн көп,
Ак-Бурма деп сүйгөн көп.
Боз уландар арада,
Боз баш балдар талаада.
Бурмажанга жете албай,
Боздошот көбү санаада.
Буралып басса элеси,
Булуттай аппак денеси.
Бурулуп барса көрсөтпөйт,
Бушайман кылып жеңеси.
Кызыл-Арт ашуу бийиги,
Кыраңда качат кийиги.
Кызылдан кымкап кыйма түр,
Кымбат нарк кыздын кийими.
Аңкайып көптөр карашкан,
Ак-Бурма атына заты жарашкан.
Көксөшүп көптөр карашкан,
Көйкөлүп көркү жарашкан.

Булуттан көрдүк жарыкты,
Булуң-Көл суусу балыктуу.
Асмандан көрдүк жарыкты,
Ак-Зоонун суусу балыктуу.
Ак-Балык ата мөл булак,
Агылып толот көл курап.
Дарбазалуу дабааны,
Дал ошол, даңкталып чыккан Бурмажан.
Аскада көрдүк жарыкты,
Ак-Суунун суусу балыктуу.
Дарбазалуу дабааны,
Дал ошол, Ак-Суудан чыккан Бурмажан.
Ак-Бурма булут, булутсуң,
Булуттай таза тунуксуң.
Бурмажан мөлтүр булаксың,
Алыста күйгөн чыраксың.
Ыраң -Көл, Мургап, Чечекти,
Берейин ырга кезекти.
Кылымдап Сары-Кол элимде,
Сулуулар нечен көп өттү.
Бийикте жердин аты улук,
Биздеги аял заты улук.
Ырларда калгын Ак-Бурма,
Кыздардын кырк тал чачы улуу.
Кылымдап Сары-Кол элимде,
Сулууну айтып сыр кылган,
Соолутпай сүйүп гүл кылган.
Аздектеп аяр кадырлап,
Ай-күнгө теңеп ыр кылган.
Бурмажан дүрия жоолук салынгын,
Буралган чачпак тагынгын.



Турмушта таап бактыңды,
Түгөйү болгун жарыңдын.
Аралы болгун деңиздин,
Асылы болгун жериңдин.
Тууруңа конуп бакыт куш,
Алганы болгун теңиңдин.
Койнунда тоонун гүлү бар,
Мойнунда кызыл шуру бар.
Кырандын кыраан бүркүтү,
Жигити тоонун билип ал.
Жез үзөңгү жарашык,
Жакшылар болсун жан ашык.
Сары үзөңгү жарашык,
Сүйгөндөр болсун жан ашык.
Тоолордун жаркып асманы,
Жылдыздар жансын жанашып.

Кыранда кызыл гүл болуп,
Кыз-жигит жүрсүн жанашып.
Аскада жүргөн аркарсың,
Ак-Бурма, айтылып калган дастансың!!!

## ШАМАЛ

Суук-Сайдан суурулуп чыккан шамал,
Маркан-Суудан буулугуп учкан шамал.
Тескеримден урганда тегеретип,
Терскенимди колумдан жулган шамал.
Уй-Булакта удургуп турган шамал,
Бурулушта буйтасам бурган шамал.
Булутумду буйдамга токтобостон,
Кум толтурат кулакка курган шамал.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук ... китепкана
ИНВ № 484531

Ак-Байталдын ашуусу улуйт шамал,
Аласалтып айламды кууруйт шамал.
Ырабатка жеткенде ызырынбай,
Жеңил-желпи жел-ырга жууруйт шамал.
Чечектинин түзүндө желдейт шамал,
Черим жазып ойлорду жөндөйт шамал.
Албууттанса алыстан айгай салып,
Каршы-терши кармашып келбейт шамал.
Көөнө -Коргон ызгыган жолдо шамал,
Көңүлүмдү көтөрөт жондо шамал.
Боз үйүмдүн боо-чуусу бошоң тартат,
Борой-борой боз куюн болсо шамал.
Зым карагай зыркырайт санаа шамал,
Кар учурган талаада ала шамал.
Бирде эрке, бир туруп мүнөзү шок,
Бизде ойнойт бийикте кара шамал.
Чаңын күбүп кийизди кагат шамал,
Жерден үзүп жеңилин алат шамал.
Булут учса томуктай тоо аралап,
Аласалып артынан барат шамал.
Саамай чачым сеңселткен сары шамал,
Сагынганда Сары-Колду дарым шамал.
Симфония сыяктуу аскалардын,
Кырдан ырдап үн салган шаңым шамал.
Музыкасы Мургаптын жан-дүйнөмдө,
Жел ойногон оркестр жаңы-ыр шамал.



## САРЫ-КОЛУМА АРЗУУ

Түк өлбөс гигант аска айкелдериң,
Түгөнбөс алтын-күмүш бай кендериң.
Сары-Колум санап айтсам сан жетпеген,
Санжыра дастан, тоо-таш сай көлдөрүң.

Жылдыздар учуп конуп чокусуна,
Шөкөттөп таажы таккан топусуна.
Мургабым миң бир кайрык коштойт шамал,
Муңканып түркүн куштун добушуна.

Түбөлүк бизде өчпөй калчу элес,
Алыста ай-түнөгөн кайкы белес.
Кайрылып катар баскан кайберенге,
Сапарлаш биздин өткөн өмүрүбүз.

Кыйырда калып кеткен эски издер,
Кылымга өлбөс-өчпөс дастан тарых .



## ОПОЛ ТОО

*(Музтак-Ата)*

*(Кытайлык кыргыздарга арналып жазылган ыр)*

Ак мөңгү кары кетпеген,
Алгыр куш учуп жетпеген.
Төрөсү «Памир» тоолордун,
Төбөсү бийик Опол-Тоо.
Эрибей калың муз жатат,
Этеги эпсиз түз жатат.
Асманга жайган кучагын,
Ак-Чоку бийик Опол-Тоо.
Кашкардан төбөң көрүнгөн,
Кайберен качкан төрүңдөн.
Түрүлгөн булут асканда,
Түркүгүң бийик Опол-Тоо.
Ак төөлөр сындуу чубалган,
Ак тоолор сырдуу узарган.
Сапары кербен жолдордо,
Сан кылым санап уланган.
Бурулуп бүркүт жете албас,
Буйлалуу төө кете албас.



Муз-Тоонун кайкы белинен,
Кайберен ашып өтө албас.
Кең-Кол менен Сары-Колдун,
Мунары бийик Опол-Тоо.
Кашкар менен Артыштын,
Тумары ыйык ошол тоо.
Таштабай курду байланып,
Таш-Коргон бардым айланып.
Караандап келип калың журт (Муз-Тоону),
Калышкан экен байыр алып.
Кайыш кур тактым байланып,
Кара-Көл бардым айланып.
Эзелтен келип «Муз-Тоону»,
Эл калган экен байыр алып.
Белимди бекем байланып,
Булуң-Көл бардым айланып.
Кылымдап кыргыз мекендеп,
Муз-Тоону калган байыр алып.
Көркөм Памир көк шибер,
Жарашкан жашыл чөп шибер.
Муз-Тоонун түбү көк шибер,
Жайкалган жайлоо чөп шибер.
Ырыскы дөөлөт себилген,
Тоолордо топоз семирген.
Кут-береке себилген,
Кырларда топоз семирген.
Ак чокулуу Опол-Тоо,
Алыстан аппак ошол тоо.
Мургаптан туруп көз салсам,
Муз чокуң даана көрүнгөн.
Аянтың чексиз керилген,
Аркарлар качат төрүңдөн.

Алайдан алыс бел ашсам,
Ак-Мөңгүн даана көрүнгөн.
Мөлтүр тунук мөңгү суу,
Муз-Тоонун мүрөк белгиси.
Акактай тунук мөңгү суу,
Муз-Тоонун мүрөк белгиси.
Кайрылып Кашкар жол узап,
Кара-Суу, Көлмө жол узак.
Каттаса Кашкар жол узап,
Кара-Корум, Көлмө жол узак.
Улуу-Жибек жол башы,
Улуу-Чат оодан, Суу-Башы.
Тарыхта жибек жол башы,
Тагарма, Гез, Суу-Башы.
Мөңгү суу мөлтүр ак-чоку,
Муз мунара как чоку.
Айрыплан учуп өтө албас,
Ааламда бийик так чоку.
Кылымдан бери эзелки,
Кыргыздын жери Опол-Тоо.
Айнектей тунук ак мөңгү,
Ал жердин бийик белгиси.

Мөлтүлдөйт тунук мөңгүсү,
Муз-Тоонун бийик (бренд) белгиси ...



## 90-ЖЫЛДЫК МААРЕКЕҢ КУТТУУ БОЛСУН МУРГАБЫМ

Күндүн нуру төгүлгөн,
Гүл өскөн жылга төрүндөн.
Аппак нуру төгүлгөн,
Ай чөмүлгөн көлүндөн.
Алыста бийик гүл багым,
Айланып барам Мургабым.
Кайкыда бийик гүл багым,
Кайрылып барам Мургабым.
Аскага бүркүт конуптур,
Айланып кылым толуптур.
Зоокага бүркүт конуптур,
Закымдап кылым толуптур.
Топ жылдар өтүп Мургабым,
Токсон жашка толуптур.
Тагдырлаш Мургап мекеним,
Тарыхта көргөн нечени.
Кылымга калды жазылып,
Өткөн чак, доор кечээкиң.
Тоютун тапкан өндүрдөн,
Тоолуу жер топоз өндүргөн.
Ак эмгек менен күн көрүп,
Аталар өттү өмүрдөн.
Сапарлаш күндөр орток дос,
Катарлаш жылдар ортоктош.
Билгизбей бизди сагынсаң,
(Мургабым) көзүңдөн тамган мончокпуз.
Аркарлар жылга төрүндө,
Ата-журт ыйык жеримде,
Кулжалар кокту төрүндө,

Көп күндөр калды жеринде.
Муунтуп, бууган ызалык,
Муңканып алыс узадык.
Өзүндөн кеттик алыстап,
Өзөктө бирок кусалык.
Доордун болгон күбөсү,
Тоолордун бийик төбөсү.
Кең пейил асыл кыргызым,
Тоолуктун тоодой мүнөзү.
Мургабым мүрөк булагың,
Акактай мөлтүр сууларың.
Таңшыган тоодо таң тосуп,
Талпынып учкан уларың.
Ааламга бизди узатчу,
Айылга кеткен узак жол.
Сары-Колго барсаң сагынып,
Сапарлаш сага түз ак жол.
Мургаптын талаа түздөрү,
Көптөрдүн калды издери.
Кыр-кырдын талаа түздөрү,
Кыргыздын калды издери.
Алыстан ал-жай сурашып,
Аталар басты кыр ашып.
Жакындан ал-жай сурашып,
Жакшылар кетти кыр ашып.
Мургабым мурда мурдагың,
Билбеймин азыр бул жагын.
Жыгылып кетсек тосчу элең,
Жыргалга толгон кучагың.
Күнүмдүн шаңы Мургабым,
Түнүмдүн таңы Мургабым.
Кылымдын тосуп узаткан,



Көөнөрбөс жаңы Мургабым.
Койнунда толуп төрөлдүк,
Колунда өсүп торолдук.
Оромпой тээп, ордо атып,
Тоо жолуң басып чоңойдук.
Шат жүрүп бастык кыяда,
Каткырып, бастык пияда.
Нускалуу эле жеримде,
Нур жүздүү кыздар зыяда.
Тоолордон агып берекең,
Толуп турсун Мургабым.
Тоо элине жакшылык,
Болуп турсун Мургабым.
Бийиктен агып кут-ырыс,
Толуп турсун Мургабым.
Бүт элдерге жакшылык,
Болуп турсун Мургабым.
Тынчтык күнү жаркырап,
Тийип турсун Мургабым.
Нурдан бүткөн нур жүзүң,
Күлүп турсун Нургабым.
Кылым арткан дооруң,
Түптүү болсун Мургабым.
Токсон жылдык маарекең,
Куттуу болсун Мургабым!

Алыста бийик гүл багым,
Айланам сенден Мургабым!

## ТОКТОМАТ МЕРГЕНДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Кара-Көлдүн толкуну,
Кайрылып бүгүн толкуду.
Муз-Көлдүн шамал толкуну,
Муңканып бүгүн толкуду.
Байгашка-Турук, Даңкайдан,
Кайберен баскан маңкайган.
Кызыл-Жээк, Даңкайдан,
Кулжалар качкан каркайган.
Жаныбардын ыйыгы,
Жаңы-Жердин кийиги.
Кайберендин ыйыгы,
Кокуй-Белдин кийиги.
Токтомат мерген ажы ата,
Тоолордо түнөк таптыңыз,
Токтобой кыйып бастыңыз.
Айланган кулач мүйүздүү,
Ак кулжасын аттыңыз.
Токтомат мерген ажы ата,
Кырларда түнөк таптыңыз,
Кыр-кырлап нечен бастыңыз.
Кере-кулач мүйүздүү,
Керилген кулжа аттыңыз.
Кара-Арттын куюн шамалы,
Кара-Көлдүн аралы.
Маркан-Суунун шамалы,
Муз-Көлдүн жээк аралы.
Токтомат мерген ажы ата,
Элесте калды жүзүңүз,
Белесте калды изиңиз.



Каректе калды жүзүңүз,
Кайкыда калды изиңиз.
Жашоодон кетип өзүңүз,
Жүрөктө калды сөзүңүз.
Көл жүзү тунук ай карап,
Көл жээги шибер жайкалат.
Кара-Арттан кайрып жел соксо,
Кара-Көл кээде чайпалат.
Аралда аңыр, ак куу бар,
Айланып учат ак куулар.
(Ажы ата) элесте жашап калдыңыз,
Толкунда сүзгөн ак куудай.
Жан-Айдар менен Чыны-Суу,
Дайранын терең улуусу.
Ак-Байтал менен Чыны-Суу,
Ашуунун бийик улуусу.
Ааламга чыгып атыңыз,
Ашуудан аркар аттыңыз.
Далайга кетип даңкыңыз,
Даңкайдан кулжа аттыңыз.
Белен-Кийик, Кызыл-Арт,
Билгендер сизге кызыгат.
Уй-Булак менен Кызыл-Арт,
Уккандар сизге кызыгат.
Токтомат мерген, ажы ата,
Дүрбүдөн карап кийикти,
Дөөлөттү тапкан бийиктен.
Кароолдон карап кийикти,
Кадырын туткан бийиктен.
Кайран асыл өзүңүз,
Каадалуу эле сөзүңүз.
Кайкалатып дөш бердиң,

Калкка далай гөш бердиң.
Кайкалатып сеп бердиң,
Калкка далай эт бердиң.
Эсил алтын өзүңүз,
Эптүү болгон сөзүңүз.
Ок-Салыр мазар бейиттүү,
Өткөнүңүз кейитти.
Кызыл-Арт мазар бейиттүү,
Кеткениңиз кейитти.
Кокуй-Бел ашуу, Сай-Конуш,
Кош короолуу жай конуш.
Кара-Чым, Чөбөк, Сай-Конуш,
Кара-Көл жерим жай конуш.
Мылтыгыңыз күмүштөн,
Алтындын куну бар эле.
Көңүлүндө кири жок,
Мергеним, кичипейил жан эле.
Табышмак тагдыр бул өмүр,
Талашсыз өтөр күн өмүр.
Тоолордо жашап бир мерген,
Тарыхта калды бир өмүр.
Кайчылаш жолдор бул өмүр,
Кайкыда өткөн күн өмүр.
Кайберен менен катарлаш,
Кылымга калды гүл өмүр.
Токтомат мерген, ажы ата,
Унутпайт сизди калкыбыз.
Калайык калк жалпыбыз,
Алыскы тоодо мерген деп.
Ааламда калды даңкыңыз.
Сиз үчүн дуба кылабыз,
Унутпай эстеп турабыз.



Сары-Колдон чыккан мерген деп,
Сизди санжыра дастан кылабыз.
Бейиштен болсун ордуңуз,
Жаннаттан болсун жайыңыз.
Алладан тилеп ар убак,
Сиз үчүн дуба кылабыз!!!

Тоолордо жашап бир мерген,
Тарыхта калды бир өмүр.

## ПАМИРДЕН КАТ

Кат жаздым кокту-колот салаасынан,
Кайберен түнөк тоонун арасынан.
Бийикте каркыралар кайкып учуп,
Бир караан улам узап барат улам.
Кат жаздым «Памир тоодон» сагынычтуу,
Ыр коштоп өкүнүчтүү жалынычтуу.
Баяндайм каттарымдын саптарына,
Тагдырда, таш жолдорду кайрылышты.
Эскирээк барактары саргайыңкы,
Эзилген сыялары саптарымдын.
Тамчысы көз жашымдын жашырылган,
Ыр кылып тоодо жазган каттарымдын.
Каттарда тоону жаздым, сууну жаздым,
Саптарда көлдө аппак кууну жаздым.
Караны калдайган чоң кабат-кабат,
Касиет кайберендүү тоону жаздым.
Памир-Тоо ой кыялдар алып учат,
Памирде учкун жылдыз жанып учат.
Жаңыртып жан дүйнөнү жандуу шамал,
Ободо обон болуп жаңырышат.

Катылган элеси бар кай бирөөнүн,
Катымда сүрөтү бар кайберендин.
Сырымда сүйкүмү бар кай бирөөнүн,
Ырымда сыйкыры бар кайберендин.
Чынында арманы бар кай бирөөнүн,
Ырымда калганы бар кайберендин.
Элестеп катар жаздым жаңы ырым деп,
Белесте каттар жаздым «Памирим» деп.
Өзүмдү өткөн чакка кошуп жаздым,
Кырдагы кылым доорун өмүрүм деп.
Кыр-жонду кыйып бастым бийик экен,
Кырлардын түгөй досу кийик экен.
Бийиктик соресинде билдим бир сыр,
Бийикте бийик болуу кыйын экен.
Колтугун паанектедим уя кылып,
Мөлтүрүн калемиме сыя кылып.
Кат жаздым калем кармап «ПАМИРИМ» деп,
Шуулдаган шамалына кулак түрүп.
Толгонуп ыр жазууга бел байладым,
Тоодогу ырларымды желге айдадым.
Кызыгып ыр жазууга бел байладым,
Кырдагы ырларымды желге айдадым.
Аскалар айкелдердин элесинде,
Ай аппак ак чокунун сересинде.
Алп тоолор айкелдердин элесиндей,
Ай аппак ашуу белдин сересинде.
Көлөмүм көлөкөлүү зоо боорунда,
Карааным калкалканар тоо жонунда.
Катарлаш басып барат кайберендер,
Кырлардан кыйгач өткөн оң жолунда.
Аскада ак булуттар түрмөктөлөт,
А ойлор атырылат дүрмөттөлүп.



Пенделик көр турмуштан кечем кээде,
Ырларда түбөлүккө жүрмөк болуп.
Турмуштун түйшүгүнөн тажаганда,
Калсам эх, тоо көлүндө бермет болуп.
Дил бирге тоолор менен бөлөк өзүм,
Сүрөткө тартам тоонун көлөкөсүн.
Ырооло жаратканым ырларымды,
Тоолорго тоонун бергин берекесин.
Тамыр бир тоолор менен чырмалышкан,
Сезим бар тоолор менен нурданышкан.
Кыялдар, кыялдар эх кырлардагы,
Кызыгам силерге мен ыр жазышка.
Каркыралар катар-катар миң учар,
Мен тоолорго жазган ырым угушар.
Кайтып кайра булагынан көрүшөр,
Кайберендер түнөгүнө келишер.
Кат сыяктуу менин жазган ырымды,
Кайып жандар кайрыктарын сезишер.
А адамдар алай-дүлөй,
Ыр окубай калышкан,
Жан-дүйнөсү жанбай калган алыска.
Тыйын-тыпыр издеп жүрөт баарысы,
Ырбы, тообу, аларга эми баары бир!

Бул каттарым кайып жандарга,
Кайберендер ырым угушат,
Каркыралар кайткан сапары.
Каркыралар балким угушат,
Жел шамалдын шоокум үнүнөн.

Тоолордон улап өмүр сапарымды,
Тоолордон желге айдадым каттарымды.



## ТОПОЗ МИНГЕН ЖИГИТ «АК ЖИГИТ»

*(дастан)*

Бадахшанда бар кыргыз,
Бадал ийген ар кыргыз.
Сары-Колдо бүт кыргыз,
Саадак тарткан журт кыргыз.
Топоз минген ток жигит,
Толорсугу шок жигит.
Өгүз минген өрт жигит,
Өргө чапкан төрт жигит.
Муздуу белде муң кайрык,
Мургаптан чыккан бул кайрык.
Сап кайкыда муң кайрык,
Сары-Колдон чыккан бул кайрык.
Токочтой толмоч ак жигит,
Тоодо өскөн нак жигит.



Пешенеси дөң жигит,
Көкүрөгү кең жигит.
Жулкулдашсаң жулуп тарт,
Журт жумурга тең жигит.
Тулпар минген чабандес,
Тулга очогу бар элбиз.
Күлүк минген чабандес,
Көрктүү тону бар элбиз.
Күңгөй-тескей жайгашкан,
Сай боюнда сан элбиз.
Өгүз чапсаң өйдөлө,
Ак-Жигит учкун өйдөгө.
Топоз чапсаң өйдөгө,
Ак-Жигит тоого өйдөлө.
Толтуруп туткан бармакты,
Томпоюбуз салмактуу.
Арышын керип бармакты,
Ашыгыбыз салмактуу.
Эңкелери сакадай,
Тең келери такадай.
Бөөнгө сары май салып,
Бөрүдөй болуп жайсанып.
Карынга сары май салып,
Карышкыр сындуу жайсанып.
Мылтыгыңа милте жак,
Сүмбөңө сүйрү сай салып.
Топуктуу жүргөн ток жигит,
Топоз минсе шок жигит.
Жөө жүргөндө бир жигит,
Жөн жүргөндө гүл жигит.
Ак өгүзүң кең соору,
Жайкалган кооз жаңсоору.

Көк өгүзүң кең соору,
Көркөмдүү кооз жаңсоору.
Топозунда артайыл,
Толорсугун тартайын.
Өгүзүндө артайыл,
Өңгөчүңү тартайын.
Жалы өрүлгөн чоң өгүз,
Карааны кара тоо өгүз.
Жаткызып минген төөдөй,
Чөгөрүлгөн зор өгүз.
Өгүз минген Ак Жигит,
Айтар сөзү шарт жигит.
Топоз минген Ак Жигит,
Токтобой камчы тарт жигит.
Ак мөңгүдө ак өгүз,
Ашып өтсө нак өгүз.
Көк мөңгүдө ак өгүз,
Көтөрүп өтсө нак өгүз.
Кайкы-кайкы какыр бел,
Кар турбаган такыр бел.
Өгүз баскан жол секи,
Топоз баскан сол секи.
Ак Жигит тандап жибек ал,
Ак болот кырлуу шибеге ал.
Кабыгын тандап камчы ал,
Калыңын кайрап аарчып ал.
Бурулуп барып камчы ал,
Бутагын кайрып аарчып ал.
Калкымдан чыккан баласың,
Кар муздуу жолго барасың.
Баатырдай мүнөз баласың,
Бадахшан тоого барасың.



Жайында музу кетпеген,
Жарганат учуп жетпеген.
Ашууда кары кетпеген,
Алгыр куш учуп жетпеген.
Оң-солунда көчкү муз,
Опол тоого барасың.
Ошол үркөр төрт жылдыз,
Ошол үрккөн төрт кыргыз.
Көк асманда көп жылдыз,
Көрүнбөс жерде көп кыргыз.
Ай асманда көп жылдыз,
Алыскы жерде көп кыргыз.
Тоолордун кокту салаасы,
Топоздо кыргыз баласы.
Өзөндүн кокту салаасы,
Өгүзчөн кыргыз баласы.
Көк куржуну бүктөлүү,
Кесе идиши жүктөлүү.
Ак куржуну бүктөлүү,
Аш-оокаты жүктөлүү.
Сейрек гүл өскөн ашууда,
Сен ошол кыргыз баласы.
Топоз минип чоңойгон,
Өгүз минип төрөлгөн.
Боз үйдө төрдө төрөлгөн,
Ак өгүздүү Ак Жигит.
Бийикте кыргыз баласы.
Жүгү ообой кыяда,
Жүгүрүп баскан пияда.
Аштыгы ообой кыяда,
Бүктөлбөй бүркүт канаты.

Жетилген зоодо уяда.
Ак өгүз минген Ак-Жигит,
Дал ошол кыргыз баласы.
Артайыл тартып дөш кыйбай,
Арыгын союп гөш кыйбай.
Белин тарткан бекемдеп,
Оодуруп оорун бош кылбай.
Топозду ээрчип баскан биз,
Тоолорду эркин ашкан биз.
Жоголуп кеткен мал жанды,
Кайтарып кайрып кошконбуз.
Ак топоздуу Ак Жигит,
Алдыңа талпак сал жигит.
Ак өгүздү мин жигит,
Алкынып суугa кир жигит.
Кыр-кырдан ашып өт жигит,
Кырма-кыр жашап көч жигит.
Мунарык Мургап, Муз -Чоку,
Муңайбай жашап өт жигит.
Бийикте болбой бир арман,
Бийиксиз калган күн арман.
Кыраңда кыргыз кызыл гүл,
Кызгалдак болуп буралган.
Кылычтын миздүү кыры бар,
Кырын сактаар кыны бар.
Канжардын миздүү кыры бар,
Кырын сактаар кыны бар.
Топоз минген Ак-Жигит,
Кырдагы кыргыз нак жигит.
Тоолордун сенде сыны бар,
Кыргыздын сенде сыры бар.



Кылымдын күүсү ыры бар,
Ааламдан учкан алгыр куш.
Ак калпак элдин сүрү бар.
Топоздун жону жоорубай,
Өгүздүн бели оорубай.
Өзүңдү мээнет тоорубай,
Өрт болуп күйгүн Ак Жигит.
Бадахшанда муз ашуу,
Казып өткүн Ак Жигит.
Бардык уккан сөзүмдү,
Жазып өттүм Ак Жигит.
Сары-Колдо бийик бел,
Ашып өткүн Ак Жигит.
Баардык көргөн билгенди,
Жазып өттүм Ак Жигит.
Опол-Тоонун тескейин,
Кайрып өткүн Ак Жигит.
Ошол баардык сөздөрдү,
Айтып өттүм Ак Жигит.
Ак өгүздүн көркөмүн,
Сүрөттөдүм Ак Жигит.
Ак-Байталдын ашуусун,
Билет дедим Ак Жигит.
Көк өгүздүн көркөмүн,
Сүрөттөдүм Ак Жигит.
Көчүп-конуп жүргөндү,
Билет дедим Ак Жигит.
Көк өгүздү билбеске,
Көрбөгөнгө көсөө таң.
Ак өгүздү билбеске,
Андай сөздөр айраң таң.

Топоздордун сүрөтүн,
Сүрөттөдүм Ак Жигит.
Тоодо жүргөн топ элди,
Билет дедим Ак Жигит.
Өгүздөрдүн элесин,
Сүрөттөдүм Ак Жигит.
Өйдө-төмөн жүргөндү,
Билет дедим Ак Жигит.
Тоонун аккан булагы,
Соолубасын Ак Жигит.
Тоонун пири жанында
Жолуң болсун Ак Жигит.
Топозуңдун басканы,
Арыбасын Ак Жигит.
Тоодо учкан канатың,
Талыбасын Ак Жигит.
Топозуңду алтындан,
Ноктологун Ак Жигит.
Тоонун пири дилинде,
Токтобогун Ак Жигит.
Өгүзүңдү күмүштөн,
Ноктологун Ак Жигит.
Өргө чаап өйдөлө,
Токтобогун Ак Жигит.
Бадахшан тоо аралап,
Баса бергин Ак Жигит.
Бата тилеп өзүңө,
Жаза бердим Ак Жигит.
Мунарык муз тоолорду,
Аша бергин Ак Жигит.
Мургабты ээн таштабай,
Жашай бергин Ак Жигит.



Өмүр тилеп өзүңө ыр,
Жаза бердим Ак Жигит.
Топоз минип тоолордо,
Жашай бергин Ак Жигит.

## БИЗ КЫРГЫЗ

Алыска аалам кезип чачылдык биз,
Кыр-кырда кызыл гүлдөй ачылдык биз.
Тарыхка өлбөс өчпөс из калтырып,
Таш тоого тамга болуп басылдык биз.

Сур булут тоскон кезде күнүбүздү,
Сүйдүк да жоготподук тилибизди.
«Кыргызбыз, Кыргыз биз!» – деп кыйыр жондо,
Кылымдап сактап калдык дилибизди.

Кыраңда кыргыз болуп төрөлдүк биз,
Кыйылбай кыйналсак да көбөйдүк биз.
Тагдырда тайгаланып мүдүрүлсөк,
Тоолорду жөлөк кылып жөлөндүк биз.

Асманда жанган сымал чолпон жылдыз,
Алыста ак калпакчан тоолук кыргыз.
Сапаралаш өмүр жолу кайберенге,
Кыйырга чыйыр салган ошол бизбиз.

Паанектеп Памир тоону мекендеген,
Ак калпак улуу кыргыз ошол бизбиз!

## ОЙ ТОЛГОО

Жашоону биз тапкан өңдүү көктөмдөн,
Жашадык биз чар тарабы төп келген.
Жаштык курак сүйүлчү элек сүйчү элек,
Жалын учкан чагылышкан көздөрдөн.

А өмүр не? Келчү кезек, кетер кез,
А биз пенде кезектешип кетербиз.
Күн батканда күмүш түстүү жарык нур,
Күн бүткөндө күлгө айланып өчөрбүз.

Жардан агып турган мөлтүр булактай,
Жарык чачып турган түнкү чырактай.
Бир өмүрдө бир берилген жаштык кез,
Түйшүк салып, түшкө кирдиң ынактай.

Жаштык ыры жашоого эмес таарыныч,
Өмүр, сүйүү, тагдыр жолдор сагыныч.
Ар бир адам, ар бир пенде жарыктык,
Жаштык күнүн жашап өтөр сагынып.
Улутунган улгайыңкы карыя,
Жаштык күнүн эстеп өтөт сагынып.



*Алыс сапар жол тартып баратсам,*
*Кызыл-Арттын белинен «Тойота» минген*
*жаш жигит (менден кичүү көрүнөт)*
*«кимсиң?» деп сурап калды.*

## ЖОЛДОН ЖОЛУККАН ЖИГИТКЕ ЖООП.

Ак «Тойота» минипсиң,
Айга алкынып жүрүпсүң.
Көк «Тойота» минипсиң,
Көккө алкынып жүрүпсүң.
Көңүл коюп билип ал,
Көңүлүңө түйүп ал.
Даяр туруп билип ал,
Дайыным менин угуп ал.
Памирде зоолор түркүктөй,
Пааналап конот бүркүттөр.
Жеримде тоолор түркүктөй,
Жем издеп конот бүркүттөр.
Жемелеп мени жектебе,
«Жердеш» – деп сүйлө үркүтпөй.
Алыста тоолор түркүктөй,
Айланып учат бүркүттөр.
Булутка башың жетсе да,
«Улуу» – деп сыйла үркүтпөй.
Отуз бештен өткөнмүн,
Өз жеримден кеткенмин.
Сагынып жүрүп Сары-Колду,
Санжыра жазган Өскөнмүн.
Далайын кууп кийиктин,
Дабаанын аштым бийиктин.

Сап ырга жазгам калтырып,
Сары-Кол жерим сүйүктүүм.
Алыска далай басканмын,
Ак-Байтал ашуу ашканмын.
Кыйырга далай басканмын,
Кызыл-Арт ашуу ашканмын.
Кокту-колот жүргөнмүн,
Кулжасын нечен көргөнмүн.
Сендейди көбүн көргөн мен,
Муз-Ашуу жондо мергенмин.
Муз-Көлдө куюн боз шамал,
Жат эмес мага өз шамал.
Боорумдай болуп сезилет,
Тектир, тоо, түзөң, бөксөлөр.
Жаздыкты далай мушталап,
Балалык кыял куш канат.
Бар-жокту билбей чоңойдук,
Бактылуу болуп туш тарап.
Талпынып учкан уянын,
Таасирин билип туямын.
Турмушта эч бир көрбөдүм,
Таш тоолуу жердин зыянын.
Дөмөргө барып чөп чаптым,
Дөңсөөгө күлүк ат чаптым.
Шиберге далай чөп чаптым,
Суу бойлоп далай ат чаптым.
Тагдырда кээде жыгылдым,
Такымдап туруп жүгүрдүм.
Жашоодо далай жыгылдым,
Жамбаштап туруп жүгүрдүм.
Улоого далай туз арттым,
Учугун байлап түз арттым.



Сапарда далай жүк арттым,
Салмагын бөлүп тең арттым.
Санаамда сактап сыр кылдым,
Сары-Колум жазып ыр кылдым.
Жашылдан жибек түр кылдым,
Жеримди жазып ыр кылдым.
Күн табына кактандым,
Күн сайын айтып мактандым.
Аптабына кактандым,
Ай сайын жазып мактандым.
Талыкпай жасап көп эмгек,
Түзөлүп бир аз тапталдым.
Ой-кырын билген талаанын,
Орто бой кыргыз баламын.
Тагдырдын жолу – татаал жол,
Талыкпай шилтейм кадамым.
Кат кылып айтып салемим,
Жат кылып жазып дарегин.
Турмуштун жолу ак-кара,
Таштабай жүрөм калемим.
Кырлардын салкын шамалы,
Саамай чачым сылаган.
Кызыккан элдер көп келип,
Элимдин жөнүн сураган.
Тоолордун салкын шамалы,
Толкутуп чачым сылаган.
Топ элден келип кайрылып,
Жеримдин жайын сураган.
Айланып ашуу оң бастым,
Алыска сапар жол бастым.
Аруулук жолго үндөгөн,
Ак тоолор менин кол башчым.

Өткөндүн кууп издерин,
Өзүмдү уруп издендим.
Жашоонун кууп издерин,
Жанымды уруп издендим.
Мурастап ата-салтымды,
Мурас деп бир ууч калкымды.
Сыялап көрктүү ыр жаздым.
Жарыя кылып жалпыңды,
Сары-Кол кыргыз калкымды.
Дабаанда калган көлдү айттым,
Далдоодо калган төрдү айттым.
Дүйнөнүн бийик чокусу,
Кайберен түнөк жерди айттым.
Эзелтен тарых калган миң,
Элимден бата алганмын.
Кылымдап тарых калган миң,
Калкымдан бата алганмын.
Күмүштөн боолуу калемим,
Калкыма урмат саламым.
Жибектен боолуу калемим,
Жалпыга урмат саламым.
Өчөрмүн жанып өмүрдө,
Өтөрмүн жазып элим деп.
Ар дайым арман түгөнбөс,
Алыстан кеткем жеримден.

Дарегим менин билип ал:
Караанын кууган кийиктин,
Дабаанын ашкан бийиктин.
Кайкылуу сапта мергенмин,
Санжыра салттуу элденмин.



## МЕН ТООЛОРГО БАРА АЛБАЙМ

Кум учурган кара тоонун шамалы,
Кусалыкпы же сагынуу санаабы?
Өркөчтөнүп өздүк өмүр жолум да,
Карп-күрп уруп кайберенге барабы.

Жок-жок, барбай калдым, бара албайм,
Кайберендүү караан тоого жай албайм.
Тоолор мени топурум деп сүйгөндө,
Топук кылбай менин жаным жай алган.

Жылынымыш болгон менен калп эле,
Жалын отум желдеп өчкөн жалп эле.
Жөлөгүм деп тоолор мени сүйгөндө,
Жөндүү көрбөй жөнөп кеткем шарт эле.

Жок-жок, барбай калдым бара албайм,
Кайберендүү кара тоого жай албайм.
Тоолор мени «топурум» – деп сүйгөндө,
Топук кылбай менин жаным жай алган.

Сыймыктанам тоолукмун деймь, тоолукмун,
Мен жашоодо чын аларга жолуктум.
Тоолор мени «кубатым» – деп сүйгөндө,
Мен ыраактап кубат албай соолупмун.

Жок-жок барбай калдым бара албайм,
Мен силерден алыс жаным жай алган.
Барым ошол – бал-бал жанып турганым,
Жогум ошол – үрүл-бүрүл өчкөнүм.

## САРЫ-КОЛДОН ЧЫККАН ЧЫГААН ИНСАН ЧОКОЕВ АБДИКАРИМ АГАБЫЗГА

*(Ашууда дуба кылдым жаркын элесиңизге).*

Тоо кыйырда жоголдук да табылдык,
Тээ кылымда жандык, өчтүк чагылдык.
Жылгаларда көчүп кондук жыл санап,
Жылдар жылды, биз да суудай агылдык.

Барскан уруп, казык каксак таш качкан,
Жоктур жолдо жону оорубай аз баскан.
Жарты өмүрдү тоо койнунда калтырдык,
Жарды өмүрдү күндөлүккө жазбастан.

Кезип өтүп кылым доор өткөөлүн,
Сезип өзүм кырдан кыйыр өткөнүм.
Барым ошол – бал-бал жанып турганым,
Жогум ошол – үрүл-бүрүл өчкөнүм.

## ҮРКӨР, ҮРКӨР ҮЧ ЖЫЛДЫЗ

Сары-Колдун зоосунан ,
Тектирлүү чоку тоосунан.
Тегерек мүйүз ийилген ,
Теке качты боой-бой.

Кум жылганын белинен,
Күнгөй беттин төрүнөн.
Кулач мүйүз керилген,
Кулжа качты боой-бой.



Кең-Булуңда бурумдан,
Көк-жашыл көл иримден.
Суу боюнан суйкайган,
Суусар качты боой-бой.

Кой шыбак от чөп өскөн,
Кош-Коргон жол белестен.
Кокту тарап күнөстөн,
Коён качты боой-бой.

Өйдө ылдый жылгадан,
Өлүмтүк жеп тынбаган.
Кулагын бек куушуруп,
Түлкү качты боой-бой.

Үркүп шамал-булуттан,
Бүркүт уя туруктан.
Кайкы белес бел ашып,
Кайберен качты боой-бой.
Карабай кайра артына,
Кайберен качты боой-бой

## КУДАЙБЕРГЕН-БАЙ АЖЫ

Илгери өткөн заманда, Сары-Кол өрөөнүндөгү (Чыгыш Памир) Ыраң-Көл айылында, атагы алыска кеткен Кудайберген бай ажы деген, элге-журтка кадырлуу бай өткөн экен.

Ошол Кудайберген бай ажынын ай-чырайлуу кызы Апийда, (экөөнөн Рахманкул хан төрөлгөн) Жапаркул миң башыга турмушка чыгып ошондо Сары-Кол өрөөнүндө чоң той болгон экен.( Апийда Темир бийдин

Разия аттуу кызынын кызы болгон) Ошол чоң тойдо төгөрөктүн төрт бурчунан – Гиссардан, Бухардан, Кашкардан, Алайдан, Бадахшандан жана башка көптөгөн элдерден коноктор келип, үч күн, үч түн конок болуп, ат жарыш, улак- тартыш, ордо атмай жана башка түрдүү оюндар болгон экен. Ошол тойдо Ак-Эшан аттуу чоң олуя келип, суу жок жерде (Ыраң-Көлдө) чоң той болуп, кызматчылар кудуктан суу ташып кыйналып түйшүк тартып жатканын көрүп, Кудайдан тилек кылып алакан жайганда кадимкидей сай менен толтура суу келип, той бүткөнчө токтобой агып турган экен. Ошол чоң тойдо ат жарыш болуп, Кудайберген бай ажынын өзүнүн Чайсары деген аты озуп келген экен, экинчи болуп Кытайдан келген Ташкөк деген күлүк озуп, ал эми үчүнчү болуп, кайра эле Кудайберген байдын Миңдилде деген күлүгү озуп келген экен (Миңдилденин күүсү да эл арасында чертилип калган).

Жапаркул миң башы Кудайберген байга Ак Падышанын кадырлуу офицерлерин ортого салып (жуучулукка) Апийдани жубай кылып алган деген да сөздөр бар.

Ошол мезгилде Сары-Кол өрөөнүндө Николай Падышанын аскерлери болгон экен.

## ТОЙ

Кудайберген – бай ажы,
Кашкарга жеткен кабары.
Кудайберген – бай ажы,
Алыска кеткен атагы.
Даңкы чыккан далайга,
Кабары жеткен Алайга.



Гиссар, Кашкар, Жаркенттен,
Самарканд, Бухар, Ташкенттен.
Көптөр билип тааныган,
Кудайберген – бай ажы.
Амандашып катташып,
Билишкен көптөр жакындан.
Сары-Колдун жалаң кум-ташы,
Сары алтын бийик бел ашуу.
Коктулуу салаа жылгасы,
Кийиктер жүргөн тоо-ташы.
Кудайберген – бай ажы,
Сары алтындан зер кылып.
Ак күмүштөн тең кылып.
Кыз узатып эл күтүп.
Үч күн, үч түн салт кармап,
Каадалуу нарктуу той кылып.
Алыстан келген конокко,
Кой союп этин тарттырып.
Ат чаптырып алыстан,
Алтын берип гарыштап.
Күлүк сынап алыстан,
Күмүш берип гарыштап.
Кулактуу жамбы байлатып,
Күлүктөрдү айлантып.
Тай туяк алтын байлатып,
Тай жоргону айлантып.
Сары-Колдун тегиз талаасы,
Сары алтын байге арттырып.
Сап күлүктү чаптырып.
Канатыны гүл кылып,
Катар-катар үй тигип.

Түндүгүнү гүл кылып,
Түрлөп жасап үй тигип.
Жалпыга болгон эл башы,
Жапаркул датка миң башы.
Жалпы элге болгон эл башы,
Жапаркул мырза эл башы.
Күнчүлүк жерде эл башы,
Күйөө бала миң башы.
Барча гүл өскөн какырга,
Бай ажы кызы Апийда.
Топ гүлдөр өскөн какырга,
Той түшкөн сулуу Апийда.
Темирдин болот сырт жагы,
Темир бийдин урпагы.
Темирдин асыл сырт жагы,
Темир бийдин урпагы.
Тойдун тойдой шааниси,
Той-топурдун мааниси.
Ак падыша орустан,
Ак олпоктуу аскери.
Тойго конок келиптир,
Кайрып аркан тартышкан.
Кашкар менен Артыштан,
Тойго конок келиптир.
Ак-Мечит, Ноокен, Сабайдан
Ат айлантып далайдан.
Аргымак минип Алайдан,
Төгөрөгү төрт бурчтан.
Төө минип, ат минип,
Жапаркулдун тоюна.
Көптөр тойго келиптир,
Камчы тийсе жайсанып.



Жарышка түшкөн Чайсары,
Баштаганда жайсанып.
Байгеге түшкөн Чайсары,
Бай ажынын күлүгү.
Билгендер айткан сыныны,
Күүлөнүп учкан жайсанып.
Күүгө түшкөн Чайсары,
Көргөндөр айткан сырыны.
Кыйырдан озгон башка көп,
Кытайдан келген Ташкөк ат.
Айланып озгон башка көп,
Алыстан келген Ташкөк ат.
Суутса тери кургайт дейт,
Суусабай узак чуркайт дейт.
Шумкардай болуп учат дейт,
Тулпардай болуп сызат дейт.
Атактуу күлүк Миңдилде,
Ыр болуп калган бул күндө.
Күлүктүн өзү миң дилде,
Күү болуп калган бул күндө.
Бай ажынын аттары,
Баш бузбай келген катары.
Бай ажынын аттары,
Байге алып келген катары.
Дүңгүрөгөн чоң тойдо,
Зобололуу зор тойдо.
Айланып алыс жерден дейт,
Ак-Эшан келип алыстан,
Ак Батасын берген дейт.
Ашуу ашып белден дейт,
Алыскы улуу элден дейт.

Ат арытып жол жүрүп,
Атайын мында келген дейт.
Алакан жайып «оомийин» деп,
Ак батасын берген дейт.
Көз ирмебей ойгоо дейт,
Алакан жайып койгон дейт.
Кудайдан тилеп суранып,
Ыраң-Көлдүн жеринде.
Үч күн, үч түн токтобой,
Суу агызып койгон дейт.
Кереметин көргөндөр,
Жакаларын кармаптыр.
Жанына жакын барбаптыр,
Кудай деп тобо кылышып.
Ак-Эшанга ак уруп,
Калайык калк калың журт.
Алкыш сөзүн арнаптыр,
Сааты жетип ай толуп.
Санжыра калган айтылып,
Убакыт жетип ай толуп.
Уламыш калган айтылып,
Ак-Эшандин санаты.
Сары-Колдо калган айтылып.
Ыраң-Көлдүн боюнда,
Жапаркулдун тоюнда.
Кереметин көрсөтүп,
Суу агызган сай кылып.
Ак-Эшан калган айтылып,
Санжыра калды ыр калды.
Сан жылдар канча ырдалды,
Өткөн күн кетти ыр калды.



Өткөндөр нечен ырдалды,
Бек хандар жүргөн бийик бар.
Белесте калды кийиктер,
Даткалар жүргөн бийик жер.
Дабаанда калды кийиктер,
Улуулук сөздү сүйлөгөн,
Улуулар өткөн дүйнөдөн.
Аруулук сөздү сүйлөгөн,
Аалымдар өткөн дүйнөдөн.
Тасмасын түрүп тарыхтын,
Таамайын ачкан анык чын.
Санатын билип тарыхтын,
Санжыра айткан анык чын.
Алакан жайып ар убак,
Бата кылып жүрөлү.
Батасын берген Ак-Эшан,
Касиеттүү элденбиз,
Кайберен түнөк жерденбиз.
Кудайым сүйгөн элденбиз,
Кулжалуу түнөк жерденбиз.
Минерге тулпар бакканбыз,
Миңдилде күлүк чапканбыз.
Талпынган күлүк бакканбыз,
Ташкөктөй күлүк чапканбыз.
Чачыла чачып тергенбиз,
Чайкөктү чаап келгенбиз.
Алакан жайган олуялар,
Ак калпак кыргыз элденбиз.
Ак мөңгүлүү тоолордо,
Ак калпак кыргыз элденбиз.

## БИРӨӨЛӨР

Бирөөлөр калың топту сүрөп жүрөт,
Бирөөлөр калк катмарын жиреп жүрөт.
Бирөөлөр үч кабаттуу үй салышса,
Бирөөлөр таштандыда түнөп жүрөт.
Бирөөлөр акча, тачка, пачка жүрөт,
Бирөөлөр кара курсак ачка жүрөт.
Бирөөлөр алаң-булаң, ала көөдөн,
Бирөөлөр жан айласын таппай жүрөт.
Бирөөлөр дүнүйөгө тойбой жүрөт,
Бирөөлөр жоругун койбой жүрөт.
Жамандан алган жарты адатын,
Бирөөлөр эрки жетип жойбой жүрөт.
Бирөөлөр кызыгышат мандат амал,
Амалың шамал болсо учкан саман.
Жашоодо мансап бийлик колдун кири,
Бул нерсе көпкө келип көптөн калган.
Бирөөлөр депутатты агалашат,
Бирөөлөр кандидатты сагалашат.
Бирөөлөр билип-билбей саясатты,
Калп эле калк үчүн деп аралашат.
Бирөөлөр кара жанды уруп жүрөт,
Ак иштеп келечегин куруп жүрөт.
Бирөөлөр ак эмгектен бала багып,
Көңүлү жаркып күндөй күлүп жүрөт.
Бирөөнүн ала турган айлыгы жок,
Бирөөнүн курсагы ток байлыгы жок.
Бирөөлөр калп каткырып, куру намыс,
Кубарган жүзүн сүрткөн майлыгы жок.
Бирөөлөр билип-билбей сүйлөп жүрөт,
Бир-бирин билбесе да сүйрөп жүрөт.



Бирөөлөр билинсе да бир иштери,
Билгизбей бирөөлөрдү пүйлөп (үйлөп) жүрөт.
Бирөөлөр чын дилинен элди ойлошот,
Бирөөлөр чын жүрөктөн жерди ойлошот.
Бирөөлөр акыреттин камын көрүп,
Билгендер бара турган жерди ойлошот.
Түбөлүк жата турган көрдү ойлошот,
Бирөөлөр алаң-булаң шашып жүрөт,
Бирөөлөр өйдө-төмөн басып жүрөт.
Бирөөлөр бирөө үчүн жанып жүрөт,
Бирөөлөр бирөөлөргө барып жүрөт.
Бирөөлөр бирөө үчүн күйүп жүрөт,
Бирөөлөр бирөөлөрдү сүйүп жүрөт.
Бирөөлөр чындап муктаж болуп жүрөт,
Бирөөнүн карды эптеп тоюп жүрөт.
Бирөөлөр зарыл болуп акча алышып,
Бере албай турмуш кыстап качып жүрөт.
Бирөөлөр жели чыгып пастап жүрөт,
Бирөөлөр акчасы көп мастап жүрөт.
Бирөөлөр кече турган кечүү таппай,
Бирөөлөр ичер суу жок ташып жүрөт.
Бирөөнүн жаны эч бир тынбай жүрөт,
Бирөөнү бирөө аңдып сындап жүрөт.
Бирөөнү бирөө канча сындаса да,
Колунан келбей өзү кылбай жүрөт.
Бирөөгө ыраа көрүп бербей жүрөт,
Бир өзүм кылсам баарын деген менен,
Кээ бирөө иштин көзүн билбей жүрөт,
Бирөөлөр жакшыны да жаман кылат.
Бирөөлөр кылган ишин амал кылат,
Бирөөлөр жарылам деп жарыла албай,

Бирөөлөр сабыр сактап араң турат.
Бирөөлөр умтулушат утамын деп,
Бирөөлөр жулкунушат жутамын деп.
Бирөөлөр билип билбей чепендешет,
Бирөөгө кыйын болуп тытамын деп.
Бирөөлөр каткырышып мактанышат,
Бирөөлөр каргага окшоп тарп аңдышат.
Бирөөлөр өз башында билгени жок,
Бирөөнүн буйругун аткарышат.
Бирөөлөр өз адамын мактайын дейт,
Бирөөлөр өз адамын сактайын дейт.
Бирөөлөр бирөөлөргө жалган айтып,
Сендейди эч убакта таппаймын дейт.
Бирөөлөр кымбат унаа минип жүрөт,
Бирөөлөр билгизбестен күлүп жүрөт.
Бирөөлөр бирөөлөрдүн артын чукуп,
Билгизбей бет келгенде күлүп жүрөт.
Бирөөлөр бирөөлөрдөн качып жүрөт,
Бирөөлөр бирөөлөрдү ташып жүрөт.
Бирөөлөр талыкбастан иштеп жүрөт,
Тапканын тамшандырып тиштеп жүрөт.
Бирөөлөр ичип кеткен үй-жайы жок,
Селсаяк атка конуп биттеп жүрөт.
Бирөөлөр Москвага жетпей жүрөт,
Бирөөлөр кубаласа кетпей жүрөт.
Бирөөлөр бир кездеги бир күндөрүн,
Унутпай түбөлүккө эстеп жүрөт.
Бирөөлөр эртеңкисин бүгүн кылат,
Бирөөлөр тапканына шүгүр кылат.
Бирөөлөр жети тыйын берип алса,
Бергин деп күндө сурап кыйынсынат.



Бирөөлөр Аллах үчүн кызмат кылат,
Ар жанды ак дилинен урмат кылат.
Тең көрүп улуу-кичүү баарысын,
Мусулман бир тууган деп ызаат кылат.
Бирөөлөргө бирөөлөр таарынышат,
Бирөөлөрдү бирөөлөр сагынышат.

## ӨМҮР ДАСТАН

Ак чокулуу мөңгүдө,
Ак кулжасы оттогон.
Жаштык кез болот турбайбы,
Чагылган отту тоотпогон.
Кыраңда кызыл гүл өсөт,
Кырларда гүлдүн түрү өсөт.
Түбөлүк дайым жаш бойдон,
Картайбас болуп ким өтөт.
Өмүр бул жашоо-кемеби,
Жел урса сызып желеби?
Кайрылбай кетсе каран күн,
Кармалбай турган немеби?
Ар дайым турбайт байланып,
Алгыр куш учат айланып.
Зымырап өткөн өмүр күн,
Элесин көрөм дайранын.
Адамзат күлүк жоргосуң,
Ардайым сапар жолдосуң.
Артыңдан калбай ээрчиген,
Көлөкөң болот жолдошуң.
Күлүгүң чуркап турганда,
Күнчүлүк жерден дос келет.

Тулпарың озуп турганда,
Тууганың сурап кош келет.
Ооматың тайса оожалып,
Оолактап баары качышат.
Оомал-төкмөл дүйнө ушул,
Артындан аңдып басышат.
Ар адамдын башына,
Жакшы-жаман күн келет.
Бай өлсө баары жүгүрөт,
Кембагал өлсө ким келет.
Кембагал өлсө күн бүтүп,
Бай-кедей деп бөлбөгөн,
Калдайган калыс эл келет.
Каадасын кылып кадырлап,
Топурак салып эл көмөт.
Эл менен адам бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң.
Өтүп кеткен адамдын,
Тирүүндө кылса эмнени.
Өчүрбөй атын эч качан,
Түбөлүк калар эмгеги.
Ат үстүндө ар дайым,
Атак-даңкка бөлөнүп,
Кимдер өткөн дүйнөдөн.
Амалдуу болуп чиренип,
Асманды тиктеп тирелип,
Кимдер өткөн дүйнөдөн.
Амалы кетсе алайып,
Ишинен калса ийрейип,
Көптөр өткөн дүйнөдөн.
Нечен-нечен падыша,
Хандар өткөн дүйнөдөн.



Түбөлүк кармап калмай жок,
Күндөр өткөн дүйнөдөн.
Келип-кеткен биридир,
Байлык колдун киридир.
Өтүп кеткен биридир,
Бийлик колдун киридир.
Байлыгыңа тирелбе,
Бийлигиңе чиренбе.
Оопасыз бул шум дүйнө,
Оомал-төкмөл бул дүйнө.
Жалындап күйүп жанып өт,
Калыстын баасын алып өт.
Жүрөгүң согуп турганда,
Жалпыга кызмат кылып өт.
Кадырлуу элиң турганда,
Калкыңа кызмат кылып өт.
Адашат адам мүрдүгөт,
Кербенди ээрчий ит үрөт.
Акылы бийик инсандар,
Баарысын байкап түшүнөт.
Өмүр бул келген бир белек,
Өзүңдөн кетсе ким берет.
Тирүүлүк дүйнө бир белек,
Суурулуп кетсе ким берет.
Талым-талым дей бербе,
Тал кудайдын чырпыгы.
Тамым-тамым дей бербе,
Там кудайдын чырпыгы.
Малым-малым дей бербе,
Мал кудайдын чымчыгы.
Пулум-пулум дей бербе,
Бул Кудайдын буйругу.

Жарышта озсо карагер,
Жарыгың өчсө кара гөр.
Атагың чыкса карагер,
Алтын баш кетсе кара гөр.
Өмүрдө күндөй тийип өт,
Өмүрдүн гүлүн сүйүп өт.
Өлчөнүп берген аз күндө,
Өксүбөй жарык күлүп өт.
Кыр-кырдын башын кырлап өт,
«Кыз-Жибек» ырын ырдап өт.
Кылчайсаң келбейт гүл өмүр,
Кырчындай кезде жыргап өт.
Бетеге бетти кырлап өт,
«Бекбекей» ырын ырдап өт.
Бек хандар өткөн дүйнөдөн,
Бир келер өмүр жыргап өт.

Кырнактын кырын кырлап өт,
«Кыз-Жибек» ырын ырдап өт.

## ЧОЛОК

Сунулуп жете албаган колум чолок,
Суурулуп кете албаган оюм чолок.
Тепшидей тешиктери бүтөлбөгөн,
Жомоктой жоругу көп жолум чолок.

Үңкүйгөн үлүрөйгөн көзүм чолок,
Үмүтсүз үлбүрөгөн өзүм чолок.
Артынан бирөөлөрдү сындап айткан,
Ашмалтай арзан, бекер сөзүм чолок.



Бөрүдөй улуп-уңшуп ырым чолок,
Жорудай жайдак соору сыным чолок.
Желмогуз жартысынан жалмагансып,
Жалмаңдап турган менен шымым чолок.

Көйкөлүп кийгенимдин теңи чолок,
Көк гүлдүү көйнөгүмдүн жеңи чолок.
Көйрөң – мен жан дүйнөсү жарыбаган,
Сезимдер аксап турат өзү чолок.
Көйрөң – мен жан дүйнөдө жарыгы аз,
Сезимдер аксап жүрөт өзү чолок.

## АЙТУНУК

Ырымдын аты Айтунук,
Түбөлүк калсын айтылып.
Шашылбай кулак салыңыз,
Көңүлдү бир аз жай кылып .
Сары-Кол менен Алайдан,
Сулуулар өткөн далай жан.
Кара-Көл менен Алайдан,
Селкилер чыккан далай жан.
Кашкардын кымбат шурусу,
Айтунук кыздын сулуусу.
Асылзат каухар турушу,
Аркардай баскан жүрүшү.
Айтунук деп атадым,
Сары-Колдо сулуу келин кыз.
Журтташ болсун уулуңуз,
Жуучу түшүп келиңиз.
Сары-Колдо кыздар Айтунук,
Илгертен калган айтылып.

Алсаңыз келин биз жактан,
Кант кошуп берет чай кылып.
Пышарттын узак жылгасы,
Паанада очок тулгасы.
Айтунук болор жарашык,
Жанашып турса сырдашы.
Сарездин көлү мелтирейт,
Айтунук сулуу мөлтүрөйт.
Айланып учса ак-куулар,
Таажысы көккө желбирейт.
Элимден асыл төп чыккан,
Жеримден сулуу көп чыккан.
Мамыры бетте буркурап,
Ак-Ташты жарып чөп чыккан.
Булбулдай куштар сайрачу,
Сары-Колдун агат дайрасы.
Айтунукка жете албай,
Айланып алыс бара албай
Жигиттин кетер айласы.
Ак-Зоонун бийик тоолору,
Агарып турат зоолору.
Күмүштөн төөнөч кадаган,
Күзгүгө жүзүн караган.
Алтындан төөнөч кадаган,
Айнектен жүзүн караган.
Сары-Колдон чыккан сулуулар,
Чебер болот колдору.
Керилип басат тоолорду,
Кештелеп согот боолорду.
Ойлонуп басат тоолорду,
Оймолоп согот боолорду.



Чачыкка гүлдөн түр салат,
Кийизге сабап жүн салат.
Жоолукка гүлдөн өң салат,
Таарга терип түр салат.
Чеш-Төбө суусу кайнаган,
Чекенди кырда жайнаган.
Ылысуу булак кайнаган,
Ышкыны бетте жайнаган.
Аркарлар качат бурумдан,
Айтунук тоодо сулуулар.
Кулажалар качат бурумдан,
Күлмүңдөйт тоодо сулуулар.
Сары-Колдук келин-кыздарды,
Айтунук деп атадым.
Аскалуу тоодо кызыл гүл,
Кызыгын көргүн кызылдын.
Шиберлүү секи жашыл бүр,
Жашоонун көргүн кызыгын.
Алтындан аттын жүгөнү,
Айтунук айдын түгөйү.
Ак күмүш аттын жүгөнү,
Айтунук күндүн түгөйү.
Кара көз сулуу карагат,
Ак-Суунун суусу шар агат.
Айтунук жандар ай өңдүү,
Алыскы бизде жаралат.
Кара көз сулуу карагат,
Мургаптын суусу шар агат.
Ак-Байтал ашкан бийикте,
Ал жандар бизде жаралат.
Бийиктеп жылдыз сересин,

Бир жактан жыргал сезесиң.
Бир жолу келсең айланып,
Айтунук кызды көрөсүң.
Бийиктеп күндүн сересин,
Биз жактан эргүү сезесиң.
Бир келип кетсең айланып,
Айтунук кызды көрөсүң.
Айланып келсең айылга,
Айтунук кызды көрөсүң.
Бир келип кетсең биз жакка,
Күн жүздүү кызды көрөсүң!!!

## ШАМАЛ – ШООРАТ

Шамалдан шоорат, шыбыш, эпкин келип,
Баягы кезге кайра кетким келип.
Баягы жерде турам эс-мас кыял,
Буулугуп сур булуттай төккүм келип.

Баягы, баягылар, баягычы,
Өткөндүн барбы өзү аяк-учу.
Куш сымал жакын барып уясына,
Жан-дүйнөм келип турат жай алгысы.

Убакыт эртеңкиге утулууда,
Учур чак улам-улам умтулууда.
Келер чак кетип жатат шашып-бушуп,
Кезегин берип кайра кутулууга.

Баягы, баягылар, баягычы,
Өткөндүн барбы өзү аяк-учу?



## БАЯГЫ

Мен баягы баягымын,
Тону чоң, чокою тоң.
Баягы эле боз аттуу
илең-салаң,
Камчы салбас карагер кашаңы бар.
Жортоор-жортпос чуркаган араң-араң.
Мен баягы баягымын,
Артынганы болоор болбос.
Колдогусу көңүлгө толоор толбос,
Ай ушу сен, жөн жүрчү дегенсишкен,
Эстүүсү бар ичинде жоро-жолдош,
Мен баягы баягымын,
Жугаар-жукпас калеми бар.
Зерикенге чер жазар кереги бар,
Белеги жок болсо да жарытарлык.
Төрт сап ырдан кураган берери бар.
Мен баягы баягымын,
Төрт сап ырдан бирдемке берери бар.

## ДЕДИМ

Чалкып жаткан көлдөрдү деңиз дедим,
Кыялымда толкунду тегиздедим.
Ырдаганда жан дүйнөм толуп-ташып,
Муңайганда кусадан ый издедим.

Татаал турмуш тагдырда жол издедим,
Ашуу-белде ай карап жок издедим.
Санап өткөн күндөрдүн арасында,
Элеси бар сүйкүмдүү периштенин.

Ай чапчыган асканы бийик дедим,
Аккан тунук булакты ыйык дедим.
Кыялыма күмүштөн канат байлап,
Көтөрүлүп булутка бийиктедим.

Көк ирим көл дайранын терең жери,
Көлкүп аксам көңүлдө кебелбедим.
Бир кезиксем гүл ачкан жоогазынга,
Бир кайрылып кайрадан келем дедим.

Жылт-жулт эткен жылдыздарды санайм дедим,
Көлөкөмдү эңилип карайм дедим.
Бубак баскан буурул ак чачтарымды,
Булут сүртүп жашартып тарайм дедим.

Шамал коштой көкөлөп учам дедим,
Шаңшып куштай бийикте сызам дедим.
Капалансам кусалуу обон салып,
Кубанганда жакшы ыр жазам дедим.

Татаал турмуш тагдырда жол издедим!
Ашуу-белде ай карап жок издедим!

## БИЗ – ТООЛУКТАР

Үркүтпөй кайберенди бийик белде,
Бүркүттөй уя салдык бийиктерге.
Тоолордо тоңгон муздун даамын татып,
Түнөктөш жолдош болдук кийиктерге.

Жылгада жылжып аккан булак көрдүк,
Жылдарды кылымдарга улап келдик.



Тарыхка из калтырып тоо аралап,
Тагдырга моюн сунуп чыдап көндүк.

Чокуда ай-жылдыздай жарык жанып,
Чогуу биз чагылыштык жарыктанып.
Күнөстө күн жүзүбүз кара-тору,
Тоодойбуз тоо деминен азыктанып.
Күнөстө күн жүзүбүз кара-тору,
Тоодой биз тоо суусунан азыктандык.

## РАХМАНКУЛ ХАН АТА

Төрт кулактуу казаным,
Төрдө айткан казалым.
Кош кулактуу казаным,
Короодо айткан казалым.
Тоолуу жердин бийиги,
Топтошуп жүрөт кийиги.
Кош өрүм чылбыр арканы,
Короолоп жүрөт аркары.
Өзөгүндөй тамырдын,
Өзгөчөсү Памирдин.
Рахманкул – Хан ата,
Мазарыңа жыгылып,
Дуба кылдым жүгүнүп.
Жалгыз союш алпарып,
Жаратканга жалбарып,
Куран окуйм багыштап.
Көп арпанын ичинде,
Жалгыз буудай өзүңүз.
Көп күлүктүн ичинде,
Жалгыз буудан өзүңүз.

Көпчүлүктүн ичинде,
Акылманы өзүңүз.
Оймолуу болгон камчыңыз,
Олуттуу болгон салтыбыз.
Кештелүү болгон камчыңыз,
Кадырлуу болгон салтыбыз.
Суусардан болгон бөркүңүз,
Сындуу бир келген көркүңүз.
Кундуздан болгон бөркүңүз,
Купуя сырдуу көркүңүз.
Олуттуу болгон оюңуз,
Орточо болгон боюңуз.
Терең болгон оюңуз,
Тепкедей болгон боюңуз.
Рахманкул – Хан ата,
Аскалуу тоонун шумкары,
Ай тийген жердин тулпары.
Күнөстүү тоонун тулпары,
Кийиктүү тоонун шумкары.
Ак кулжанын туругу,
Ак чепкендин шырыгы.
Дүйнөдөн нечен хан өткөн,
Тарыхта хансыз чыныгы.
Аптаптуу ысык саратан,
Хан боло албайт ар адам.
Бийикте ысык саратан,
Бек боло албайт ар адам.
Сунулуп кылыч турганда,
Тагдырлар жолду бууганда.
Кайратын күчүн жоготпой,
Хан болуп турган хан атам.



Керегин атка өңөргөн,
Кереге жайып имерген.
Жарагын атка өңөргөн,
Жабуусун жайып имерген.
Төөгө арткан баштыгын,
Топозго арткан аштыгын.
Өгүзгө арткан баштыгын,
Оогандан алган аштыгын.
Күлүккө арткан баштыгын,
Кабулдан алган аштыгын.
Тапканын тегиз тараткан,
Кыбылага төрүн караткан.
Улуу журтка баш кылып,
Кудайым сизди жараткан.
Кош миздүү күмүш бычагың,
Конокко ачык кучагың.
Меймандос болгон журтуңуз,
Келгенге ачып кучагын.
Булактын мөлтүр тунугу,
Улуунун болуп улугу.
Кырларда кылым өтсө да,
Ханы сиз журттун чыныгы.
Оймолуу күмүш үзөңгү,
Ойлонуп баскан түзөңдү.
Отуруп карап байкаган,
Ойуну билип жүз өңдү.
Он сап ыр жазып санжыра,
Капшыра кармап тиземди.
Сарыкол, Памир, Нургабым,
Бек хандар өткөн мурдагы.
Комдонуп турган бүркүттөр,
Табына келип туурдагы.

Желбегей чепкен жамынган,
Күмүштөн кемер тагынган.
Таруудай болуп тозудук,
Хан ата, биз, элиң сагынган.
Пиязы чепкен жамынган,
Алтындан кемер тагынган.
Туш-тушка кетип чачылдык,
Хан ата, биз, журтуң сагынган.
Сүмбөңдүн учу сары эле,
Сөзүндө таасир бар эле.
Көөкөрүң чети сары эле,
Кебинде таасир бар эле.
Өзүңдөй болуп акылман,
Журт баштай албайт баары эле.
Түндүктөн түшкөн ай көрктүү,
Түрүлгөн дайра сай көрктүү.
Короо-короо жылгада,
Жайылып жүрсө мал көрктүү.
Салмактуу болуп табылгаң,
Салам айткан Кабулдан.
Дөөлөттүү болуп табылгаң,
Дуба айттырган Кабулдан.
Ыйык жердин уулу деп,
Бийик жердин беги деп.
Баатырлардын шери деп,
Акылманы элдин деп.
Коргоочусу жердин деп,
Бүткүл дүйнө тааныган.
Кабулга барса коркпогон,
Кашкарга барса жортпогон.
Мазарлуу жерден кыя өтпөй,



Маани берип токтогон.
Өчүрбөгөн авазын,
Таштабаган намазын.
Салт-санаасын сактаган,
Жолунда ата-бабанын.
Калыс сөзүн кармаган,
Каадасыз жерге барбаган.
Бийикте тоонун бүркүтү,
Хан ата, сиздей барбы адам.
Суу акпай соолуп сай курук,
Кейидик сизден айрылып.
Кылымда сиздей келеби,
Даанышман бизге кайрылып.
Тумандуу тоолор Андемин,
Тагдырлар татаал кантемин.
Шамалдуу тоолор Андемин,
Шартыбыз катаал кантемин.
Мекенди таштап көчпөйбүз,
Мелүүн бул жерден кетпейбиз.
Канча жыл мезгил өтсө да,
Хан ата, сизди эстейбиз.
Шамалдуу жерден көчпөйбүз,
Шаарга алыс кетпейбиз.
Шарият жолун кармаган,
Хан ата, сизди эстейбиз.
Тумандуу тоолор Андемин,
Тагдырлар татаал кантебиз.
Шамалдуу тоолор Андемин,
Шартыбыз катаал кантебиз.

## ТУРМУШ КӨЧҮ

Ээн калган кең талаалар керилип,
Эңгиреген эрме чөлдөй көрүнүп.
Эс-мас кыял жалгыз өңдүү дүйнөдө,
Эски журттан жөнөгөнсүйм бөлүнүп.

Ык салышып күрү-күүгө укмушка,
Мындагылар кеткен өңдүү туш-тушка.
Кызыл күнүн кыйыр салган издерин,
Кызык көрбөй кечкен окшойт турмушта.

Жер алдынан сугарылып тамыры,
Жеримде өсчү жыпар жыттуу мамыры.
Сенден алыс кетсем дагы тоолорум,
Сен деп жанар жан-дүйнөмдүн жалыны.

Унутулуп калган эски буюмдай,
Убайымга салат ойлор уюлдай.
Көч артынан кетет окшойм мен дагы,
Көркөм жерим калдыбы ээ буюрбай.

Жигит жалгыз баскан өңдүү селкисиз,
Жылдар эми тоосуз жайдак мөңгүсүз.
Көптү ээрчиген көч артында бир адам,
Күнүм бүтсө калар жерим белгисиз.

Ээнсиреп жалгыз өңдүү дүйнөдө,
Эски журттан жөнөп кеттим бөлүнүп.



## ЫҢЫРЧАК УРУУСУ

Ынтымак жашап жылгада,
Илгери өткөн жылдарда.
Ыңырчак деген бир уруу,
Жашоосун улап турганда.
Кудайдан болуп кудурет,
Көздөрү көрүп ишенбейт.
Асмандан жаап короого,
Аппак койлор түшкөн дейт.
Ыңырчак деген улуу журт,
Түндүгүнөн кут түшкөн.
Кудайым сүйгөн журт экен,
Короого койлор жуп түшкөн.
Мекендеген тоолорду,
Ыңырчак улуу эл экен.
Телегейи тең экен,
Тегереги кең экен.
Энеси эстүү, кызы асыл,
Жигити көк жал шер экен.
Ак өргөөнүн делбири сүзүлбөсүн,
Ыңырчактын тукуму үзүлбөсүн.
Кудай сүйгөн журт экен бар болушсун,
Жакшыларга жанашып жар болушсун.
Уул-кызы бапырап көбөйүшсүн,
Ыңырчактар экиден төрөлүшсүн.

Ыңырчактар эгизден төрөлүшсүн,
Уул-кызы бапырап көбөйүшсүн!

## САКТАГЫН «САРЫ-КОЛ» ДЕГЕН ПЕЧЕТИНДИ

Мургапчым унутпагын Мургабыңды,
Бүгүнкү кечээгиңди мурдагыңды.
Жылгада жылдыз санап жымыңдаган,
Жылт этип жылып өткөн жылдарыңды.

Сары-Колчум унутпагын кийиктерди,
Сап-сапта басып өткөн бийик белди.
Саналбай өтүп кетер сансыз өмүр,
Сагынып самап жүрүп бийиктерди.

Эстегин эстеп жүргүн Шаймагыңды,
Кыраңда аркар жүргөн аймагыңды.
Көңүлдөн көрксүз кылып чийип салба,
Көмөчкө сүртүп жеген каймагыңды.

Ойлогун Ыраң-Көлдү, Чечектинди,
Ойногун ордо сызып кечээкинди.
Дүйнөнү түрө кыдыр аалам кезип,
Жүрөктө сакта «МУРГАП» печетинди.

Жер үстүн жети айланып чыксаң дагы,
Жүрөктө сакта «САРЫ-КОЛ» печетинди!

## БИРӨӨ СУРАДЫ: «МУРГАП ДЕГЕН ЭМНЕ?» – ДЕП

Мургап деген жердин аты күнөстүү,
Төрт миң метр бийиктикте гүл өсчү.
Жылгаларда жүздөп жүрөт кайберен,
Тоолорунда ийет мөлтүр булак суу.



Нурдан бүткөн кырдын кайкы канаты,
Мургап эмес Нуркап экен чын аты.
Кызы шайыр, жигити өрт жоо жүрөк,
Жаза берсем жетпес калем санатым.
Мургап бийик мурда кийин барбасаң,
Мурдуң канап көтөрүлөт кан басым.
Кужурмөн эл күргүштөтүп мал айдайт,
Мурункудай сактап келет чарбасын.
Колдо күрөк, кышта күрөп белини,
Жапа тырмак карда ачып жолуну.
Капаланбай шайыр күлөт Мургаптык,
Өр тартканда өчпөй жанып көңүлү.
Тайгаланбай муздун жылма бетине,
Мүдүрүлбөй таштак жолдун четине.
Мургабдыкдар урпак улай келишет,
Салтын сактап улуу кыргыз көчүндө.
Тээ илгерки аталардан асыл кеп,
Туулган жердин топурагы алтын дейт.
Тоону сүйүп топук алып жашашат,
Мургабдыкдар Ата журттан алып дем.
Шүгүрчүлүк дасторкондо даамына,
Канаат кылып азга, көпкө, баарына.
Үлгү алчу мүнөзү бар меймандос,
Бирдей калыс ар улуттун баарына.
Таза сактап жоготпогон тилини,
Аруу ыйык тутат ислам динини.
Алтындан да кымбат баалайт аздектеп,
Мургабдыкдар Нурдан бүткөн жерини.
Канат сермейт сары түстүү көпөлөк,
Учуп-конуп турат күндө самолет.
Санап эстеп бир аз айттым билгеним,
Кызыкса эгер кимдер барып көрө элек.
Мургап деген жердин аты күнөстүү,
Төрт миң метр бийик жерде гүл өсчү.

## САРЫ-КОЛ ДАСТАНЫ

*Ардактуу Сары-Кол жерим бар,*
*Абийирдүү нойгут элим бар.*
*Биздин нойгут эл журтта,*
*Кара эгинден күрүч көп.*
*Калайынан күмүш көп,*
*Боз коёндон түлкү көп.*

*(Манас эпосунан,*
*Саякбай Каралаев. 1.170, 174.)*

Алай тоого уланган,
Аска зоодон куралган.
Санжыргалуу Сары-Кол,
Кийиги качат кыраңдан.
Кызыл-Арт кыя кызыл өң,
Кыйгачтап түшсөң Кара-Көл.
Булуң -Көл, Шор-Көл, Тогуз Көл,
Казан -Көл, Зор-Көл, Сарез-Көл.
Ажыдаар-Көл, Муз-Көл,
Жашыл-Көл,
Турумтай-Көл, Айдың-Көл,
Айтылуу Шор-Көл, Ыраң-Көл.
Акбайтал ашуу Ырабат,
Ырымдан дастан куралат.
Жеримди билип жазсам деп,
Түйшөлүп тарттым убара.
Жаңы жер менен Койонду,
Ширалжын жана Көл-Башы.
Шашылбай жазам санаттап,
Санжыра дастан төл башы.



Кокуй-Бел, Даңкай, Сай-Конуш,
Ата журт ыйык ар конуш.
Уй-Булак, Суук-Сай, Маркан суу,
Кайрылып Кашкар аркасы.
Байгашка-Турук, Ак-Жылга,
Орус-Булак, Тар-Жылга.
Ылык-Жылга, Кара-Артуу,
Мукур сайын ар жылга.
Ок-Салыр ата, Кара чым,
Дөң-Шибер, нары Чыны-Суу.
Кызыл-Жээк, Чакыр-Жол,
Кызыгып бастым какыр жол.
Карнай-Тартты, Көк-Чукур,
Билбеген жерде көп чукур.
Аска-зоо бети жалама,
Көлөгө -Таш, Кочкор-Калама.
Күкүрт, Чөбөк, Сары жылга,
Тескейи аппак кар жылга.
Кампир өлдү, Жаргылчак,
Көк өтөк, Боз дөң, Чечекти,
Кыргыздын жери эзелки.
Боз-Артуу, Үзүк, Чырак-Таш,
Кылымдар менен куракташ.
Маамберди-Булак, Туз-Жылга,
Каухар таш чыккан түз жылга.
Маанисин билет билгендер,
Кен байлык кенен бул жылга.
Тоо жолу татаал көрүнүш,
Берилеп бассаң Бөрүлүк.
Жарлардын жанын сел алган,
Ой-Балгын, Чуулдай, Бел-Алма,

Алтынын казып тарыхта,
Алыстан келип эл алган.
Арык-Кочкор, Шаты-Пут,
Кара жылга, Дам-Жайлоо.
Алыстан ат арытып,
Айланып келем ар жайлоо.
Чукур-Өтөк, Уй-Турук,
Кызыл-Күңгөй, Жан-булак.
Кыяк чөбү бел өйдө,
Кош-Агыл, Кузгун, Сары-Булак.
Бака-Баш, Пышарт, Нургабым,
Миң жылдык тарых мурдагы.
Кызыл-Даңги, Таш-Короо,
Топозу тоодо беш короо.
Эчки-Тушар, Бүлөлү,
Эл жерден калдык алыстап,
Эли-журтту ар дайым,
Эскерип унутпай жүрөлү.
Бек-Жол ата мазары,
Нургапта Сарыкол базары.
Токтотпой калем бек кармап,
Тарыхын терең жазармын.
Саткын-Жылга, Ак-Жылга,
Чат-Токой, Колтук, Кырк-Кечүү.
Алтын-Мазар, Балгын өрөөнү,
Суктантат келип көргөндү.
Жыттап-Табар жылгасы,
Алтын-күмүш – кум-ташы.
Базар-Дара, Кулчак, Таш-Жылга,
Күмүшү кенен, жези мол,
Жарыкташ, Моло, Жар-Жылга.
Күңгөйгө күндө кой өтөт,



Күмүш жылга, Той-Өтөк,
Шибер-Айрык, Казынды.
Сарыкол деп дастан жазылды.
Кылымдап канча мезгилдер,
Так эсеп жетпейт азыр бу.
Тарыхта калса экен дейм,
Аракет бир аз азыркы.
Тарыхтын баасы тараза,
Кашка-Эчки, Кочкор-Калама,
Энчисин алар ар адам,
Аракет ишке жараша.
Теке-Чапты, Сай, Кара-Бел,
Өгүз-Агыл, Ара-Бел,
Топ-Таш, Ак-Гөр, Текелүү,
Сары-Колум жердин чекеси.
Текелүү чоку, Жар-Өтөк,
Бул дүйнөдөн баары өтөт.
Бетеге кетет бел калат,
Бектер кетет эл калат.
Осмо кетет каш калат,
Оомат кетет баш калат.
Байтал-Жарды, Жаанбай,
Кум-Чукур менен Кырк-Шейит.
Илгерки өткөн доордо,
Кыргында өлгөн көп шейит.
Ничке-Жылга, Бакшы-Өлдү,
Келин-Качты, Ак-Буура,
Чөккөн-Буура, Бодо-Бел.
Тетири-Жылга, Шор-Булак,
Кара-Чабыр өрөөнү.
Аталар жүргөн бул жерлер,
Унутпай дайым жүрөлү.

Кыз-Мазар, Куу-Тал, Муз-Булак,
Жаман-Тал, Зор-Таш, Туз-Булак.
Суук-Тумшук, Ак-Козу,
Мамай-Өлдү, Түз-Булак.
Чөгүн-Жарды, Кум-Кыя,
Кош-Таш, Жылбыз, Кум-Кокту.
Сагынып эстеп Ата-Журт,
Алыстан көз жаш ким төктү.
Ким эстеди ойлоду,
Бабалар жүргөн тоолорду.
Кара-Дөмөр, Жылкычы,
Мадиядин жылкысы,
Керилип жуткун чаңкасаң,
Сары-Колдун күчтүү кымызы.
Казан-Кулак, Чеп, Бурак,
Тетири-Жылга, Зулумарт.
Кара-Погон, Муз-Короо,
Таштан салган туз короо.
Торпок-Агыл, Кош-Агыл,
Өгүз-Агыл, Беш-Агыл.
Кемеге-Өтөк, Паңгазы,
Кашкарга жолу баруучу,
Чарык-Жыртты, Көлмө ашуусу.
Тозок-Дара, Сары-Кыр,
Кулжалуу-Төр баары кыр.
Гожек-Колтук, Чий-Өтөк,
Араласаң чий өтөт.
Шакарак, Сарыташ, Көр-Теке,
Аскада жүрөт чоң теке.
Кош-Бел, Көк-Жар,
Тогуз-Көл, Сары-Колдо сансыз көл.
Кереге-Өтөк, Таш-Казык,



Басырык салдым таш казып.
Байтал-Өлдү, Таш-Казык,
Басырык салдым таш казып.
Кара-Тумшук, Кузгун, Чукур-Өтөк.
Карайлап шамал учуп өтөт,
Чагылган Түштү, Миң-Гажыр.
Айланып шамал учуп өтөт.
Кызыл-Белес, Көк-Белес,
Тегерек-Балгын көп белес.
Кара-Белес, Хан-Жолу,
Хандар ашкан көп белес.
Тегирмен-Суу, Чапак-Таш,
Жармаңке-Таш, Жалпак-Таш.
Мумулай-Таш, Ара-Таш,
Бостери жылга, Кара-Таш.
Кызыл-Горум, Токтомуш,
Дайрасы агат октолуп.
Бахпур-Ата, Ак-Шыйрак,
Шаймак, Бейик, Солоңгур.
Тарыхта даана чоң жолу.
Кара-Кыя, Дөбө-Өтөк,
Тарыхта бектер көп өткөн.
Айланып келип ааламдан,
Аалымдар ыйык көп өткөн.
Кызыл-Рабат, Дүңкүлдөк,
Кызыл-Иймек, Жыртык-Үй.
Шамал-Гөй жана Курыстык.
Дарбаза-Таш, Суулыстык.
Тулпар-Чапты, Кызыл-Гөр,
Аюу-Жолу, Тар-Булуң,
Айланышта бар булуң.
Кара-Тумшук, Тар-Булуң,

Кайрылышта бар булуң.
Көөнө Коргон, Чеш-Төбө,
Мукур, Көк-Бел, Айдың-Көл.
Мөк, Кызыл-Дөң, Айрылыш.
Кош-Белдин жолу кайрылыш.
Бөрү-Көрбөс, Нан калды,
Жаман-Чулук, Күн-Тийбес.
Жаманаң-Шоро, Андемин.
Ак-Шор, Көңтөй, Беш-Арал,
Жарты-Күмбөз, Беш арал.
Жаңы-Даван, Бешик - Боз,
Сары-Горум, Чым-Сери.
Көл-Жылга менен Машаалы,
Тоо-ташы түркүн жошолуу.
Айланып учкан улуу куш,
Кадамды тийген улуунун.
Бийиктеп учкан улуу куш,
Назары тийген улуунун.
Ийри-Кыяк, Үч-Жылга,
Кептеш, Көңтөй, Ала-Таш.
Теке-Чапты, Маржанай,
Тарзан-Талаа, Таш-Сери.
Күмүш, Делбак, Зардали,
Күйгөн-Өтөк, Жыланды.
Мамыры жыты буркурайт,
Мекендеп аркар кыраңды.
Таар-Какты, Чөкөбай,
Мамазайир, Баш күмбөз.
Аличор, Актам, Чатырташ.
Боз оттун жыты буркурайт,
Гүл өскөн бийик адырдан.
Сумө -Таш, Кумду, Бостери,



Капитан-Ата, Кең Уч-Кол.
Ак Балык ата, Маржанай,
Абдикарим ата, Миң -Аркар.
Кумду, Тамды, Жол Өтөк,
Кумайда жүрөт жүз аркар.
Базар-Дара өрөөнү,
Таң калтырат көргөндү.
Бозой-Күмбөз, Кара-Кум,
Ак-Аркар, Ак-Сай, Кара-Суу.
Актал, Тура, Ак кыя,
Кайыңды, Чортон, Мадиян,
Ыссык-Булак, Ылысуу.
Жер тешип чыккан жылуу суу.
Айланып барчу баарысы,
Дартка дабаа даары суу.
Жер-Үй, Ниязек, Ат-Камал,
Жалпак-Таш, Арал, Эчки-Айдар,
Шилбилүү, Кыя, Горумду,
Көптөр келип узактан,
Көп көрүп кеткен сонунду.
Жарманке-Таш, Кара-Таш,
Жар үстүндө Ала-Таш.
Сапта турат бир караан,
Сопойгон бийик моло таш.
Боз-Артуу менен Кум-Кыя,
Сасык-Булак, Көк-Кыя.
Үсөн-Жылга, Жарты-Боз,
Мусапыр-Гөр, Жар-Башы.
Кызыл-Кокту, Ак-Тайлак,
Сарыгул-Салбаң, Ийри суу.
Белен-Кийик, Чакалтай,
Кара-Корум, Зулумарт.

Байыртан кыргыз жүргөн жер,
Баасы кымбат туулган жер.
Боз-Дөң, Ыраң, Дөбө-Өтөк,
Ак-Суу, Муз-Тоо, Опол-Тоо.
Кыркалекей катар тоо,
Ак мөңгүлүү Улуу-Тоо.
Чукур-Өтөк, Горумду,
Жайчи-Үңкүр, Көк-Мойнок.
Куу-Татыр, Көк-Бел, Беш-Катын.
Келин-Качты, Кырк-Шейит.
Албастыр-Өтөк, Кум-Жылга,
Мукур-Өтөк, Ат-Жайлоо,
Нагыра-Кум, Жарык-Таш.
Текелүү-Чоку, Гүң жылга.
Сарыколдо чоң жылга,
Тетири жылга оң жылга.
Кулжасы бар кең жылга,
Тескей-күңгөй өйүздүү,
Кийиги чоң мүйүздүү.
Ашкана-Жылга, Куу-Мойнок,
Дуния-Таш, Каляк-Таш,
Кең-Кокту, Муз-Төр, Мата-Таш.
Чий-Булуң, Бел, Кең Кокту,
Кийиктер жүргөн чоң кокту.
Күнгөй-Өтөк, Агажан,
Беш-Булак жана Горумду.
Кош-Кечүү менен Түтүн-Суу.
Шинденин бели чек ара,
Шамалы турат аркырап.
Күн тийсе мөңгү чагылат,
Күзгүдөй бети жаркырап.
Күйгөн-Өтөк, Сары-Кыр,



Мамыры-Жылга, Кош-Коргон.
Жаңы-Даван, Куу-Жигит,
Курбантай, Шайит, Бодо- Бел,
Мукурдун оозу Жол-Өтөк,
Бурулуп барып жол өтөт.
Коктунун оозу Жол-Өтөк,
Кайрылып барып жол өтөт.
Базар-Дара, Бөрүлүк,
Өгүз-Агыл, Муз-Короо,
Күйгөн-Токой, Миң-Аркар.
Аюу-Жолу, Сарез-Көл,
Байгашка-Турук, Миң-Гажыр.
Кызыл үңкүр, Кырк-Шейит,
Мазарлуу жерде көп шейит.
Арык-Кочкор, Кең-Булуң,
Ашкана-Жылга, Чоң-Бурак.
Шакарак, Ак тал, Мадиян,
Келин-Качты, Кырк-Кечүү.
Кечип өтсө агызбас,
Тизеден ашып өтпөсө.
Алас алып кетпесе,
Анда санда бүт кечүү.
Карачым, Токтор-Калама,
Саткын-Жылга, Жаман тал.
Тахтамышбек, Хан-Өлдү,
Көбүргөндү, Чий-Булуң.
Майда-Кара, Муз-Короо,
Көпүрө -Башы, Түз жылга.
Жаңырык, Артуу, Жар-Өтөк.
Кеңи болсо кең өтөк,
Тары болсо тар өтөк.
Шамал тийбес паанасы,

Бороон тийбес далдаасы.
Ыңгайы бар журт калка.
Ылайыкташса баары өтөк.
Тегирмен-Суу, Жаргылчак,
Көлөгө -Таш, Портумшук.
Бөлөк-Дөң, мен Үч-Кечүү.
Бут кече алса бүт кечүү.
Сарыгой менен Арам-Таш,
Шамал тийбес Шор-Өтөк.
Мусаапыр-Гөр, Кампир чык.
Шор-Өтөк, Бурум, Ийри-Бел,
Кара-Чым, Кош-Бел, Дааналуу.
Өгүз-Агыл, Дүңкүлдөк,
Көк-Кыя, Ак-Жар, Үч Күңгөй.
Күн тийген бет бүт күнгөй.
Зулумарт, Мөк-Суу, Жашыл-Көл,
Ранкөл, Шор-Көл, Куудара.
Жаңы-Жер, Моожу, Кыяк-Баш.
Кызыл-Тоо, Чумбус, Таш-Коргон.
Ак-Чий, Ак-Тоо, Чукур-Көл,
Текелүү-Чоку, Газы-Өлдү.
Бекжол-Ата, Кызыл-Жар,
Тогуз-Көл, Көк-Сай, Горумду.
Ала-Таш, Күмүш, Жан-Булак.
Ээр калды, Сай-Мукур,
Гулжалуу-Төр, Гүң жылга.
Кыз -Мазар менен Беш-Күңгөй.
Айтып бүтпөс санатым,
Жазсам жетпес калемим.
Жылга-жыбыт кең өрөөн,
Учууга дилгир канатым.
Кара-Корум, Көлмө, Кум-Чукур,



Тозок-Дара, Көк-Секи.
Тик-Кыя, Булак-Курбантай,
Гөрустан өтөк, Жар Өтөк.
Кызыгы бүтпөс Кызыл-Бел,
Сары-Колго келсең кызык жер.
Күнгөй- Өтөк, Беш-Үңкүр.
Жарык-Таш, Актам, Кош-Коргон.
Кароол-Дөбө, Беш-Коргон,
Куу-Татыр, Жал, Хастанат.
Агажан, Токтор, Калама,
Кызыр - Өтөк, Жол -Өтөк.
Сары-Колдон айланып,
айтылуу Жибек Жолу өтөт.
Ажыдаар-Көл, Үч-жылга,
Жалаң-Жылга Оңой-Гөш.
Алтын-Төр, Балгын, Кош-Артуу,
Бел-Өтөк, Ыстык, Найза-Таш.
Маңкан-Өлдү, Жанайдар,
Акберди, Аксай, Сайконуш.
Усой, Узбел, Кең -Арал,
Күмбөздү-Кол, Красин Көрк.
Алтыны көп Сары-Кол,
Асылы көп Сары-Кол.
Атына заты жарашкан,
Ак тооң көрк Сары-Кол.
Мата-Таш, Кочкор-Калама,
Гол-Теке, Акжар,
Кош-Өтөк.
Белгилүү жерде беш өтөк,
Белгисиз жерде эки өтөк.
Гез, Тагарма, Муз-Айрык,
Шамалынан ыр кайрык.

Бөлөк-Таш, Көк-Кыр, Кызыл-Жон,
Жерлери соонун кызыктуу.
Үсөн-Жылга, Чым-Короо,
Кой камаган чоң короо.
Айти-Капа чым короо,
Мал камаган чоң короо.
Дубур-Жаан, Найза-Таш,
Маржанай ашуу жылгасы.
Маржандай акак суу ташы.
Акбайтал ашуу белеси,
Ааламдын бийик сереси.
Чырак таш күйөт балбылдап,
Өчпөгөн шамал жамгырда.
Жер-суунун баары аталып,
Жазылып калды сап ырда.
Жер-суунун көбү жазылып,
Сакталып калды сап ырда.

## САРЕЗ-КӨЛ

Ээ-айт айт десең нени айтам,
Эл билбеген жерди айтам.
Элсиз тоонун арасы,
Ээн калган көлдү айтам.
Ээ-чокуда калган ырды айтам,
Чогулуп калган сууну айтам.
Ээ-сарала кушка сыр айтам,
Санжыра кылып муну айтам.
Ээ-айткан сөзүм жарыя,
Ак-Суунун суусу дарыя.
Ээ-сабалып агып олтуруп,
Сарезге куят толтуруп.



Ээ-уюган жердин толтосу,
Сарез-Көл тоонун ортосу.
Ээ-тамчысы мөлтүр өмүрдүн,
Тоосунда толгон Памирдин.
Ээ-Чокуда чөйчөк мөлтүрөйт,
Сарездин көлү мелтирейт.
Ээ-Аксуунун суусу айланып,
Көбүрүп келип турат дейт.
Ээ-ар жылгадан аккан суу,
Көбөйүп келип куят дейт.
Ээ-көлөмү көлдүн бийик дейт,
Көлкүлдөп турган туюк дейт.
Ээ-күн сайын толуп көбөйүп,
Толкуну улам бийиктейт.
Ээ-кудайым өзү сактасын,
Ачылып кетсе не болот.
Ээ-кулач урган сел болот,
Көлкүп аккан көл болот.
Ээ-өйдөлөп акпайт биз жакка,
Өзөндү каптап чөл болот.
Ээ-илгери жер титиреп,
Тосулуп тоолор калыптыр.
Ээ-агып чыгар жери жок,
Айланып дайра толуптур.
Ээ-жем ыргытсаң койбой жейт,
Жээгинде балык койдой дейт.
Ээ-Чат-Токой, Сарез, Сарыгой,
Сан жылдар өткөн тарыхый.
Ээ-кылымдап кыргыз жашаган,
Кыйырда калган жанып ий.
Ээ-дүбүрттөп качкан кийиги,
Дүйнөдө көлдүн бийиги.

Ээ-тосулуп дайра көл болгон,
Кыртыштуу бекем уюлу.
Ээ-чокуда чөйчөк мөлтүрөйт,
Чайпалып «Сарез» мелтирейт.

Ээ-тоо койнунда деңиз бар эй,
Ээ-тегереги тегиз жар эй...

## КЫПЧАКТАР

Талаада түрлөп гүл өскөн,
Тамырлап чыккан күнөстөн.
Тайманбай баатыр эр кыпчак,
Тагдыры үчүн күрөшкөн.
Көрүнүп бийик чатыры,
Теминип күлүк атыны.
Жалындуу оту өчпөгөн,
Жеңилбес кыпчак баатыры.
Кыртышын жердин кемирген,
Найзасы учтуу темирден.
Кыпчактан чыккан мырзалар,
Даңкталып өткөн өмүрдөн.
Кылчайсак кыйгач кыйын жол,
Кыйлалар баскан чыйыр жол.
Кылычтын ойноп мизинде,
Кыраандар баскан кыйыр жол.
Элим деген эр кыпчак,
Жерим деген шер кыпчак.
Биригип бир муштумга,
Бөлүнбөгөн эл кыпчак.
Тоолордо туулуп-төрөлүп,
Баатыр болгон таберик.



Зоолордо туруп жөлөнүп,
Күлүк минген таберик.
Күн шооласы төгүлөт,
Күмүш саадак жез мылтык.
Кылымдан кыпчак көрүнөт,
Ай шооласы төгүлөт.
Айланып алыс узак-жол,
Ааламдан кыпчак көрүнөт.
Күн көрсөткөн жарыкты,
Кылымдар жазган тарыхты.
Кыйла жол баскан кыпчактар,
Миң жылдап кылым карытты.
Шаңшытып көктө шумкарын,
Тектирде чаап тулпарын.
Кыпчактар кылым дүбүртү,
Санжыра санайт жылдарын.
Доорлор мезгил ай санап,
Агылып суулар сай салат.
Деңиздер толуп бөксөрүп,
Кээде тынч, кээде чайпалат.
Көк жал болгон сырт жагың,
Көшөргөн баатыр кыпчагым.
Толтосу жез сабы алтын,
Куруңа таккан бычагың.
Кыйгач оймо үзөңгү,
Кыдырсак тоону, түзөңдү.
Кылымда калган айтылып,
Сулуусу кыпчак түсү-өңдүү.
Толук эл жүргөн тоолордо,
Кайберен кийик илбирс (жылбырс) бар.
Асманда жарык жылдыздай,
Ааламда кыпчак кыргыз бар.

Күн тийген тоодо жарык бар,
Кылымдар жазган тарых бар.
Мөңгүлүү зоодо жарык бар,
Мезгилдер жазган тарых бар.

Кыргызда улуу кыпчак бар,
Кылымды баскан кыпчактар.
Санжыра айткан улуулар,
Сары-Колдо кыпчак уруу бар.

## ЖАН ДҮЙНӨ ЖАҢЫРЫГЫ

Жетимдерге жети тыйын бербедим,
Жакырларга жакын басып келбедим.
Кыйын болуп төрт дөңгөлөк үстүндө,
Өлбөчүдөй өйдө-төмөн термелдим.

Өзгөнү эмес өз жанымды сыйладым,
Байлык издеп тынч жата албай туйладым.
Жан адамга жарык нурум чача албай,
Акыркы күн арман кылып ыйладым.

Мен өзүмдөн түркүн суроо тараттым,
Жарытарлык эмне жасап жараттым.
Түбү жыртык толбой турган дүйнөдөн,
Түтөп түгөп ушаланып бараттым.

## ЫРАҢ-КӨЛҮМ

*Ыраң-Көлдүк жердештерге арналат*

Суйкайган сулууга окшоп мөлтүрөгөн,
Сыны бар сыр аякта мелтиреген.
Ыраң-Көл ыйык жерим ата-конуш.
Бешигим бакыт үйүм мен түнөгөн.



Томуктай жылдыз жанат таш башында,
Түбөлүк күйүп шамы аскасында.
Айланып кетсем мейли аалам кезип,
Алмашпайм айылымды башкасына.

Ыраң-Көл асыл жерим каректеги,
Ырыма жазылган бир даректери.
Тарыхка тамырлашып өсүп чыккан,
Тагдырды ырга айланткан данектери.

Суйкайган сулууга окшоп мөлтүрөгөн,
Ыраң-Көл ыйык көлүм мелтиреген

## ЫРАҢ-КӨЛ

Айтылуу жерим Ыраң-көл,
Чырагы жанып зоосунда.
Топозу тоонун боорунда,
Аркары оттоп тоосунда.
Шор көлү эгиз жанашкан,
Көркөмү тегиз жарашкан.
Айланып келип алыстан,
Аалымдар ыйык санашкан.
Көкүрөк тээп сагыныч,
Көрүүнү көптөр самашкан.
Ойулган жерде туздар бар,
Олуя өткөн издер бар.
Ак мөңгү тоңгон муздар бар,
Ак Эшан баскан издер бар.
Санжыралуу Ыраңкөл,
Сары алтындай түздөр бар.
Күмүш жаак жез таңдай,
Акындар чыккан элимден.

Кум ичинен куруттай,
Алтындар чыккан жеримден.
Ыраң-Көл асыл ыйык жер,
Буралган боз от бийик төр.
Кыранда жүрөт кайберен,
Мээр чөп жеген кийиктер.
Жеримден алтын көп чыккан,
Элимден асыл төп чыккан,
Айланып бүркүт зоосунда,
Ак ташты жарып чөп чыккан.
Боз артуу менен Үйтурук,
Кийизден жылуу үй куруп,
Боз үйүн элим кадырлап,
Көөнөрбөс көркөм сый кылып.
Сары талдан үй жасап,
Усталар чыккан жеримден.
Сары-Колдун боз үйү,
Эмгеги ушул элимдин.
Кереге ийип капшырып,
Күмүштөн тыйын бастырып,
Унутулбайт улут өнөрү,
Уулуна кеткен тапшырып.
Жээгине күмүш бастырып,
Уугуну учтап чаптырып.
Усталар чыккан Ыраң-Көлдөн,
Урпакка өнөр тапшырып.
Кыйындар чыккан калкымдан,
Кыргызга өнөр тапшырып.
Бар болгун ыйык Ыраң-Көлүм,
Жарашкан эгиз Шор көлүм.
Өнөрү өлбөй элимдин,
Чырагы өчпөйт жеримдин.



*Илгерки өткөн заманда бир уруу журтту баккан көзгө атар мерген болгон экен. Күндөрдүн бир күнүндө тоо арасында аң уулап жүргөн мерген көчкүдө калып кетет.*

*Көчкү астында калган мергендин аялы күйөөсүн жоктоп, ыйлап сыздап, кошок кошуп ырдаган экен.*

## КӨЧКҮДӨ КАЛГАН МЕРГЕНЧИ

*(Кошок)*

Тоңгон муз чоку бийик бел,
Топтошуп оттойт кийиктер.
Ай чапчыйт бийик аскалар,
Айланып оттойт аркарлар.
Күңгөйдө кокту жылгалар,
Куушуп оттойт кулжалар.
Көчкүгө кетип өлгөнүм,
Көрүнбөйт эми мергеним.
Кийикке кетип өлгөнүм,
Келбейби эми мергеним.
Кумайлуу түздө жатчу элең,
Кулжаны тандап атчу элең.
Тектирлүү тоодо жатчу элең,
Текени тандап атчу элең.
Бир айыл элди бир өзүң,
Белсенип жалгыз бакчу элең.
Кош ооз мылтык асындың,
Караанын кайда жашырдың.
Дүрмөттүү мылтык асындың,
Денеңди кайда жашырдың.
Шаа мүйүздүү кулжаны,
Шашпай басып атчу элең.

Шырп алдырбай шагылда,
Шамалдай жеңил басчу элең.
Көзүмдүн жашын көлдөттүм,
Көчкүгө кетип мөгдөттүң.
Басылып карда калдыңбы,
Баарына кайгы салдыңбы.
Жуулбай карда калдыңбы,
Журтуңа кайгы салдыңбы.
Көмүлбөй карда калдыңбы,
Калкыңа күйүт салдыңбы.
Кайгынын тарттым азабын,
Кайнабайт этсиз казаным.
Кан жутуп тарттым азабың,
Какшыды этсиз казаным.
Кызыгып кырга басканым,
Кызыл калтар атканым.
Кадамдап тоого басканым,
Карышкы, илбирс атканым.
Кар көчкү алды өзүңдү,
Кантейин, карарып күйдү асманым.
Чектелүү экен өмүрүң,
Жайдары эле көңүлүң.
Кыска экен, аттиң, өмүрүң,
Кызгалдак эле көңүлүң.
Курчутуп жалын мизиңди,
Жайнатып күлүп жүзүңдү.
Журтум деп жүрүп жашоодо,
Жашырып кеттиң изиңди.
Коргошун эле огуңуз,
Санаалуу болду жолуңуз.
Күмүштөн эле огуңуз,



Кейиштүү болду жолуңуз.
Алтындан эле огуңуз,
Армандуу болду жолуңуз.
Айсыз түндө уктадык,
Акыркы сөзүң укпадык.
Жансыз жүзүң көрбөдүк,
Жакшылап жууп көмбөдүк.
Тоодон издеп таппадык,
Топурак сала албадык.
Кантебиз эми айла жок, аттиң,
Кайрылгыс болуп тез кеттиң, аттиң.
Бейиштин гүлүн жыттагын, мерген,
Бейиштин суусунууртагын, мерген.
Бейиштин кооз гүл багын көрүп,
Бейиште бейпил уктагын, мерген.

Кумайлуу түздө жатчу элең, мерген,
Кулжаны тандап атчу элең, мерген.

## БИЙИКТИК

*(Сергей Бодровдун жаркын элесине)*

Бийик тоо чокуларын каптап туман,
Сени издейм ак мөңгүлөр арасынан.
Мунарык муң-кайгымды жутуп турат,
Изиңди акмалаймын улам-улам.

Оо өмүр, тоодо калган, селде калган,
Оо пенде, күнү бүткөн жерде калган.
А бирок сендей жанып, сендей өчкөн,
Жылдыздар жандүйнөмө төгөт арман.

Жашаган сезимдерде жылуу элес,
Жакшылар жарты күндүн кулу эмес.
Жылдыздар түбөлүккө жануу үчүн,
Жүз жылдап жашоо балким зарыл эмес.
Жылдыздар түбөлүккө жануу үчүн,
Жүз жылдап жашоо балким керек эмес.

## АК-БАЙТАЛ

*(деңиз деңээлинен 4655 м)*

Алыстан даана карааны,
Аркырайт соккон шамалы.
Ак- Байтал ашуу бийик бел,
Ааламдын чоку дабааны.

Жылтырайт акак ак ташы,
Жылдызга жакын аскасы.
Тарыхта өчпөс так калган,
Кылычтын мизин дат басып.

Алыстан көзгө кылаңдап,
Аркарлар жүрөт кыраңда.
Ак-Байтал ашып узак жол ,
Ааламды көздөй чубалган.
Аталар баскан алыс жол,
Ааламды көздөй чубалган.





## БИЗ КЫРГЫЗБЫЗ

Биз – кыргызбыз, жер бетине чачылган,
Биз – жылдызбыз, жалын оттуу чагылган.
Кыйын күндө кандай азап көрсөк да,
Соолубастан кайра гүлдөп ачылган.

Биз – кыргызбыз, кайберенге түнөктөш,
Биз улуубуз арууулукка тилектеш.
Кайсы өлкө, кай жерлерде жүрбөйлү,
Кан жаныбыз Ата-журтка жүрөктөш.

Биз – кыргызбыз, тилибизди сактаган,
Ар намысты, дилибизди сатпаган.
Ала-Тоодон, Памир, Алтай, Энесай.
Ат үстүндө узак жолдор таптаган.

Ата журттан алыс узап кетсек да,
Биз – кыргызбыз, тилибизди сактаган.

## ТОО СУЛУУСУНА

*(Перизатка)*

Ак күмүштөн чачпагың,
Азгырат ойду басканың.
Сыр күмүштөн чачпагың,
Суктантат жанды басканың.
Сыр кесе толо ак кымыз,
Сыныңыз менен жактыңыз.
Сыр аяк толо ак кымыз,
Сырыңыз менен жактыңыз.
Дасторкон даамы бал кымыз,
Даанышман кыргыз салтыбыз.
Паризат кыздын сулуусу,
Перидей жандын нурлуусу.
Пейили жумшак астейдил,
Асыл ой бүткөн турушу.
Баа наркы сендей селкинин,
Кашкардын кымбат шурусу.
Кош үзөңгү жарашык,
Асылга асыл жан ашык.
Жез үзөңгү жарашык,
Жакшыга жакшы жан ашык.
Жаркырап күндөй ааламда,
Жакшылар жүрсүн жанашып.
Сыр күмүштөн чачпагың,
Суктантат жанды басканың.



## ПАМИР ТОО

Табышмактуу тереӊ сырлар жашырган,
Памир тоолор, сен жомоксуӊ жашынган.
Мен да өзүӊдүн бир бурчунда күн күтүп,
Мен да өзүӊдүн көлөкөӊө жашынгам.

Кокту-колот кум-шагылдуу жолунда,
Кулач мүйүз кулжа качат жонунда.
Көркөмүӊө көзүм канбай көп жүрдүм,
Булут сүйгөн ак-мөӊгүлүү койнунда.

Дабаанында дамыктым да күйүктүм,
Далай жедим даамдуу этин кийиктин.
Мен өзүӊө ыр арнаймын Памир тоо,
Сен бийиксиӊ демек мен да бийикмин.

Дабанында дамыктым да күйүктүм,
Оо Памир тоо сен дүйнөдө бийиксиӊ.

## КЫЛ ЧОКУДА КЫРГЫЗ ХАНЫ

Шамал суук, тоо арасы боз үйдө,
Жашагансыз оор жагдай түйшүктө.
Бирок сынбай сыноосуна турмуштун,
Эртеӊкисин ойлогонсуз кыргыздын.
Катаал күндө сөөлөтүнөн жазбаган,
Тике карап өз сөзүнөн тайбаган.
Орусу да, ооганы да баа берген,
Урмат кылып кадырлашып сыйлаган.
Рахманкул хан кыргызымдын уулу,
Рахманкул хан эр Манастын тукуму.

Кыл чокуда кыргызымдын кырааны,
Тоо койнунда алыстагы чыгааны.
Эли-журтун канаттуුга кактырбай,
Эр болгонсуз келген жоого чаптырбай.
Кыл чокуда акылманы кыргыздын,
Кыргыз үчүн айтып бүткүс сыймыксыз.
Аккан суулар ага берет арыктан,
Кыргыз ханы унутулбайт тарыхтан.
Ак сарайдан табылбаган асылдан,
Бийик тоодо жашап өткөн акылман.

## ТҮНДҮК

Билесиңби тууганым түндүк деген эмне?
Түндүк деген кыргызымдын төбөсү,
Түндүк деген тийип турган күн бизге.
Алтын тактың болсо дагы астында,
Түндүк турат бийик сенин төбөңдө.
Түндүк ыйык, түндүк улуу кыргызга,
Нур чачырайт түндүгүңдөн жылдызга.
Түндүгүңдөн түтүн чыксын түбөлүк,
Түндүк деген кыргыз деген күбөлүк.
Түндүгүңө ай да келет айланып,
Туурунда тулпар турат байланып.
Түндүгүңө жылдыз түшөр айланып,
Туурунда шумкар турат байланып.
Түндүк барда кыргыз дайым бар болот,
Түндүк кыргыз бир-бирине жар болот.
Түндүгүңдү абайлап жүр көчкөндө,
Тээп койбо дөөлөт келсе көпкөндө.



Түшүп турат кут-береке түндүктөн,
Периштелер түндүгүңдү өпкөндө.

Түндүгүңдөн түтүн чыксын түбөлүк,
Түндүк деген кыргыз деген күбөлүк!!!

## МАМЫРЫ

Мамыры гүлдөгөн мезгилде,
Кайрылып биз жакка келип кет.
Суранам шашылба сөзүмдү ук,
Мамыры гүлүнөн алып кет.
Мамыры гүлдөгөн мезгилде,
Тоо жакка кайрылып келип кет.
Белекке ал гүлдөн берейин,
Койнуңа кочуштап салып кет.
Мамыры гүлдөгөн мезгилде,
Мен сени күтөмүн сагынып.
Чабайын атымды тоо жакка,
Барайын терүүгө шашылып.
Белекке мамыры берейин,
Ал гүлдү аздектеп терейин.
Өмүрдөн тоолорго үрөн сээп,
Ордуна мамыры терейин.

Тоо жакка кайрылып келип кет,
Белекке мамыры берейин!

## ТОРУ КҮЛҮК

*Мен ушул ыр саптарын, Сарыколдун саяпкери*
*Боронбай аксакалдын жаркын элесине арнаймын*

Тору күлүк тоо беттеп атырылат,
Туягынан учкан чаң сапырылат.
Топту көздөй жакындайт уу-дуу сүрөөн,
Желге жалы желпинип жапырылат.
Боромбайдын күлүгү, Боромбайдын,
Таскагынан тулпардын болор айкын.
Ат таптаган Сары-Колдун саяпкери,
Мадияндин шилбиси күмүш камчың.
Жылкы пири Камбар-Ата тилин билген,
Төрт түлүктүн кепшөөр от түрүн билген.
Тумсак болуп энтиккен тай-кунанды,
Кайнар көбүк көк иримге кириндирген.
Бар нерсенин бааланат аяк-чени,
Сары-Колдун сакадай саяпкери.
Жылма кырып тер алган таң ашырып,
Күлүк кылып чуркаткан жээрдени.
Суу-сууларда маараке, аш, той кылган,
Улуу элдин бар эле аздектээри.
Кайыш боолуу үзөңгү сайда калды,
Саяпкердин сандыгы кайда калды.
Байге жарыш ойнолбой түз талаада,
Жетимсиреп жандүйнөм жайдакталды.
Ат үстүндө атам жок кара бараан,
Илгеркидей адам жок ат таптаган.

Туягынан учкан чаң сапырылат.
Саяпкердин күлүгү атырылат.



## ОО ЧЕЧЕКТИМ

Оо Чечектим, сага келдим ыр сурап.
Берчи мага шамалыңдан ыр курап.
Эски тонум чечпей кайтып кетейин.
Бир тамчы ырын мага бир чоң көл турат.

Оо Чечектим, сага келдим ыр сурап.
Койнунда бир кайрыктуу ыр турат.
Ыр жыттанган атырыңдан бир тамыз.
Өмүр бою жүрөйүнчү буркурап.

Оо Чечектим, сага келдим ыр сурап.
Жел желп этсе тоолоруңдан ыр кулайт
Шыбак эмес ыр жыттанып турасың.
Адамдардын жан дүйнөсүн сыйкырлап....

## АРЗЫХАН

Айдай сулуу Арзыхан,
Алтымыш кызгы арзыган.
Жибектей сулуу Арзыхан,
Жетимиш кызга арзыган.
Нават кошкон чайдайсың,
Назданып күлүп жайнайсың.
Кант кошулган чайдайсың,
Каткырып күлүп жайнайсың.
Күлүшүң күндүн жаркыны,
Күнөстүү жашыл жайдайсың.
Кош өрүм чачың жибектей,
Келбетиң кооз чүрөктөй.

Басканың жандан өзгөчө,
Көркөмдөп тарткан сүрөттөй.
Кыя-Бел ашуу Кызыл-Арт,
Кылчактайт көптөр кызыгат.
Ак-Байтал ашуу Кызыл-Арт,
Айланып көптөр кызыгат.
Керилип баскан аркарсың,
Күйүтүң жетпей тарткан ким.
Кайкалап баскан аркарсың,
Кайгыңды жетпей тарткан ким.
Арзыхан аттын кашкасы,
Арзыбайт сага башкасы.
Жээрде аттын кашкасы,
Жете албайт сага башкасы.
Телтору аттын кашкасы,
Тең келбейт сага башкасы.
Кашкардан келген ак-көйнөк,
Келбетиңе чак көйнөк.
Кытайдан келген ак-көйнөк,
Көлөмүңө чак көйнөк.
Мойнуңдагы мончоктор,
Анжиандын шурусу.
Айланчыктайт жигиттер,
Кыялы жорго жүрүшү.
Билегинде мончоктор,
Бухаранын шурусу.
Бурулуп тиктейт боз балдар,
Кыялы жорго жүрүшү.
Кулуктун күмүш жүгөнү,
Кишинин сүйөт жүрөгү.
Аргымактын жүгөнү,
Адамдын сүйөт жүрөгү.



Көк асманда түркүк жок,
Көгүчкөн учса бүркүт жок.
Кудайым кооз жараткан,
Келбетиңде кынтык жок.
Ак жакалуу жигиттер,
Айланып келет жаныңа.
Көк жакалуу жигиттер,
Көргөнү келет жаныңа.
Каш кагып койсоң серпилип,
Калтырай түшөт билеги.
Катуулап согот жүрөгү,
Койнунда котур ташы бар.
Душман чыкса көрө албас,
Таш капсын жаман тилеги.
Ителги учат аскада,
Ирмелбейт көзү башкага.
Кыраан куш учат аскада,
Бурулбайт көңүл башкага.
Арзыхан алты кайрык санжыра,
Айтылып калсын сан жылдар.
Арзыхан жетимиш кайрык санжыра,
Жазылып калсын сан жылдар.
Ак чайнекти чайкагын,
Арзыган жанды байкагын.
Көк чайнекти чайкагын,
Көңүлдүү жанды байкагын.
Памил чай ичсең чайкагын,
Пейилиң бузуп баспагын.
Кара чай ичсең чайпагын,
Кабагың салып баспагын.
Куш канаты карчыга,
Кишиден сендей аз чыгар.

Сөз санаты санжыра,
Сулуулар сендей аз чыгар.
Ак тоонун ак желеги,
Арзыхан ааламдын берген белеги.
Көк тоонун көк желеги,
Арзыхан кудайдын берген белеги.
Кыя кырдан сел жүрөт,
Кызыл кырдан жел жүрөт.
Жер үстүндө ак кара,
Күн кечирип эл жүрөт.
Күмүштөн кооз оймогуң,
Кештелеп сайган оймолуу.
Сары алтын кооз оймогуң,
Саймалап сайган оймолуу.
Курманын таттуу мөмөсү,
Кудай берген таберик.
Анардын таттуу ширеси,
Алла берген таберик.
Акылы тунук ай чырай,
Жарыгы нурлуу шам чырак.
Жараткан берген таберик,
Арзыхан айдын нурусуң.
Аруузат жандын бирисиң,
Кебездей жумшак булутсуң.
Тамчыдай мөлтүр тунуксуң,
Жазылып калган баракка.
Жаз жыттуу көктөм ырымсың,
Деңиздей терең тунуксуң.
Улуу тоодой улуусуң,
Дүйнөдө ырсың сулуусуң.

Арзыхан аттын кашкасы!
Арзыбайт сага башкасы!



## КАРАҢГЫДА ТАППАЙМ ЖОЛУМДУ

Караңгыда таппайм жолумду,
Каралдымдар, карма колумду.
Калдастаган караан күймөнөт,
Алыс кууп азап шорумду.

Кана-кана жакчы лампичке,
Кайсы тарап менин жолум бу?

Алды-артымбы, солбу, оңгобу?
Багытымды айтчы болжолу.
Түн караңгы түпсүз туңгуюк,
Түйшүктөрдүн тозок шор жолу.

Кана, кана жакчы лампичке,
Кайсы тарап менин оң жолум.

Баспасам деп тилейм тескери,
Айсыз түндүн азап кечтери.
Адашкандар аттиң кантишет,
Аласалып кетсе кечте бу.

Кана кана жакчы лампичке,
Кетпедимби узап тескери.

## МУЗ-КӨЛ

Муз- Көлдөн кимдер өтпөгөн,
Бек хандар кеткен көптөгөн.
Миң ирет шамал соксо да,
Муңайбайм дүйнөм кеп-кенен.

Ак-Байтал ашуу сапарым,
Алыста өмүр катарым.
Сары-Колдо шамал кайрыктар,
Муз-Көлдү бойлоп басамын.

Сан ойду издеп сайлардан,
Жан дүйнөм балким байланган.
Толтосу толо тоолуктар,
Жүрөгүм ырга айланган.

Муз-Көлгө барсам ыр шамал,
Муз кечсем мейли муңайбайм!

## ЖЕРГЕ-ТАЛ

Көргөндө көңүл шак эле,
Көгөргөн алма бак эле.
Жыл айланбай жаз эле,
Жыттуу алма бак эле.
Жергеталым мекеним,
Унутпай жүрөм дагы эле.
Гулама менен Дубана,
Жамынган жашыл тукаба.
Узадык узак жер кезип,
Тагдырга сапар улана.
Сарыгой менен Мукурлар,
Сары гүл өскөн чукурлар.
Санаамда чапсам боз жорго,
Санаалаш чыгар утурлай.
Кашка-Терек, Сайрамдар,
Көңүлдө калган майрамдар.



Кылымдар жазган тарыхын,
Кыргыздар жүргөн кайран жер.
Жерге-Тал, Кара-Тегиндер,
Жайкалып өсөт эгиндер.
Көзүмдөн кетпейт дагы эле,
Кимдерге калдың эсил жер.
Араба чегип кош атка,
Айланып барсам Кашатка.
Алыстан келди бирөө деп,
Алдымдан чыгып таш атпа.
Ордолуу, Секи, Көк-Шибер,
Конушум журтум көрктүү жер.
Үйүмө барсам айланып,
(Түшүмдө) Жол карап атам тосчу жер.
Миң-Булак, Улуу Карамык,
Миңдеген жылдар аралык.
Мөлтүрөп тамчы мөңгүдөн,
Кыргыздан калган жаралып.
Күнөстүү бийик төрдөнбүз,
Булутту кууган элденбиз.
Тагдырга сунуп моюнду,
Жерге-Талдан көчкөнбүз.
Жетиген сындуу жылдызбыз,
Жергеталдык кыргызбыз.
Шуру мончок түймөбүз,
Шаңдуу эле дүйнөбүз.
Өз элге келип кошулдук,
Кудайга шүгүр сүйүнөбүз.
Күмүш эле түймөбүз,
Көрктүү эле дүйнөбүз.
Кыргызга келип кошулдук,
Кудайга шүгүр сүйүнөбүз.

Күнөстүү бийик төрдөнбүз,
Ак калпак кыргыз элденбиз.
Жер тамыры эл тамыр,
Жерге-Талдан келгенбиз.

## АТАГА ТЕҢ УУЛ

Уул атага үлгү алып теңешсин,
Мен атамдан ашып кеткен эмесмин.
Ат үстүндө атам ойноп шамалдай,
Мен ат эмес эшек минген эмесмин.
Кыйын болсом кыйындырмын өзүмө,
Мен атамдан артык болуп жаралбайм.
Атам жүргөн издерди акмалап,
Аркасынан сая кууп бара албайм.
Мен атадан артык уул эмесмин,
Мен атамдын бир бутуна теңдешмин.

## АДАМБЫЗ

Үзүлбөй жакшылыктан үмүтүбүз,
Айланып өтүп турат өмүрүбүз.
Күн тийсе төбөбүзгө эртең менен,
Оо демек ошол күнү биз тирүүбүз.

Адамбыз үмүт менен жашап жүргөн,
Пендебиз жылуулукту сезип күндөн.
Чачылган ырыскыны терип жеген,
Асылбыз көңүлүбүз назик гүлдөн.



Адамбыз аруулукту жүрөк сезген,
Кыйынбыз ай ааламды тешип кезген.
Аңкообуз кур үмүткө кыялданган,
Тентекбиз кээ күндөрү жандан безген.

## ТАГДЫР

Тагдыр айдап мен жөнөдүм жол узак,
Кунан минип камчы түйүп жол улап.
Кылыктанып кырда калды кыйбасым,
Оттой ысык жаштык кезим кол булгап.

Кайра-кайра улам карап артымды,
Токтото албай жылдар минген атымды.
Кылыктанып кырда калды жаштыгым,
Суна албадым арнап жазган катымды.

Мүнөт сайын жаштыгымдан алыстап,
Карылыкка жакындаймбы карыштап.
Кылыктанып кырда кала береби,
Түбөлүктүү кимге барат табышмак.

## СҮЙҮҮ

Мен сүйүүдөн жарат алып ок жегем,
Азыр дале айыга элек от денем.
Мен ишенбейм сүйүү деген жалганчы,
Урган мени жалындаган чок менен.

Мен сүйүүдөн канча жолу алдандым,
Касам ичип шам кармадым каргандым.
Ошентсем да таштап кетти бозортуп,
Сүйүү деген уясыбы жалгандын.

Мен сүйүүгө канча жолу кабылдым,
Сагынычка кусалыкка чабылдым.
Ошентсем да бир кайрылып келген жок,
Мен сүйүүгө өмүр бою таарындым.

Сүйүү деген соо койбойт ээ барганды,
Жүрөгүнө сайып коёр канжарды.
Сүйүү деген балдай таттуу уу экен,
Жан дүйнөгө салып кеткен армандды.

## ЫРДАШАЛЫ

Жашоону түйшүккө байлатпайлы,
Өмүрдү өксүккө карматпайлы.
Жылт эткен жылдыздай мүнөттөрдү,
Арылгыс арманга айлантпайлы.

Жакшыны жаманга теңебейли,
Күндөрдү саатка ченебейли.
Жылт эткен жылдыздай мүнөттөрдө,
Жан дүйнө тамчысын себелейли.

Жан барда бийикке умтулалы,
Жайылып кош канат куш сыңары.
Жылт эткен жылдыздай мүнөттөрдө,
Көңүлдөн көөнөрбөс ыр суналы.

Беш күндүк жашоодо сыйлашалы,
Жанашып ак дилден сырдашалы.
Жылт эткен жылдыздай мүнөттөрдө,
Жагымдуу ырлардан ырдашалы.



## ҮМҮТ

Жашоодо үмүтүм бар үлүндөгөн,
Үмүттө шыбагам бар үзүлбөгөн.
Үрүшсө ээрчий басып түрдүү иттер,
Жылмаям жакшылыктан түңүлбөгөм.

Ит үрөт аруу тилек улайт жолун,
Мүнөтүн бөлмөк беле итке жолбун.
Үмүттүн шооласы бар бийиктерге,
Созушат жылдыздарга, айга колун.

Үмүттө үлүшүм бар үзүлбөгөн,
Тагдырда жашоом бар түзүлбөгөн.
«Үмүтсүз адам – шайтан» дечү беле,
Үркүшүп үрпөңдөшөп жүз үйрүгөн.

Жашоомдо агы да бар карасы бар,
Максаттар үмүт менен арууланар.
«Үмүтсүз адам – шайтан» дечү беле,
Жакшылык үмүт менен таңууланар.

## САЛАМ

Салам айтам адамзаттын баарына,
Салам айтам бүт дүйнө жер шаарына.
Тээ алыскы ак кар баскан Алайдан,
Салам айтам башты ийип сагына.

Салам жер-суу, чалкып жаткан океан,
Салам Бишкек, Иркутск, Тегеран.

Салам-салам сагынычтуу жалындуу,
Баарыңарды жан дүйнөмө батыргам.

Салам айтам тээ алыскы жерлерге,
Салам айтам ар кыл өңдүү элдерге.
Төшү түктүү жер үстүндө тирүүлөй
Басып жүргөн ар бир адам пендеге.

Салам-салам чалкып жаткан океан,
Казакстан, Памир, Алтай, Тегеран.
Мен сүйөмүн бүткүл аалам жер жүзүн,
Салам жолдойм ак кар баскан чокудан.

## КОШ ЖАШТЫК

Кош ат көрдүм арабасы чегилген,
Шөкөттөлгөн алтын, күмүш, темирден.
Жаштыгымды алып кетти шаштырып,
Кош айттырбай, кол булгатпай өмүрдөн.

Кош ат көрдүм арабасы чегилген,
Таскак салып тагдыр жолун кемирген.
Бир мүнөткө токтой турган түрү жок,
Жаштыгымды алып кетти өмүрдөн.

Ашып келди тээ алыскы кырлардан,
Кош ат көрдүм арабасы сырдалган.
Бүгүн көрдүм кечээ күнү жок эле,
Дагы кимдин жаштык кези уурдалган.



## «КУУ-ЖИГИТ»

Куу жигит аты макталып,
Кылымдар бою сакталып.
Бийик бел ашкан кыя жол,
Күнүгө турат тапталып.
Жылгасы бийик өрлөгөн,
Таң калат угуп көрбөгөн.
Салкын төр кенен жылгасы,
Аркары жүздөп төлдөгөн.
Мээр чөп оттоп кулжасы,
Мөңгүнү кууп төрлөгөн.
Кышында жылуу мал-жанга,
Козусу тоңуп өлбөгөн.
Жайы-кышы соолбогон,
Булагы ийип тоңбогон.
Күңгөйдө кары жатпаган,
Тескейин теке саптаган.
Кудайлап келген койчуну,
Куу-Жигит жанын сактаган.
Илгери айткан карылар,
Миң түркүн чөптүн баары бар.
Жарадар болгон кайберен,
Өзүн өзү дарылаар.
Жылгасында жайыт бар,
Белгиси жок бейит бар.
Маркумдардын ичинде,
Аралаш кыпчак, тейит бар.
Колдой турган шейит бар,
Терскендери баштыктай,
Көөрагин кара жаздыктай.

Тамырлары билектей,
Сабактары күрөктөй.
Мазарлуу жерим Куу-Жигит,
Коёндору чүрөктөй.
Кышында шамал тийбеген,
Жайында салкын күйбөгөн.
Чилдеде короо тоңбогон,
Жамгырда чыла болбогон.
Жон алып турган саан кой,
Эчкиси төлдө соолбогон.
Мал киндиктүү Куу-Жигит,
Эч жерде мындай болбогон.
Куу-Жигит кенен жай болгон,
Чөмүч кашык май болгон.
Эмгек кылган малчылар,
Өзүнө келип бай болгон.
Төрт тарабы сай болгон,
Көңүлү жаркып шай болгон.
Жеримди бир аз мактадым,
Билгеним айтып чаптадым.
Аттиң ай менде бир арман,
Касиеттүү жылганын,
Тарыхын такыр таппадым.
Таамайлап жакшы казбадым,
Тереңдеп жакшы жазбадым.
Кандай болгон күндө да,
Куу-Жигит аттуу жылгада.
Казаны бийик тулгада,
Бата кылып жүрөлү.
Ак улакты сойолу,
Куран окуп койолу.



Көк улакты сойолу,
Дуба кылып койолу.
Эл-журт эсен тынч болсун,
Жараткан кудай колдосун!

## САРЫ-КОЛ КАЙРЫКТАРЫ

Көркөмдөп сөзүн түптөгөн,
Көсөөсүн көчкө жүктөгөн.
Тасманын тегиз талаасын,
Астына салып бүктөгөн.
Сан кылымдуу санжыраң
Айтылуу түгөп бүтпөгөн.
Аркарын атып эт жеген,
Артынып жүрүп эптеген.
Улуулар келип узактан,
Кайрылып кайра кетпеген.
Жигити комуз ойногон,
Жалыны чыгып тепкеден.
Кубанып келин тосушкан,
Шурулуу чачпак сеп менен.
Каадасын калкка сатпаган,
Салтын саптап сактаган.
Сап жакшылар биригип,
Тарыхын жазып тактаган.
Сары-Кол кенен ыйык жер,
Сапарлап барсаң бийик жер.
Кыраңда кызык көрүнөт,
Кырларда жүргөн кийиктер.
Кулактуу жамбы артынган,
Күмүштөн кемер тартынган.

Шерлери болгон элимдин,
Улуунун сөзү жазылган.
Дептери болгон элимдин,
Көкөнбектей миң башы,
Бектери болгон элимдин.
Улуу элде нарк болгон,
Уңгусу түптүү калк болгон.
Санаты бар салт болгон,
Саламы бар калк болгон.
Түндүккө жел боо байлаган,
Түрүлүп малын айдаган.
Кийик от өскөн белдерде,
Жайында барып жайлаган.
Сары-Колдун тоосу кен болгон,
Булагы дары эм болгон.
Береке, дөөлөт себилген,
Жыл бою малы семирген.
Алыстан келген адамга,
Бейиштей болуп көрүнгөн.
Кышында кары аз болгон,
Торсугуп токту семирген.
Айланып кетсе болот ээй,
Айтылуу Сары-Кол жеримден.
Ийилип айтам саламын,
Алыскы Сары-Кол жеримден.



## НАЙМАН – ДЕГЕН УЛУУ ЖУРТ

*«Мен Найман тукуму намыс үчүн,*
*ажалга да башымды ийбеймин!»*
*(Таян хан жоокери)*

Тарыхтын тереӊ төрүнөн,
Башталат «Байкал» көлүнөн.
Улуу журттун уңгусу,
Улуу кыргыз көрүнгөн.
Кылымдар сүйлөйт өткөндү,
Чайпалып доорлор бөксөрдү.
Орхон, Тарим, Кара-Иртыш.
Тулпар чапкан баатыр эл,
Туусун бийик көтөрдү.
Таян-Хан жана Күчлүг-Хан,
Наймандан чыккан улук хан.
Душманга сырын алдырбай,
Намысын туткан улуттун.
Энесай, Алтай, Памирге,
Жерге-Тал, Шаартуз, жерине.
Чөп өскөн тоолуу таштарга,
Чоң-Алай, Сары-Кол Кашкарга.
Кыяк-Башы, Можуга,
Ок-Салыр, Бостон-Терекке.
Баш-Гүмбөз, Мургап, Чечекти,
Ыраң-Көл, Шаймак, Кара-Көл.
Жашаган найман улуу журт.
Зоодогу алгыр бүркүттөй,
Жигити кыраан улуу журт.
Кырчын талдай ийилген,
Кыздары сулуу улуу журт.

Кош жылдызга жуп болгон,
Тууруна бекем кут конгон.
Түндүгүн бийик көтөргөн,
Түптүү найман улуу журт.
Саптуу найза бөктөргөн,
Сан кылымды өткөргөн.
Салт-санасын сактаган,
Санжырасын тактаган,
Нарктуу найман улуу журт.
Учугун үзбөй улаган,
Жоктон барды кураган.
Чындыкты бетке кармаган,
Ар намыстан тайбаган,
Барктуу найман улуу журт.
Күлүк чаап байге алган,
Ит агытып куш салган.
Комуз чертип күү чалган,
Күүлөнгөн сайын күч алган,
Салтуу найман улуу журт.
Эл башында миң башы,
Калк кашында жүз башы.
Эзелтен эле тарыхта,
Улуулар улайт көч башын.
Тегинде бар уютку,
Канында бар арuулук.
Өзөгүнөн тамырлап,
Өсүп чыккан улуулук.
Найман деген улуу журт.
Ат үстүндө жаралган,
Ааламга тегиз таралган.
Байыркы баатыр тукуму,
Найман деген улуу журт!



## 1-ОКТЯБРЬ ТУУЛГАН КҮН

Туулган күн кызыл шарап ичтик, ичтим,
Ичким бар бүгүн менин күйүп ышкым.
Жашоонун карасы көп агы арбын,
Салмагын бирдей бөлүп теңештирдим.

Мас болуп кызыл жүзүм шарабына,
Бараттым өмүрдүн өр тарабына.
Ырдаймын, ырдагансыйм Ырысбайдай,
Обонум жетип-жетпей чала-була.

Күлгөнсүйм, ыйлагансыйм, күңгүрөнөм,
Күмүш нур төгөт бирок күн жүзүнөн.
А ойдо элес турду алыс, узак,
Күндөрдүн кызыл гүлү үлбүрөгөн.

Мас болуп кызыл жүзүм шарабына,
Бараттым өмүрдүн өр тарабына.

## ӨМҮР КАЙРЫКТАРЫ

Мейли кедей, мейли болгун падыша,
Жылдар өтүп, бир күн кетер саат келет.
Мезгилинде тулпар чаап жүрсөң да,
Издер өчөт кар жааса себелеп.

Аягында алтын тактың болсо да,
Сенсиз калат гүл ыргалган талаалар.
Күн төбөңдө күмүш бакыт болсо да,
Ким бошотуп алмак жанды ажалдан.

Ошондуктан күндүк жолго күлүк мин,
Жаздай жайнап жарты өмүрдө күлүп жүр.
Таштуу жолго сала бербей тагдырды,
Тирүүлүктө алтын башты сүйүнткүн.
Сүй өзүңдү, сүй өмүрдү, сүйүп жүр!

## КЫЗЫЛ-АРТ АШУУСУ

*Кызыл-Артта жол мастери Таалайбек ака, жана бульдозерист Амантай ака,*

*Мен төрт күн сиздердин чайыңыздарды ичтим.*

*Сиздердин мага кылган жардамыңыздарды унутпайм, Бар болгула бороондуу белдин чыдамкай эмгекчил, ак көңүл, боорукер адамдары. Сиздерге жана Кызыл-Арт ашуусуна менден таазим.*

Кызыл-Арт, бороон улуйт кар уютуп,
Түйшөлөм чылымымды күйгүзө албайм.
Арсар ой туңгуюктай эртеңкиси,
Жолчулар бульдозерин жүргүзө албай.

Не айла? А биз сыртта үшүп жүрдүк,
Жүр, жүр-дейт жүргүлө деп үйгө кирдик.
Жылуу чай эриткенде көңүлдөрдү,
Жылмайып өзүбүзчө күлүп турдук.
Кызыл-Арттын белинде,
Амантай ака, Таалайбек.
Бороон урган кокту бел,
Жыргалынан түйшүк көп.
Союздан калган эстелик,
Жүрөөр жүрбөс булдозер.
Тамак-аш болсо көңүл ток,
Жарытарлык көмүр жок.



Жогорудан жардам бергенге,
Чондордо неге көңүл жок.
Жыгачы сынып жыртылган,
Зым менен байлап тартылган.
Жараксыз эски үйлөрдө,
Жолчуга милдет артылган.
Чатыры калган тешилип,
Эшиги сынып жешилип.
Чарчаган шордуу шоопурлар,
Капарсыз уктайт көшүлүп.
Эшикте жатат эски зым,
Троско кошо эшилип.
Мезгилсиз чылым түтөткөн,
Коногу көп жүдөткөн.
Бет мандай урган шамалы,
Демиңди кысат түтөктөн.
Алсызды Кудай жөлөйбү,
Кызыл-Арт бели көйгөйлүү.
Жүз үйрүп таштап койгудай,
Өкмөткө бул жер өгөйбү.
Же Сары-Колчуга эле керек деп,
Атайлап көңүл бөлбөйбү.
Пордөбөдөн пограндар,
Постон келип сүт сурайт.
Кызыл-Арттан таможный,
Демитип келип жытыркайт.
Билбемиш болуп сөз сурайт,
Тамшанып келип суу сурайт.
Жыртык тамда канттиң деп,
Жылмайып келип ким сурайт.
Уңгулуу жолду ким улайт,
Карлуу жерде кантти деп.

Кайрылып келип ким сурайт,
Этеги кыска, жеңи узун,
Эстүүлөр элин эстебейт.
Эскиче чөп жесе да,
Эч качан эшек кепшебейт.
Адамдын ары болбосо,
Айткандарга кеп жебейт.
Тамтыгы чыккан жолдорду,
Такыр эч ким эстебейт.
Даткалар ашкан дабаанды,
Эмнеге эч ким эстебейт.
Бирок билип алгыла,
Улуу Жибек жолунун,
Босогосу Кызыл-Арт.
Өтүп кеткен тарыхтын
Коңгуроосу Кызыл-Арт,
Улуу журтуң катташаар
Көпүрөсү Кызыл-Арт.
Кыз Жибектин көөнөрбөс,
Шөкүлөсү Кызыл-Арт.
Кар ээрисе түбүндө
Музу калган Кызыл-Арт,
Олуя-Ата, Баабедин
Изи калган Кызыл-Арт.
Сайга түшүп эзилип,
Дабаа болуп ичкенге.
Ак тулпарчан эшендин
Тузу калган Кызыл-Арт.
Жолчунун көрүп күрөгүн,
Эзилип жаман жүдөдүм.
Үйүнүн көрүп эскирген,
Ачышып кетти жүрөгүм.



Тешилип сынган эски там
Оңдолсо деп тиледим,
Эл кыйналбас сапарда
Жол болсо деп жүрөмүн.
Кызыл-Арт жолу сүрүлүп,
Түздөлсө деп тилеймин.
Эл-журтум жүрсө кыйналбай,
Ушул менин тилегим.
Обида жок эч кимге (Тамаша),
Ушул эле менин тилээрим.

## БИЗ ЧЕЙМЕ АКА ЭКӨӨБҮЗ ДҮЙШӨМБҮ ШААРЫНДА БИРГЕ ЖҮРГӨНБҮЗ

*(атамдын эскерүүлөрүнөн)*

Чейме ака экөөбүз,
Дүйшөмбүдө жүрөбүз.
Тоок этине тойо албай,
Тамак-аштан бир аз жүдөйбүз.
Керилип басар кокту жок,
Үйдөгү даамдуу шорпо жок.
Камырында чөп-чар көп,
Чаңкоону басар көк чай жок.
Жалгыз эмес үчөөбүз,
Газ суудан улам ичебиз.
Күндүн урат аптабы,
Ысыкта тердеп түтөйбүз.
Салкындап уктаар убакыт жок,
Мөлтүр кашка булак жок.
Ызы-чуудан чарчайбыз,
Тынч уктаарга кулак жок.

Жалбырактуу курма көп,
Биздеги кара куурма жок.
Чайханада жүрөбүз,
Мурч кошулган мантыны
Сыртыны сыйрып кармап жеп.
Суутуп чайды үйлөйбүз,
Сары-Кол жактан сүйлөйбүз.
Жыты келсе килканын,
Жактырып анча сүйбөйбүз.
Гиссардын кара дарбызын,
Ортосуну ойобуз
Нанга кошуп сугунуп,
Курсант болуп тойобуз.
Ээ балам, көп жолду бастык сыдырып,
Көп жерди көрдүк кыдырып.
Баа-баркын билдик ошондо,
Садагам, Сары-Колдой жердин кадырын.
Чыйралдык талаа-түздөрдө,
Үзөңгүлөш болдук көптөргө.
Тагдырдын насип буйругу,
Таберик, ырыскы, бөктөргө.
Баамдап билдик уңгусун,
Сары-Колдун ичтик туз-суусун.
Ашыгын чертип чер жаздык,
Журтумдун ойноп ордосун.
Чейме акадай алтындар,
Көп күндү чогуу өткөрдүк.
Шаарда эстеп Сары-Колду,
Тооктун гөшүн жеп күлдүк.
Сагынып тоонун этини,
Тамшанып айтып көп жүрдүк.



Көп жолду бастык сыдырып,
Көп жерди көрдүк кыдырып.

***Мен атамдын айткандарын кагазга түшүрдүм,***
***Кемчиликтери болсо кечирим сурайм!..***

## ӨМҮР САПАРЫ

Саргайып өткөн күндүн дарактары,
Саналып өмүрүмдүн барактары.
Сааты жазылыптыр тагдырыма,
Жашоодо басар жолум тараптары.

Бүктөлүп күндөрүмдүн сүрөттөрү,
Жүктөлүп өткөн чакка мүнөттөрү.
Аркарлар чыйыр салды чоку көздөй,
Алыста бийик окшойт түнөктөрү.

Агылдым турмуштун ар тарабына,
Кабылдым бороон-чапкын, шамалына.
Кезиктим жаштыгына, сүйүүсүнө,
Мас болдум, магдыраткан шарабына
Туш болдум, турмуштун ар тарабына.

## СЕЗИМДЕГИ КАЙРЫКТАР

Түшүмдө тулпар минип камчыланып,
Түтүндөй буруксуган чаң чыгарып.
Баратам аласалып бийиктикке,
Түйүнчөктөй түйшүгүмдү артып алып.

Жоготуп албайын деп ырларымды,
Жон, белес, кырга жаздым ыр сабымды.
Жанга айтпай жашыруун катып жүрүп,
Ырыма айттым жүрөк сырларымды.

## ТУРМУШ САПТАРЫ

Сыдырым шамал өткөндө,
Көнөктөп жамгыр төккөндө.
Көк, сары, кызыл көп гүлдөр,
Көрктөнүп өскөн көп жерге.

Бирөө айтты азап деди бул турмуш,
Бирөө айтты түйшүк деди тирүүлүк.
Бирок турду жан дүйнөмдө жакшы ырлар,
А жашоодо ыргылжың ит жыгылыш.

Кара-Көлдөн айланып өткөнүмдө,
Ак-Байталга ат чабым жеткенимде.
Гүл жыттанган төрт сап ыр жазгым келди,
Күз өңдөнүп саргайган дептериме.

Муз-Көлдөн шамал сокcондо,
Музыка ойнойт сезимде.
Мүнөттөр токтоп калгансыйт,
Мезгилдин жылбай өзүндө.



Кайберендер жүрсө бийикте,
Суктанабыз жүрөт кийик деп.
Кайып жандар Кудай жараткан,
Чокуларда чуркайт күйүкпөй.

## АТАКЕМ

Көрөөр күнү ичер суусу түгөнүп,
Көз алдымда алсыз жатты атакем.
Тойбой турду ушул жарык дүйнөгө,
Көргөн күнү кайра артка сүрүлүп.
Колум кармап: «Уулум, – деди, – шашпагын,
Жаман жолго эч убакта баспагын.
Кагылайын, кайраттуу бол жашоодо
Эч убакта кайратыңдан жазбагын».
Ойлуу жатты көпкө чейин телмирип,
Эстеди окшойт жалындаган жаштыгын.
Сезип турду жашоо бүттү түгөнүп,
Акыркы дем кыл учунда серпилип.
Колум кармап: «Уулум, – деди, – шашпагын,
Жаман жолго эч убакта баспагын,
Кагылайын, кайраттуу бол жашоодо,
Эч убакта кайратыңдан жазбагын».
Аскар тоомдун сөзү кетти үзүлүп,
Атакемдин көзү кетти сүзүлүп.
Өчпөс болуп айткандары сезимде,
Түбөлүккө уюп калды түйүлүп.

## АРУУ ОЙЛОР

Алыс эмес, жакын эмес аралык,
Биз жашоого максат менен баралык.
Биздин ошол аруу максат, ойлордон,
Ийгиликтер ишке ашсын жаралып.

Этегин кармап баспай бирөөнүн,
Акыл калчап кадам таштоо жүйөлүү.
Ар бир айткан асылдардын сөздөрүн,
Аздек баалап эсибизге түйөлү.

Кел, адамзат, улуулукту эстейли,
Кежир сүйлөп чектен чыгып кетпейли.
Адам оюу чексиз-түпсүз кеңдикте,
Багыттасак ай ааламга жетпейби.

Алыс эмес, жакын эмес аралык,
Биз жашоого максат менен баралык.

## ЖАШТЫГЫМ

Обону: *Сааданбек Байзаковдуку.*
Сөзү: *Өскөнбай Бердибаевдики* .

Жаштыгым ырларымсың,
Сезимде сырларымсың.
Алтындай күндөрүмө,
Айланган жыргалымсың.

Жаштыгым жалындайсың,
Жашоомдун шамындайсың.



Айрылып кетсең менден,
Кайрылып табылбайсың.
(Айрылып кетсең менден,
кайрылып табылбайсың.)

Жаңырган күлкүмдөйсүң,
Жайнаган түр гүлдөйсүң.
Сүйдүрүп селкилерди,
Сүрөттө сүртүмдөйсүң.

Жаштыгым жалындайсың,
Жашоомдун шамындайсың.
Айрылып кетсең менден,
Кайрылып табылбайсың.

Ашууда белестердин,
Армансыз элестериң.
Жаштыктын жылдарында,
Жашагым келет менин.

Жаштыгым жалындайсың,
Жашоонун шамындайсың.
Айрылып кетсең менден,
Кайрылып табылбайсың.

## БӨРҮЛӨРДҮН УЛУШУ

Улуп-уңшуп чыйрыктырган боз бороон,
Элес-түсүн көрсөткөнсүйт тозоктун.
Кемигенден кичирейип жоголуп,
Улам жылып узап барат жолоочум.

Саат мезгил сапырылып шамалга,
Күндөр кайып болуп жатат кырандан.
Үзүл-кесил үнү угулуп кулакка,
Күңгүрөнүп күймөнүшөт адамдар.

Кырк чилдеде минип күлүк тулпарын,
Кычыраган аяз сууруйт кылычын.
Жан дүйнөгө бүлүк салат капилет,
Боз бороондо бөрүлөрдүн улушу.

Сезимдерге бүлүк салат капилет,
Караңгыда карышкырдын улушу.

## ЖАЛГЫЗ ҮЙЛҮҮ ЖЫРГАЛБЕК

Кум коктуда жалгыз үйлүү Жыргалбек,
Жүрөсүңбү ойноп-күлүп, эсен-соо.
Казындыга барасыңбы кой жайып,
Кийик барбы далдасында кызыл зоо.

Келдиш ака дале чылым чегеби,
Сени ээрчий суу боюна келеби?
Жолдон өткөн жолоочуну утурлай,
Куу күчүгүң улуп түндө үрөбү?

Дүрбү салсаң «Муз-Так» ата көрүнүп,
Көлмө жакка барасыңбы зеригип?
Кум учурган шамал мени эстейби,
Кээ күнү жай, кээде катуу оолугуп.

Кум коктуда жакшы иним Жыргалбек,
Атаң , апаң, үй-бүлөң, баары аман жүрөбү.



## САНАА-ОЮМ

Санаа-оюм шамалга желдей кетет,
Кээде туруп жашагым келбей кетет.
Көрөөр күнүм кызыгы түгөнгөнсүп,
Бир саамга жалыным түтөп өчөт.

Кайра туруп үмүт отун жандырамын,
Неге өзүмдү сар санаага алдырамын.
Жан дүйнөмдү көмбөйүнчү туңгуюкка,
Жылынайын күн табына жарды жаным.

Кыялдарым кыл учунда шамал ыргайт,
Бар жакшымды баткан күн неге уурдайт.
Бар үмүттөр, мендеги бар үмүттөр.
Тирүүлүктүн кайрыгын улап ырдайт.
Бар үмүттөр мендеги үлүңдөгөн,
Тирүүлүктүн кайрыгын улай ырдайт.



## МУРГАП-ОШ 415 км.

Мургап-Ош төрт жүз он беш километр,
Сапарлаш тоодо шамал жолдо жамгыр.
Кайылбыз кыл чокуда кар кечүүгө,
Кыргызбыз, кырга байлап койгон тагдыр.

Ай чапчыйт аалам чоку Ак-Байталым,
Санап жыл санжырасын жазган тарых.
Айланып алгыр бүркүт шаңшып учкан,
Асыл жер ата-конуш бизге баалуу.

Мургап-Ош төрт жүз он беш километр,
Сагынып келе берет кайра баргым.
Сезимде Сары-Колдун жылгалары,
Элестеп толкунданып турам азыр.

Мургап-Ош төрт жүз он беш километр,
Ай чапчыйт Ата-Журттун Ак-Байталы.



## ТАГДЫР

Тагдыр мени кайда агызып барасың,
Алып буттүң жан дүйнөмдүн мазасын.
Таштуу жолдо жылаңаяк бастырып,
Бороон болуп этек-жеңим ачасың.

Тагдыр мени кайда агызып барасың,
Кирген суудай албуутанып шашасың.
Касың бардай кара ташка карс уруп,
Ийлеп, кайра кумдуу чөлгө саласың.

Тагдыр мени кылыч менен чабасың,
Тозуп кетсем кумдан издеп табасың.
Балким тагдыр чырак болуп колума,
Туңгуюктан өзүң алып чыгарасың.

## БИР ОЙЛОР

Кууп жетпей күндөрдүн көпөлөгүн,
Чын турмушта сүйүүнүн бөлөк жолу.
Бир кездерде алоолоп жалын чоктор,
Барып өчөт ал оттор очоктогу.

Тартып алган мезгилдер ай чырайын,
Сулуулугуң сенин да жок дайыны.
Бирок келет айланып кечки күүгүм,
Тээ качанкы уккан бир жомокторуң.

Бизди мезгил айлантат жалбыракка,
Жерге түшөт үзүлүп саргайыңкы.

Алсыз арык адамдар көчөлөрдө,
Көп жылдарын короткон алдан тайып.

Бир күн келет айланып кечки күүгүм,
Жаштык күндүн өчкөндө жарык шамы.

## КЕЧИРГИЛЕ

Бул өмүрдө канча жолдор бассак да,
Кыйын болуп тоо томкоруп казсак да.
Адашуу бар пенде экенбиз аттиң ай,
Оюбузда түптүз кетип жатсак да.

Орой сүйлөп капа кылып бирөөнү,
Же байкабай учурашпай калабыз.
Кыйынсынып бой көтөрүп теңсинбей,
Же тескери терс бурулуп басабыз.

Пенде экенбиз бизде кетет кемчилик,
Сыйлаша албай бирибизди бирибиз.
Мезгил өтөт аттиң дейбиз ошондо,
Оо дүйнөдө койор бекен кечирип.

Жаңылбаган жаак жоктур жашоодо,
Мүдүрүлбөс туяк болбос өмүрдө.
Баарыңардан башым ийип суранам,
Эгер менден кеткен болсо кемчилик.

Кечиргиле мени эки дүйнөдө!
Кечиргиле мени эки дүйнөдө!



## САГЫНДЫМ ТООЛОРУМДУ

Өкчөдүң тагдыр, камгактай жеңил калчадың,
Түгөнбөс түйшүк түңүлдүм желип чарчадым.
Кызыктын баары кырларда калган турбайбы,
Кылчактап карайм, кусадар болуп арт жагым.

Түшүмдө көрөм айылга кетчү жолдорду,
Кайберен түнөк, кар кетпес бийик тоолорду.
Калдайып учам, канаттуу кушка айланып,
Сагынган окшойм, мамыры өскөн зоолорду.

Салкын жел согот тоо жактан кээде айланып,
Удургуйт кыял, сезимдер канат байланып.
Түшүмө кирсе кайберен түнөк Ата Журт,
Кангансып калат, чаңкаган кусам жайланып.

Түшүмө кирсе кайберен түнөк тоолорум,
Тойгонсуп калат көкүрөк мүдөөм жайланып.

## БИЙИКТЕГИ ЫР

*(бейиттеги ыр)*

Жүргөнүмдө ай узатып күн күтүп,
Өтүп кетсем ажал жетип күн бүтүп.
Мени бийик Памир тоого көмгүлө,
Көшүлөйүн көңүлүмдү тынчытып.

Бейитиме таштан белги койгула,
Таш бетине ырлар жазып ойгула.
Ашуу ашкан жолоочулар окусун,
Сапар жолдун саптарына ой бура.

Өсүп чыкса боз мүрзөмө мамыры,
Өзөк түбү менде калат тамыры.
Шамал соксо Ак-Байталдын белинен,
Жетер мага жаңы күндүн жаңы ыры.

Бийиктикке жашырылса карааным,
Калбайм анда салаасында санаанын.
Ак-мөңгү тоо аруулукка айлансам,
Арзуум ошол кайра баштан жаралуум.

Бейитимде айдарым жел гүл өссө,
Аркар-кулжа мен тарапка түнөсө.
Жашамакмын жашармакын жакшы ырдай,
Жаннат жашоом, бейиш багым миң эсе.

Өтүп кетсем ажал жетип күн бүтүп,
Мени бийик Памир тоого көмгүлө!

## «МУРГАПТЫН МУЗ КОШУЛГАН ТАТТУУ ШАРАБЫНАН КУЙГУН!» – ДЕДИМ

Келиппиз аркырап шамал урган тарабынан,
Куйгунуң, Памирдин муз кошулган шарабынан,
Кутулайын, койо турчу дагы бир азга!
Турмуштун тузак салган түгөнгүс азабынан.
Кыялымда каалгый учуп бийиктерге,
Кыраңда баскым келди жанашып кийиктерге.
Куйгунуң Бадахшандын бал татыган шарабынан,
Кеттик анда жанып-өчкөн түгөнгүс үмүттөргө.
Мунардай бийик Мургап аскасынан,
Ырдайлы, бүркүт уя – таш-башынан.



Куйгунуң муз кошулган Мургап шарабынан,
Ичеличи жатып калгычакты чалкабыздан!
Ичтик анда Мургаптын (Памирдин) муз кошулган
шарабынан,
Аркыраган шамал согуп ар-тарабынан,
Чийилип турду чиркин не бир күндөр,
Өмүрдүн өтмүш болгон барагынан!
Куйгунуң Бадахшандын бал кошулган
шарабынан,
Көтөрдүк Мургаптын муз кошулган шарабынан!

## АЛАЙ СУЛУУСУНА

Багынып сулуу селки жамалына,
Дамыгып Жел-Айдардын шамалына.
Даротто дароо жаздым эки сап ыр,
Дайыма алып жүргөн барагыма.

Тоолордун кучагына кучак салып,
Ойлорум бир саамга тузакталып.
Өмүрүм токтогонсуйт өр тартканда,
Өзүңдү унута албайм узак барып.

Өткөргөн өңдүү күндүн далай жазын,
Өңү гүл, өрүмү гүл саамай чачың.
Ааламга алыс узап кетсе жолум,
Айланып келерим сен Алайдасың.

Желпинип желге ыргалат саамай чачың,
Жериңди билем, сулуу, Алайдансың.



## БАШКА ТИЛГЕ КОТОРУЛГАН ЧЫГАРМАЛАРЫ

### ТАҒДЫР

Тағдыр мені қайда ағызып барасың?,
Алып біттің жан дүниемнің мазасын.
Тасты жолды жалаң аяқ бастырып,
Боран болып етек- жеңім ашасың.

Тағдыр мені қайда ағызып барасың?
Алабұрткан судай болып шашасың.
Қастығыңдай қара тасқа тарс ұрып,
Илеп қайта құмды шөлге саласың.

Тағдыр мені қылышпенен шабарсың,
Тозып бітсем, құмнан іздеп табарсың
...Бәлкім тағдыр шырақ болып қолыма,
Тұңғиықтан өзің алып шығарсың.

*Казак тилине аударған : Ажар Садықов*



### СҮЮ АРМАН

Сүюден күйікті арман аламыз ба?
Айықпас дертке айналып барамыз ба?
Жалғанда екеумізде тірі тұрып,
Әттең-ай, көрісе алмай қаламыз ба.?.

Бал эмес, сүюден у татамыз ба,
Азапты сағынышқа батамыз ба?
Эттең-ай, екеумізде тірі жүріп,
Бір болмай, екі жақта жатамыз ба?

Сүюден бақшадағы гүл бола алмай,
Сарғайып шыныменен соламыз ба?
Эттең-ай, екеумізде тірі тұрып,
Жолайырық екі жақта соламыз ба.....

*Аударған: Ажар Садықова (Казахстан).*

**Отец семерых детей.** Когда зимой лежал в больнице с младшей дочкой, которая получила ожог ноги, у них сгорел дом. На лечение и операцию дочки ушло много средств, особенно не хватало денег на переливание плазмы, паспорт оставили в Центре крови в Оше, так как не смогли оплатить. Все это с грустью рассказал он.

Осконбай пишет стихи, член союза писателей Средней Азии «Янги Овоз».

Не найду адреса своего, я потерян,
Хотя мир широк, но нет места для меня.

Полон надежд, но я в смятении,
Никому не говорю свои волнения.
Все внутри горит пламенем,

Свалились на голову мне злосчастия.
Не бросаю никогда стихи свои,
Даже если устаю от обыденности.
В жизни от всего запаздывающий,
Я устаю, догоняю, выдыхаюсь.
Закрываясь от ударов, наступлений,
Ищу в стихах своих умиротворения.
Жизнь моя из взлетов и падений,
Я льдинка, отколовшийся от льда.
В трудности погружения, проседания
Не отнимут мои стихи никогда
В сложной жизни – напасти, несчастья,
Стихи мои, как стражи, оберегают меня.

*Азаттык радиосунан*

## БІЗ ҚЫРҒЫЗБЫЗ

Біз Қырғызбыз жер бетіне шашылған,
Біз жалынбыз, жалын отты асылдан
Қиын күнде қанша азаптан өтсек те,
Солмай гүлі қайта гүлдеп ашылған.

Біз Қырғызбыз ата баба сыйлаған,
Біз ұлымыз, әлемге біз сыйлы адам.
Қайсы өлке қайсы жерде болса да,
Ата жұртты дос бауырды қимаған.



Біз Қырғызбыз тілімізді сақтаған
Ар намысты дінімізді сатпаған.
Ала таудан Памир Алтай Енесай,
Ат үстінде ұзақ жол бар баспаған
Ата жұрттан алыс ұзап кетсекте,
Біз Қырғызбыз тілімізді сақтаған.

*Аударған: Ақгүл Үсенова*

**Bul dastan Pamir kırgızdarının ötünüçü menen jazılgan.**

## RAKHMANKUL KHAN

Tört kulaktuu kazanym,
Tördö aytkan kazalym.
Koş kulaktuu kazanym,
Koroodo aytkan kazalym.
Tooluu jerdin biyigi,
Toptoşup jüröt kiyigi.
Koş örüm çılbır arkanı,
Koroolop jüröt arkarı.
Özögündöy tamırdın,
Özgöçösü Pamirdin.
Rahmankul - Han ata
mazarına jıgılıp,
Dua kıldım jügünüp.
Jalgız soyuş alıparıp,
Jaratkanga jalbarıp,
Kuran okuym bagıştap.
Köp arpanın içinde,
Jalgız buuday özünüz.
Köp külüktün içinde,

Jalgız buudan özünüz.
Köpçülüktün içinde,
Akılmanı özünüz.
Oymoluu bolgon kamçınız,
Oluttuu bolgon saltınız.
Keshtelүү bolgon kamçınız,
Kadyrluu bolgon saltınız.
Suusardan bolgon bөrkünüz,
Synduu bir kelgen kөrkünüz.
Kunduzdan bolgon bөrkünüz,
Kupuya syrduu kөrkünüz.
Oluttuu bolgon oyunuz,
Ortoço bolgon boyunuz.
Teren bolgon oyunuz,
Tepkedey bolgon boyunuz.
Rakhmankul- Khan ata,
Askaluu toonun şumkarı,
Ay tiygen jerdin tulparı.
Künöstüü toonun tulparı,
Kiyiktüü toonun şumkarı.
Ak kuljanyn turugu,
Ak- Chepkendin şırıgı.
Düynödön neçen han ötkön,
Tarıhta hansız chınıgı.
Aptaptuu ıssık saratan,
Han bolo albayt ar adam.
Biyikte ıssık saratan,
Bek bolo albayt ar adam.
Sunulup kılıch turganda,
Tagdırlar joldu buganda.
Kayratın küçün jogotpoy,



Han bolup turgan han atam.
Keregin atka önörgön,
Kerege jayıp imergen.
Jaragın atka önörgön,
Jabuusun jayıp imergen.
Töögö artkan baştıgın,
Topozgo artkan aştıgın.
Ögüzgö artkan baştıgın,
Oogandan algan aştıgın.
Külükkö artkan baştıgın,
Kabuldan algan aştıgın.
Tapkanın tegiz taratkan,
Kıblaga törün karatkan.
Uluu jurtka baş kılıp,
Kudayım sizdi jaratkan.
Koş mizdüü kümüş bıçagın,
Konokko açık kuçağın.
Meymandos bolgon jurtunuz,
Kelgenge açıp kuçagın.
Bulaktın möltür tunugu,
Uluunun bolup ulugu.
Kırlarda kılım ötsö da,
Hanı siz jurttun chınıgı.
Oymoluu kүmüş üzöngü,
Oylonup baskan tüzöndü.
Oturup karap baykagan,
Oyunu bilip jüz öndü.
On sap ır jazdım sanjıra,
Kapşıra karmap tizemdi.
Sarykol, Pamir, Nurgabım,
Bek handar ötkön murdagı.

Komdonup turgan bürküttör,
Tabına kelip tuurdagı.
Jelbegey çepken jamıngan,
Kümüştön kemer tagıngan.
Taruuday bolup tozuduk,
Han ata biz eli sagıngan.
Piyazı çepken jamıngan,
Altından kemer tagıngan.
Tush-tushka ketip çaçıldık,
Han ata biz jurtun sagıngan.
Sümböndün uçu sarı ele,
Sözündö taasir bar ele.
Kököörün çeti sarı ele,
Kebinde taasir bar ele.
Özündöy bolup akılman,
Jurt baştay albayt baarı ele.
Tündüktön tüşkön ay körktüü,
Türülgön dayra say körktüü.
Koroo-koroo jılgada,
Jayılıp jürsö mal körktüü.
Salmaktuu bolup tabılgan,
Salam aytkan Kabuldan.
Döölöttüü bolup tabılgan,
Dua ayttırgan Kabuldan.
Iyık jerdin uulu dep,
Biyik jerdin begi dep.
Baatırlardın şeri dep,
Akılmanı eldin dep.
Korgooçusu jerdin dep,
Bütkül düynö taanıgan.
Kabulga barsa korkpogon,



Kaşkarga barsa jortpogon.
Mazarluu jerden kıya ötpöy,
Maani berip toktogon.
Öçürbögön avazın,
Taştabagan namazın.
Salt - sanaasın saktagan,
Jolunda ata- babanın.
Kalıs sözün karmagan,
Kaadasız jerge barbagan.
Biyikte toonun bürkütü,
Han-ata sizdey barbı adam.
Suu akpay soolup say kuruk,
Keyidik sizden ayrılıp.
Kılımda sizdey kelebi,
Daanışman bizge kayrılıp.
Tumanduu toolor Andemin,
Tagdırlar tataal kantemin.
Şamalduu toolor Andemin,
Şartıbız kataal kantemin.
Mekendi tashtap köçpöybüz,
Melüün bul jerden ketpeybiz.
Kançа jıl mezgil ötsö da,
Han ata sizdi esteybiz.
Şamalduu jerden köçpöybüz,
Şaarga alıs ketpeybiz.
Şariyat jolun karmagan,
Han ata sizdi esteybiz.

Tumanduu toolor Andemin,
Tagdırlar tataal kantebiz.
Şamalduu toolor Andemin,
Şartıbız kataal kantebiz.

## DAĞDAKI KIRGIZ HANI

Rüzgar, soğuk, dağ dibinde bir çadır
Yaşam sürmek zor koşulda ne bahttır
Fakat galip hayattaki sınavdan
Yarını için ayaktasın sen halkın

Dağlar gibi heybeti var duruşun
Yiğit adam her sözünde ulusun
Hem Afganlar, hem Rusların önünde
Saygın adam  vardı senlik duruşun

Rahmankul Han Kırgızların lideri
Rahmankul Han ulu Manas izinde
Dağ aslanı korumuştur milleti
Varlığıyla dağıtmıştır düşmanı

Tanrı Dağlar gibi kale olmuşsun
Vatan için, ulus için yol tuttun
Kırgız Hanı hayat veren ulusa
Tarih yazdı altın harfli bu yurda
Han sarayı olmasa da bir günlük
Tanrı Dağlı halkın gönül tahtında

**I dedicate these verses to the memory of Toktomat hunter.**

The waves of Kara-Kirl lake
Turned excited today.
The wind waves of Mus-Kirl lake
It was sad and excited today.



Baigashka-Turuk, from Dangkai
Mountain goats went a lot.
From Kyzyl-Jeek and Dangkai,
Mountain goats lived a lot.
The saint of animal,
The goats of Jangy-Jer,
The saint of goats,
The goats of Kokui-Bel.
Toktomat hunter our dad,
In the mountains you could sleep.
You knew the mountains road,
Many argales you could shoot.
Hurricane of the Kara-Art,
The winds was the fast.
The winds of Markan-Suu,
From Muz-Kirl was the fast.
Toktomat hunter our dad,
It was a pity that you left.
We can remember,
Your smiling face.
We can remember,
Which we spent together days.
You left your footprints,
High on the mountains.
The lake is clean looking at the moon,
The shores of the lake are smooth.
Kara-Kirl lake sometimes shakes,
From Kara-Art when wind blows.
There are ravines and swans,
Fly around white swans.
You live in an illusion,
Like a swan swimming in the waves.

Jan-Aidar and Chyny-Suu,
The deepest of the rivers.
Ak-Baital and Chyny-Suu,
The highest of the pass.
You became a famous,
You shot argales from the pass.
Glory of God in the highest,
You shot mountain goats.
Belen-kiyik, Kyzyl-Art,
We shall keep in our hearts.
Ui-Bulak and Kyzyl-Art,
We shall keep in our hearts.
Toktomat hunter our dad,
He looked through binoculars.
From the heights of wealth,
From the lofty height.
He had strong health,
He could work many days.
You were precious,
You had good wishes.
You gave us a breast,
Your meat was delicious.
You gave us nice dowries,
You gave a lot of meat.
You was a man as a best,
You had clever words.
Ok-Salyr mazar is a grave,
Your past is sad.
Kyzyl-Art mazar is a grave,
I'm sorry you left.
Sai-Konysh and Kokui-Bel,
With grass beauty land,



Sai-Konush, Cirbirk,Kara-Chym,
Kara-Kirl also beauty land.
Silver gun he had on his hand,
There was a ransom for gold.
There was no dirt in the mind,
My hunter was a humble soul.
Mysterious destiny is life,
Everyone can be died.
A hunter living in the high.
We must remember all the time.
Crossroads are life,
May be sad or nice.
Sometimes we are silent,
Sometimes we are cry.
Toktomat hunter our dad,
Our people will never forget.
All the time the God blessed.
All the people will respect,
We will never forget.
You are hunter from Sary-Kirl,
We will write a poem and novel.
May your place be in Paradise,
May you be in Paradise.
With the helping of God,
We will pray days and nights.

A hunter in our memory,
May be left in the history.

Author: Uskenbay Berdibaev.
Author of translation:
Kudaibergenova Roza Asyranbekovna.

## АРЗЫХАН

Айдай сұлу Арзыхан,
Алпыс қызға арзыған.
Жібектей әсем Арзыхан,
Жетпіс қызға арзыған.
Науат қосқан шайдайсың,
Наздана күліп жайнайсың.
Шекер қосқан шайдайсың,
Сылқылдай күліп жайнайсың.
Күлкің күндей арайлы,
Таратқан сәуле жандайсың.
Қос өрім шашың жібектей,
Жарасқан түнге айдайсың.
Тұрпатың елден өзгеше,
Көркемдеп салған суреттей.
Қия-Бел асу Қызыларт,
Қылжақтап көптер қызыққан.
Ақ-Байтал асу Қызыларт,
Айналып көптер қызыққан.
Керіле басқан арқардай,
Кім қалсын саған қызықпай.
Еліктің ерке лағындай,
Ғашықтық күйін тартқандай.
Арзыхан аттың қасқасы,
Арзымас саған басқасы.
Жирен аттың қасқасы,
Жетпейді саған басқасы.
Телқоңыр аттың қасқасы,
Тең келмес саған басқасы.
Қашқардан келген ақ көйлек,



Келбетіңе сай көйлек.
Қытайдан келген ақ көйлек,
Тұрпатыңа шақ көйлек.
Мойныңдағы моншақтар,
Андижанның маржаны.
Айналшықтар жігіттер,
Қолына түспей қармағы.
Білегіңдегі моншақтар,
Бұхараның маржаны.
Бұрылып келген бозбала,
Айналаңда жүреді.
Күліктің күміс жүгені,
Жігіттің сүйген жүрегі.
Арғымақ аттың жүгені,
Адамның сүйген жүрегі.
Көгершін ұшса бүркіт жоқ,
Көк аспанда тірек жоқ.
Құдайым қалай жаратқан,
Келбетіңде бір мін жоқ.
Ақ жағалы жігіттер,
Айналып келген жаныңа.
Көк жағалы жігіттер,
Көруге келген жаныңа.
Қас қағып қойсаң серпіліп,
Қалтырап кетер білегі,
Дүрсілдеп соғап жүрегі.
Қойнына тыққан тасы бар,
Дұшпан шықса көре алмас,
Тас қапсын жаман тілегі.
Ителгі ұшса асқарда,
Түспейді көзі басқаға.

Қыран ұшса асқарда,
Бұрмайды көңлі басқаға.
Алты атасы тектіден,
Арзыхан асыл сынығы.
Жеті атасы тектіден,
Арзыхан алтын сынығы.
Ақ шәйнекті шайқаған,
Арзитын жанды байқағын.
Көк шәйнекті шайқаған,
Көңлі бар жанды байқағын.
Көтеріп көңіл аспағын,
Пейлінді бұзып баспағын.
Өзіңнен асар жан бар ма,
Қабағың түсіп саспағын.
Қос қанатты қаршыға,
Адамнан сендей аз шығар.
Жиылған топ шаршыда
Сұлулар сендей аз шығар.
Сұлуды сендей көргенде,
Шайырлардан сөз шығар.
Арзыхан Алла сыйлығы,
Көрмегеннен көз шығар.
Арзыхан Құдай сыйлығы,
Түсінер жанға сөз ұғар.
Қия қырдан сел жүрер,
Қызыл қырдан жел жүрер.
Жер бетінде ақ, қара,
Күнін көріп ел жүрер.
Күмістен көркем оймағың,
Кестелеп салған оюлы.
Сары алтын көркем оймағың,



Сырмалап салған оюлы.
Құрманың тәтті мәуесі,
Құдай берген теберік.
Анардың тәтті шіресі,
Алла берген теберік.
Ақылы тұнық аймаңдай,
Жарығы нұрлы шамшырақ,
Жаратқан берген теберік.
Арзыхан айдың нұрысың,
Айтулы жанның бірісің.
Мақтадай жұмсақ бұлытсың,
Тамшыдай мөлдір тұнықсың.
Жазылып қалған параққа,
Теңіздей шалқар жырымсың.
Жанымды салған сынаққа,
Жүректе жатқан сырымсың,

Арзыхан менің жырымсың,
Тең келмес ешкім сұлусың.

***Қырғыз тілінен аударған Жүсіпбек Тілеубергенов.***

## АЛВИДО ЁШЛИГИМ

Қўш от кўрдим араваси қўшилган,
Безаклари олтин, кумуш,темирдан.
Ёшлигимни олиб кетти бешафқат,
Лоақал бир изн сўрмай умрдан.
Қўш от кўрдим араваси қўшилган,
Елдек учуб, тақдир йўлин кемирган.
Бир лахзалик сабр унга бегона,

Ёшлигимни олиб кетти умрдан.
Ошиб келди давонлардан,қирлардан,
Кўш от кўрдим араваси «энтиккан».
Бугун кўрдим, тунов куни йуқ эди,
Яна кимнинг ёшлигина кўз тиккан?

*Қиргизчадан Қурбон Саттор таржимаси.*

## ЭСКИ ТОМ-УЙ

Кенг дала, эски том-уй, эгеси йуқ,
Эшигини шамол тортиб юлқилар.
Қум учирган кучли бўрон-шашти ўқ,
Уйғонган бор умидимни қулфилар.

Кеч тушмокда, йуловчиман, ёлгизман,
Кенг уйида эрмаги йук-жонсизман.
Бор билганим-эплаб тонгни отқизсам,
Кўпнинг бири-йул улаган сонсизман.

Эски томли уйда тонгни оттирсам,
Эшигига эки тошни бостирсам.
Эс борида эпла, деган уй билан,
Чиққан кунни тоғдан нари оширсам.

Кенг феълимдан»хайр» демай, кетганман,
Эрк, кучим бор, максад-уйга етганман.
Кўп мазмунли кунларимни эсламай,
Ўша кунни доим эсда тутганман.
Эски том уй- келаверар эсимга!

*Таржимон: Эркиной Султонова.*



## ҚИЯЛДАНУ

Мың қиялда біріге алмай ашылам,
Біріндей боп майдаланып жаншылам.
Жерге түсіп соғылганша тұп-тұнық,
Минутым аз мөлдіреген тамшыдан.

Сан қиялда сапырылып төгілем,
Көл толқыса, көбіктеніп бөлінем.
Күзгі кеште жапырақтың үніндей,
Сезімімде сарғайыңқы көрінем.

Бір сезім де жасар бірақ бір үміт,
Жақшадағы түйсіктерге сүрiлiп .
Көл толқындай артқа қарай тартылып,
Қиялым да жасайды үміт тiрiлiп.

*Аударган: Ажар Садықова.*

## КҮЙІП ТҰРДЫМ

Шырақтың білігіндей күйіп тұрдым,
Шырмалып шаштарыңа сүйіп тұрдым.
Шыланып махаббаттың жалынына,
Төгілген зарлы үніме ұйып тұрдым.

Дариянын тасуындай атылып ем,
Сен үшін жүрекке ем шақырып ем.
Тәнімді алабұртқан әрең басып,
Сабырым сақтай алмай сапырып ем.

Сен дедім, Сен деп қана жанып тұрдым,
Сендегі алау отты танып тұрдым.
Өзгелер сендей бола алмағанда,
Сезімді өзгешелеу танып тұрдым.

*Аударған: Ажар Садықова. Қазақстан*

## РАЗМЫШЛЕНИЯ В ГОРАХ ПАМИРА

Прекрасный вид высоких гор, оживляющие душу живые чувства. Кто в жизни хоть раз побывал на вершинах Памирских гор, которые являются вершиной всего мира, тот человек поистине счастлив, чист и благороден!

Чувства на вершинах гор, мгновения - прекрасны!!!

Только побывавшие там, люди, могут почувствовать это от всего сердца.

Нет наверное в жизни дороже момента,

чем наблюдение за всем миром с вершин Памирских гор!!

Люди поистине « высокие», мечтают о высотах.!

## The people of Murghab

The people of Murghab live in great the Pamir Mountains over 5000 meters above the sea level. They have been living the Pamir for centuries. Despite of the high mountains, harsh climate, cold temperatures, and wildly conditions, people have been sustaining life through livestock keeping. Due to less vegetation and inability to grow crops, local people have been struggling to store enough fodder grass to overcome long winters and spring in the Pamirs. Despite this, livestock retains important factor of human diet in



the region as the high plateau with limited vegetation still provide enough body size of yaks, sheep, and goats and their well-being. The livestock produced in the Pamirs are transported to the main market in Khorog to be sold in the markets. The meet provided in the markets thus sustains lives of the local population. Living in the higher elevation, being able to produce livestock and sustain life then is hard work of which people of the region must be proud. I will wellness to the people of Murghab people.

## КЫРГЫЗЫ СРЕДИ ВЕЛИКИХ ГОР

Сарыкольские (мургапские) кыргызы - древний великий народ, веками живший среди самых высоких гор Памира, на высоте от четырех до пяти тысяч метров над уровнем моря. Сарыкольские кыргызы несмотря на суровости высокогорья, суровым климатическим условиям (удушье, ветер, холод) несмотря на трудности, сохраняют и развивают поголовье живности, унаследованных от предков.

Из-за климатических условий в Сарыколе (Мургап) невозможно запасать больше кормов на зиму из-за низкого роста трав на земле. Осенью немного, для новорожденных ягнят и козлят, заготовливается пару машин сено.

На горных равнинах домашний скот пасется почти натуральной травой.

Сарыкольские кыргызы снабжают большую часть Таджикистана мясом. Он обеспечивает 90 процентов Горно-Бадахшанской автономной области натуральным мясом: бараниной, козьим и мясом яков. Каждый день из Сарыкола заготовленное мясо тоннами перевозится на внедорожниках «Паджеро» и «Тойота» в город Хорог и другие регионы Таджикстана.

Мясо сарыкольского яка - это натуральный и экологически чистый продукт, очень полезный для здоровья и с низким содержанием холестерина. Мясо яка улучшает обмен веществ и укрепляет иммунную систему. Оно очень полезно для людей с анемией крови. Мясо яка содержит эритроциты, цвет мяса темный и немного напоминает оленину. Научные исследования показали, что мясо яка - бесценное средство от 62 болезней. Если пострадавшие от простуды люди выпьют приготовленный суп, головокружение исчезнет и улучшится настроение.

Особенным вкусом обладает мясо яка, который пасётся на высокогорной траве.

Слава трудолюбивым сарыкольцам, которые приготовливают для населения такую неоценимую пищу, выращивая в горах яков и обеспечивая людей качественным мясом (которого не хватает многим народам всего мира)!

Не только выращивание яков, а само проживание на высоте от четырех до пяти тысяч метров над уровнем моря является сложным и опасным.

Хочу выразить благодарность горскому народу Сарыкола, с давних времён живущим на земле наших предков, и несмотря ни на что сохранивших наследие предков.

Да здравствуют настоящие кыргызы гор!

***Перевод: Кадыралы Мырзанбетов***

**Sary Kol Kyrgyz people and yak farming during Soviet time.**

(Murgap) Sary-Kirl Kyrgyz people have been developing for centuries yak farming and earning a living among the mountains where the yak adapted to live especially since it was built in the



USSR, during the collective from Kyrgyz aristocrats were grown and developed by local Kyrgyz people, household plots, the national economic sector of the country flourished(Murgap).

Sary-Kirl achieved the highest indicators of the development of egg production falling during the period of prosperity of the Soviet period.

Under the USSR Sary-Kirl Kyrgyz people worked hard for the government, the party produced meat,milk,wool,hides,kurut, butter and many other products from yaks and sold them to the state.

The state provided cattle breeders with food, clothing, medicines and other needs working daily as directors,farm managers,animal technicians,veterinary treatment specialists and many other personalities.During three or four seasons of the year, the yaks were moved to pastures with the large number of grasses. During the Soviet period (Murgap people) hundreds of people contributed to the development of egg production, achieved great success, becoming veterans of labor, veterans of socialist labor,the leaders of Labor, the best shepherds, deputies of the Supreme Council, laureates of orders Lenin and labor Red Banners and many other awards.

***Author of translation: Kudaibergenova Roza.***

**Сары-Колские кыргызы и яководство советских времен.**

(Мургап) Сары-Колские кыргызы на протяжении веков развивали яководство и зарабатывали на жизнь среди гор, где приспособились жить яки.

При СССР Сарыколские кыргызы усердно трудились перед правительством, партией, производили мясо, молоко,

шерсть, шкуры, курут, масло, и другие продукты из яков и продовали государству.

В совхозах государство обеспечивал скотоводов продуктами питания, одеждой, медикаментами и другими потребностями, ежедневно работая директорами, руководителями хозяйств, зоотехниками, специалистами ветеринарного лечения и многими другими личностями. В течение трех-четырех сезонов года яков перемещали на пастбища с большим количеством трав. В советский период (Мургапцы) сотни человек внесли свой вклад в развитие яководства, добились болщих успехов, став ветеранами труда, ветеранами Социалистического Труда, передовиками труда, лучшими чабанами, депутатами Верховного Совета, лауреатами орденов Ленина и Трудового Красного Знамени и многими другими наградами.

***Перевод: Кадыралы Мырзанбетов***

## *Eski kabirler...*

Baba sen iş seferindeyken vefat ettin. Ben senin vefat ettiğin yere gidip hatırat koyamadım. Allah'tan rahmet diliyorum sadece. Mekanın cennet olsun.

Ben o zaman on sekizimdeyim. Köyün arka tarafındaki dere kışın donardı ve buz tabakası kalınlaşırdı. Biz o buz tabakanın üzerine toprak dökerek karşı köye geçit yapardık, bazen koyunların geçmesi için kullanırdık. Babam ikimiz o koyunların geçit yapacağı yere toprak serpiyorduk. «Hadi oğlum» dedi babam bana dönerek, «geçmişlerin ruhuna bir Fatiha okuyalım. Bugün günlerden Cuma ve merhumlar bizden dua bekler, ümid eder» dedi ve beni tel örgüler ile kaplı eski mezarlığa getirdi.



Çocuk aklımla bir ürperdiğimi hatırlarım soğuk, ıssız mezarlıktan. Toprak yığını gibi sıralanmış olan mezarlıklar, daha dün hayatta olanları içine çekip almış gibi ürkütücü gelmişti bana. Biraz ötedeki mezarlıklar ise neredeyse kaybolmuş, izini kaybettirmiş gibi bu hayattan. Babam ikimiz buz üzerine toprak serpmek için kullandığımız çuvalların üzerine oturduk.

Babam Kuran'dan ayetler okumaya başladı. Kendine has gür sesiyle uzun uzadıya okudu Kur'an'ı. Benim göz önümde Sayakbay can havliyle Manas okuyormuş gibi bir hayal canlandı. Babam bazen sesini alçaltıp, bazen yükselterek okumaya devam ediyor.

*Eski kabirler...*

Geçmiş hayat hikayeleriyle kaç kişiye ev sahipliği yapıyor. Ak sakallı dedeler, bilge nineler, yetenekli şairler, şarkıcılar, at üzerinde rüzgarla yarışan nice yiğitler, halkını düşmandan koruyan nice kahraman şehitler, bilginler, alimler ve nice niceleri. Hayat bir gün gelir ve son bulur. Biz, insanlar hiç ölmeyecek gibi yaşarken bir anda kendimizi kara toprağın altında buluveririz. Güneş kendi zamanında doğup, dünyayı aydınlattıktan sonra battığı gibi biz de dünya geliyoruz ve vakti saati geldiğinde bu dünyadan göçüp gidiyoruz. Bu doğanın kanunu. Biz, insanlar, neden toprağı sevmeyiz peki? Kara toprak deriz, soğuk kara toprak. Ama dönüp dolaşıp onun kucağına geleceğimizi unutur gibiyiz. Vakti saati gelince sırayla gitmek düşer bize...

Babam avuçlarını açtı ve dua etmeye başladı, «İşbu okuduğum Kur'an'ın yüzü suyu hürmetine hasıl olan tüm sevapları geçmişlerimizin ruhuna kabul eyle ya Rabbi. Geçmiş peygamberlerin, sahabelerin, Evliya Buzurg, alimlerin ruhuna kabul eyle.» Amin dedi ve avuçlarını yüzüne sürdü. Geçmişlerin ruhuna dediğinde aklıma takıldı. Demek geçmişin bizde hakkı var. Geçmişin gelecekten bir ümidi var. Biz, insanoğlu üzerimizdeki geçmişin hakkını hakkıyla bizden sonraki nesile aktarabiliyor

muyuz? Aktarmamız boynumuzun borcuymuş, çünkü geçmişin bizim üzerimizde hakkı var.

İnsanoğlu güneş gibi doğuyor, çevresini güneş gibi aydınlatıyor ve vakti geldiğinde batıyor...Hayat bu şekilde devam edip gidiyor...

Amin tüm geçmişlerin ruhuna bir Fatiha,
Geçmişlerin ruhuna,
Geçmişlerin ruhuna,
Dua edelim...

***Tercüme eden: Naima***

## *Tefekkür*

Bizim ecdatlarımız yüksek dağların yamaçlarında, beyaz buzullardan gelen tertemiz pınarları olan bölgelerde yaşamışlardır. Temiz havasından doyasıya soluyarak. Kımız, yoğurt, ayran, kaymak, peynir, süt gibi doğal ürünleri tüketerek, tertemiz buz gibi pınar suyundan içerek. Günümüz dilindeki ifadeyle söylersek doğal, katıksız, organik hayat sürmüşler. Eski zamandan beri büyüklerimiz doğayla iç içe yaşadıklarından dolayı tabiatı sevmişler, gözü gibi korumuşlar, dağı taşa ve yere suya özenle muamele etmişler. Bu davranış yüceliktir, duruluktur, aynı zamanda temiz ruhun temsilidir. Doğayı severek, ondan ruhlarını beslemişler, tükenmez pozitif enerji almışlar ve hayatı dolu dolu yaşamışlar. Bu hayatın değişmez kanunu. İnsanî değerleri en iyi doğa korumuştur, muhafaza edebilmiştir. Doğayı da insan korumuştur. Korumadığında ise doğa onu kendi yöntemiyle cezalandırmıştır ve insan bundan büyük zarar görmüştür.

İnsanoğlu kendi değerlerini tanımadığında ya da tanıyamadığında yolunu kaybeder. Çünkü kördüğüm olan hislerden ancak çelişkili sonuçlar çıkar. Mesela, para her şeyi çözer derler. Gerçekten de öyle midir? Kesinlikle hayır. Para sadece maddi ihtiyaçları karşılamaya yarar. Bizim asıl ihtiyacımız olan ruhumuzu besleyen değerleri doğadan, ecdatlarımızın şanlı geçmişinden, şifahi ve yazılı edebi kulliyatlarımızdan alırız. Bizim bitmek tükenmek bilmeyen milli değerlerimiz Ala Dağımız, gelenek göreneklerimiz, Manas destanımız, kıymetli dünyaca ünlü yazarımız Cengiz'dir. Ulusun tüm ulu değerleri işte bunlarda gizlidir. Şu yaşadığımız dünyada çeşitli hastalıklar, doğal afetler, savaşlar ve bin bir çeşit kötü alışkanlıklar felaket gibi dünyayı kapladı adeta. Kadın erkek olmak istiyor, erkek kadın olmaya özeniyor, kendi ruhlarındaki ince var oluş espirisini kaçırdılar sanki. Ecdatlarımızın yolunu devam ettirmek isteyen ey oğul kendi yolunu, kendi özünü bul. Para için, çıkar için kendi onurunu, haysiyetini satma. Ala Dağ'ına, ak buzuluna, boz çadırına, kendi gelenek göreneklerine dön. Manas destanını, Cengiz'i oku tekrar tekrar. Yaradan bize kimsede olmayan Tanrı dağlarını, doğal yaşamı vermiş, bunun değerini bil, farkına var, silkelen ve kendine gel. İnsanı değerlerini kaybetmenin eşiğindesin, uçurumdasın, geri dön. Önüne bak. Atalarının izinden git. Düşün ve uyan...

***Orta Asya Yazarlar Birliğinin üyesi Çeviren: Naima***

## ПАМИРСКИЕ ОРЛЫ

Вперёд!!! Мы становимся все выше и выше. Орлиные гнезда, скалистые горы. Чем выше поднимаешься, тем меньше становится воздуха. Оооо... Ахх ... Шумна в ушах... Остановитесь на минутку! Останавливаемся! Подождите! Возьмите термос, откройте его, налейте тёплый индийский чёрный чай. Ах, душистый со своими ароматами индийский чай, как сладок и прекрасно.

Приготовимся! Пойдём! Впереди гигантские горы Памира. Каждый сделанный шаг, делает силуэт все выше и выше.

Вот. Смотрите!!! Где? Где? Что? Что где? Белые лучники! Большие рогатые дикие овцы.

Вауу здорово! Я только что видел его! Я тоже видел это. Удивительное чудо! Поехали, поехали. Взбодриться! Мы почти достигли перевала! Проходим! Мы сделали это! Мы высоко, мы сейчас в высшей точке. Мы герои, которые поддаются ветру, холоду, буре одышки и прочии препятствий!

Ура, ура, ура.
Мы достигли до
Памирские гор!
Мы на вершине Мира!
Мы покорили мир!
Мы достигли высот!
Мы на вершинах!!!

*Перевод Фатима Есеналиева*






# ПРОЗАЛАР

## ПАМИР ТООЛОРУНДА МУМИЯ ИЗДЕГЕН ГЕОЛОГДОР

Мен Памир тоолорунун арасында чоңойдум. Биз кырда (тоодо) топоз бакчу элек. Мен бешинчи класста окучумун. Каникулда тоого келип атама топоз кайтарышам.

Күндөрдүн бир күнүндө биздин үйдүн алдына Уаз автомашинасы келип токтоду. Аны менен келген эки адам чоң-чоң баштыктарды түшүрүштү. Уаз чаң ызгыган бойдон кайра кетти. Бул адамдар түз эле биздин үйгө чыгып келишти.

Чоочун адамдар экен, жергиликтүүлөргө окшободу. Жашы 35-40 тар чамасындагы бирөөсүнүн бою узун, сакалы өскүлөң, көзү көк, чачы сары экен. Экинчисинин жаш курагы элүүлөрдө экен, мурду кырдачынан,

кашы коюусунан келген, бүктөмө кепканы баса кийген киши экен (кинодогу каарманга окшоттум) .

Ал кезде атайылап мал-сал издеп эле бирөө барбаса, алыскы бизге эч ким деле барчу эмес. Чоочун конок-тордун келиши мен үчүн өзгөчө күтүүсүз жана кызык-туу болду. Таң калып карай бердим. «Здраствуйте», – деп жылмайып учурашышты. Апам коноктордо чай берүүгө камынып, ортого дасторкон салынды. Чай ус-түндө атам коноктор менен кызуу сөзгө кирди. Мен сөзгө кызыгып, баам салып, коноктордун сүйлөгөнүн, өң -түсүн, кыймыл-аракетин жазбай тиктеп, таң калуу менен карай бердим. Коноктор орус тилине анча-мын-ча өзбек тилин аралаштырып сүйлөшүп жатышты.

Орусча кээ бир сөздөргө жакшы түшүнбөйм, кээ бир сөздөргө түшүнөм, ошентип эсим ооп отурдум. «Душан-бе, город Душанбе...» – деп сөз арасына көп кошуп жа-тышты. Мындан улам бул коноктор алыскы Душанбе деген шаардан келишкенин, Союз гүлдөп турган мез-гилде, геолог болуп иштешкенин, андыктан бул тоо-лорго келиши биринчи эмес экенин, тээ мурдатан эле Памир тоолоруна бир канча ирет келип иштеп кетиш-кенин, андыктан биздин тоолордун арасын коён жа-тагына чейин билишерин боолгolодум. Анткени алар: «Да слева, слевой стороны Пышартский хребта...» деп жылга-жыбыт, жер-суу аттарын бирден санап айтып отурушту. Сөзгө ынак жаным айтылгандарды кулакка куюп, баам салып баарын түшүнүп, абдан кызыгуу ме-нен узакка угуп отурдум. Айтымдарында СССР деген гүлдөгөн доор бүтүп, бүт геологдор жумушсуз калып-тыр. Айлык жок, жумуш жок болгондуктан көптөгөн геологдор башка аймактарга, көбүнчө Орусия тарапка ооп кетип жатышыптыр. Бул геологдор да эки жылдай



жумушсуз жүрүшүп, анан ушул тоолордон мумия алып кетишкени келишиптир. Памир тоолорунун мумиясы өтө таза келип, дарылык касиети жогору болот тура. Кардарлар башка жердикине караганда Памирдин му-миясын бир топ кымбатка сатып алышат экен. Келген коноктордун мумия боюнча айткандарына караганда, бул иштин артында көмүскө жүгүртүлгөн олчойгон ак-чалар бар экен. Бул геологдорду да ошол мумия соо-дасы менен шугулдангандар каржылап жөнөтүшүп-түр. «Биз бүгүн силердикине жата туралы, эртең тээ жогору барып, ылайыктуу жерге чатырыбызды тигип жайгашабыз, эки жумага жете турган азык-түлүгүбүз бар», – дешти. Демек эки жума мумия чогултуп анан кетишет экен. Мумия издегендер күндөн-күнгө көбөйө баштаганын, мумия учуру келгенде чоң соодага айла-на турганын айтышты. Атама тамаша-чыны аралаш он кап (мешок) мумия чогултса бир мотоцикл, ал эми жыйырма кап чогултса бир машина бере турган адам-дарды таап беришерин айтышты.

Узун бойлуу, сакалы өскүлөң геолог сүйлөөр сөзү бүткөнсүп эмнегедир саамга ойлуу отурду. Көздөрүнөн кандайдыр бир кусалыктын, көңүл өйүгөн санаанын изи байкалып турду. Мен үчүн бул геологдор мумия издебей эле, жоготкон жаштык кезин, СССР дин гүл-дөп турган учурундагы жыргалчылык доорун, бакты-луу жашоолорун дал ушул Памир тоолорунун арасынан издеп келгендей сезилди. Атам да СССРдин кулаганы-на жаны кейиген аларга кошулуп, мурдагыдай болбой учурда баардык нерсе тартыш болуп жатканын айтып отурду. Бир кезде геологияда иштеп жүргөндө алган атайын кийимдер, бут кийимдер, баштыктар, чатыр жана башка керектүү шаймандар табылгыс курал бо-

луп калганын, ошондон калган буюмдардын учурда мумия чогултууда чоң пайдасы тийип жатканын кеп салышты.

Коноктор түн жарымына чейин атам менен кобурашып, улам-улам көк чайдан ичип, чыпкасы жок «ПАМИР» тамекисинин түтүнүн буруксутуп отурушту. Үй ичи тамекинин түтүнүнө толуп, жылчыктарынан чыгып жатты, бул көрүнүш мага кайра жагып турду.

СССР дин кулашы, тоолордогу мумия, сакалы өскөн геологдор – ушуларды ойлоп жатып уктап калыптырмын.

Эртең менен апам тургузганда ордумдан туруп сыртка чыксам геологдор жүрүшүптүр. Чоң асынма баштыктарын чачып, керектүү жүктөрүн бөлүштүрүп жатышыптыр. Мен таң кала карап, буюмдарын колум менен кармалып көргүм келди.

Эки кишилик брезент чатыр, алты топозго байлап тарттырса да үзүлбөчүдөй бышык аркан (жип), темир саптуу керки, жыгач саптуу керки, башка тагып жүрүүчү фонарик, консервалар, кургатылган нандар (сухарик), темир казыктар, «Памир» деген жазуусу бар сигаретттер, айтор көп нерсеси бар экен.

Менин буюмдарга таң калганыма кубанышкан тигилер: очен хороший был Советский Союз, СССР деп баш бармагын көрсөтүшту.

Мен да карап туруп бул буюмдар тоого ыңгайлуу, сапаттуу, бышык экенин, азыр мындай табылбай турганын баамдадым.

Алар буюмдарын тээ ата-бабаларынан калган таберик сыяктуу аздектеп, аяр кармап, аарчып, тазалап, ирээтке келтирип, асма баштыкка өз-өзүнчө салып жатышты.



Геологдор эртең мененки чайды ичип бүтүшүп, атам менен апама чексиз ыраазы болгон түр менен: «Большое спасибо!» – деп алардын колдорун кысышты. Булар бизден өйдөңкү чоң жылганын башына чатыр тигип ошондо конушат экен.

Арадан бир жума өткөндө атам экөөбүз геолог досторубузга тамак-аш алып бардык. Чатырын таштын түбүнө, суунун боюна ыңгайлуу жерге тигишиптир. Чоң ак каптарда (мешок) мумиялар турат. «Охоо, көп мумия чогултушуптур ээ!» деп атам абдан кубанды.

Аңгыча алар да тоодон түшүп келишти, бир саатай аркы-беркини сүйлөшүп отуруп кайттык.

Ошентип геологдор он-беш күндөй тоо аралап, үңкүрлөргө кирип, бир далай мумия чогултушту. Он үчүнчү күнү тээ төмөндөгү жол менен Газ 66 автомашинасы келип жүктөрүн жүктөй башташты. «Бизге келер бекен? Же түз эле кетип калышабы?» – деп ойлонуп калдым. Жүктөрүн жүктөп, түз эле биздин үйдү көздөй келишти.

Биз менен кучакташып коштошту! «Хороший человек» – деп атамды кайра-кайра кучактап, апамдын колунан улам-улам кыса кармашты.

Менин бетимден өөп, баарыбыз менен коштошуп жөнөп кетишти.

Менин ыйлагым келип кетти, эх жүрө беришсе болмок да!

Биз ошол учурда алардан акча да албадык. Акча алууну ойлоп да койбоптурбуз. Акча алууну билбейт да экенбиз (азыркы кезде мындай жардам үчүн ким болсо да акча сурамак деп ойлойм). Көрсө аларга биз көнө түшүптүрбүз.

Геологдор кетишти, биз адаттагыдай эле тоо арасында жалгыз калдык.

Мен бассам-турсам ошолорду ойлойм, балалык аруу сезимим менен аларды аяйм, ата-энемди да аяйм. «Эх, атам менен апам тоо арасында эч качан картайбай, оорубай жүрсө экен», – деп тилейм. Мен мурда чоңойгондо геолог болгум келчү. Геолог болуп ушул Памир тоолорунун коюнунда иштөөнү кыялданчумун.

Бирок, бизге келип кеткен коноктордон кийин ал кыялым кумга сиңген суудай жок болду.

«Жок, – дечүмүн өзүмчө сүйлөнүп, – жок мен геолог болбойм, боло да албайм!

Себеби Союз жок болду, демек геологдор да жок», – дейм! Кайра өзүмө өзүм айтам: «Мен геолог боло албайм, бирок мен ар дайым Памир тоолорунун арасында калам!

Мен атама жардам берем!
Мен атама топоз кайтарышам!
Мен тоодо топозчу болом!

Мен атама жардам берем,
Мен тоодо топозчу болом.



# ДҮЙНӨ ТААНЫМЫ ЧЕКСИЗ ДҮЙНӨБАЙ АКСАКАЛ

## *(Мен билген бир инсан)*

Бул эскерүүмдүн каарманы, чолпон жылдызы жаркыраган чексиз асман астындагы ак-чокулуу Чоң Алай өрөөнүнүн тургуну, мен урматтап сыйлаган улуу инсан Сейдалиев Дүйнөбай аксакал. Туз насип буюруп, бул киши менен бир дасторкондо отуруп калдык, ошондо ал өтө кызыктуу маек куруп берди. Ошол биздин маектен кийин көпкө ойлонуп жүрүп көкүрөгүмдөн чыккан ушул сөздөрдү ак баракка жазып калтырууну чечтим. Дүйнөбай ака тестиер бала кезинен окууга, билимге чаңкап, чоң-чоң шаарларга барып жогорку окуу жайына тапшырып, билим алууну эңсеген экен. Ошентип алыскы Чоң-Алай өрөөнүндө жогорку окуу жайларына барып окууга куштар болуп жүргөн учурунда кудай айдап, Дароот-Коргонго атасынын жээни тууганчылап (айылчылап) Жерге-Талдан келип калат. Ошол кезде ал киши өзү жогорку окуу жайында жогорку курста окуп жүргөн экен. Ал мезгилде Жерге-Тал-Дароот-Коргон-Душанбе багытында самолет учуп турчу экен. Ошентип Дүйнөбай ака Жерге-Талдан келген тууганын ээрчип, самолетко отуруп окууга жөнөп кетет. Алыс жердин тузу-суусу буюруп Душанбе шаарына барып, максат-тилеги орундалып, жогорку окуу жайга тапшырып, окуп калган экен.Бала кезинен дилгир, зирек, билимге чаңкаган бул инсан, өзүнүн өжөрлүгү, тырышчаактыгы, аракетчилдиги менен окууну бир топ жылдар өз аракети менен өздөштүрүп, окуп жогорку билимге ээ болгон экен. Дүйнөбай ака окуусун

ийгиликтүү аяктаган соң, өкмөттүн,партиянын атайын жолдомосу менен (Чыгыш Памир) Мургап районуна келип ишке орношуп калат. Мургапта Дүйнөбай аканын жакын туугандары болгон (уруусу найман). Күндөрдүн бир күндөрүндө, Мургапта иштеп жүргөн мезгилинде Дүйнөбай ака өз ыктыяры менен аскерге кетмей болуп арыз жазат, бул сөздү уккан Мургаптагы туугандары: «Сен армияга кетип калсаң биз Чоң-Алайдагы сенин ата-энеңе эмне дейбиз, сенин карыган ата-энең болсо, сен өзүң жалгыз бала болсоң», – деп каршы болушат да, иштен бошоттуруп, тез арада Чоң-Алайга ата-энесине жөнөтүп жиберишет. Ошентип Дүйнөбай ака өзү туулуп-өскөн Чоң -Алайга келип жашап, көптөгөн жылдар бою жооптуу кызматтарда иштеп калат. Дүйнөбай ака райондо жоопту кызматтарда иштеп жүрүп, өзүнүн билим деңгээлин, кесипкөй тажрыйбасын, ишке жөндөмдүүлүгүн жалпы коомго далилдеп, айтканын сөз жүзүндө гана эмес иш жүзүндө көрсөтө алат. Дүйнөбай ака биз менен дасторкон үстүндө даам сызып отуруп, өз башынан өткөргөн турмуштук сабактарын, эмгек жолундагы улаган байсалдуу сапарын узун кеп кылып берди. Турмуш жолу ар дайым эле даңгыр боло бербейт демекчи, Дүйнөбай аканин эмгек жолунда, өмүр тагдырында, өйдө-төмөн, оош-кыйыш учурлар да көп кезиккен экен. Учурунда иштин көзүн билген билимдүү, мыкты татыктуу бул инсандын үстүнөн да, ыксыз каралоолор, жалган жалаа сөздөр, ар түрдүү негизсиз ушак-айыңдар көрө албас адамдар тарабынан болгон экен. Бирок «Ак ийилет бирок сынбайт» демекчи Дүйнөбай аканы тагдырдын оош-кыйыш жолдордогу кара шамалдары, көрө албас адамдардын ичи тардык менен атайын жасалган жалган жалаалары сындыра албап-



тыр. Эч качан бирөөгө жамандык санабаган, ак-ниет, кең-пейил, калыстыктан тайбаган, чындыкты туу туткан бул инсанга ЖАРАТКАН Кудайдын колдоосу менен, элине жерине, өз өлкөсүнө кылган ак-кызматынын үзүрү акыбети кайтыптыр! Кудай агынан жалгап үй-бүлө күтүп өсүп-өнүп, уул үйлөп, кыз чыгарып, небере-чебере көрүп, очор-бачар болуптур. Учурда Дүйнөбай ака Ош шаарында жашап, бактылуу карылыктын доорун сүрүп, турмуштун ачуу-таттуусун чогуу көргөн байбичеси менен ажылык зыяратын аткарып келип, максат-мүдөөсүнө жетип отурган мезгили экен. Дүйнөбай ака биз менен көпкө маектешип отуруп, тээ өткөн СССР доорундагы эмгек жолун, ошол кездеги жаштык кезин, Мургап жергесинде иштеп жүргөндөгү учурларын өтө кызыктуу кылып баяндап, ошол замандагы адамдардын кулк-мүнөзүн, бири-бирине болгон достук мамилесин, адамдардын ак ниет, кең пейилдүүлүгүн, терең мааниде түшүндүрүп бизге өтө кызыктуу аңгеме кылып айтып берди. Дүйнөбай аканын айткандарын бүт жазса өзүнчө бир чоң китеп болчудай. Бул инсан эч качан өзүнүн жан дүйнөсүнө жаман ойлорду жолотпой, ар дайым аруулукту, чыныгы асыл адамдык улуулук касиетти бекем орнотуптур. Кезиккен эле айры буттуу адам бул кишинин бир билгенин биле бербесе керек. Дүйнөбай аксакал дүйнөнүн чокусу болгон (Чыгыш Памир) Мургап жергесинде өткөргөн жаштык күндөрү жана жалпы эле өмүр таржымалы, эмгек жолу, боюнча кызыктуу аңгемесинен кийин алакан жайып жалпы жаштарга, кыргыз элине, Алай-Памир элине, тынчтык, кут-береке, ынтымак, тилеп алакан жайып ак батасын берди. Дүйнөбай ака улуу тоолордун арасында

сиздей улуу адамдар ар дайым бар болсун! Бактылуу карылыктын доорун сүрүп көп жашаңыз! Сиздей ак-сакалдар Алай-Памир тоолорунун көркү! Жөрөлгөңүздөргө, көрөңгөңүздөргө миң ирет таазим кылам!

***Сиздерди терең урматтоо менен: Өскөнбай Бердибаев.***

Жогорку эскерүүдөгү жазылган инсандын өмүр баяны: Сейдалиев Дүйнөбай Артыкович, Улуту кыргыз (уруусу найман). 1950-жылы Ош облусуна караштуу Чоң -Алай районунун, Жар-Башы айылында жарык дүйнөгө келген. 1966-жылдары Дароот-Коргон айылында «Коммунист» орто мектебини аяктаган. Өткөн кылымдын70-жылдары Тажик ССРинин Душанбе шаарында В.И.Ленин атындагы университеттин экономика факультетин бүтүргөн. Кесиби шаардык бухгалтерия адиси. 1970-71-жылдары алгачкы эмгек жолун (Чыгыш Памир) Мургап районунда бухгалтер инвентаризатор болуп баштаган. Андан кийин Алай Районунун «Чоң -Алай» совхозунда (1976-жылдарга чейин) башкы бухгалтер, Алай Районунун МТСинде башкы бухгалтер болуп иштеген. 1985-жылдан баштап Чоң-Алай районунун Дароот-Коргон Мамбанкынын башкы бухгалтери, андан соң 1989-жылдан баштап аталган мекемеде (Акционердик банктын) башкы жетекчилик кызматын аркалап, 2012-жылга чейин банк системасында үзүрлүү эмгектенип, 2014-жылы Чоң-Алай районунун социалдык бөлүмүнүн башкы бухгалтери болуп иштеп, 2014-жылы пенсияга (ардактуу эс алууга) чыккан. Төрт уул, төрт кызы, отуз небереси, төрт чебереси бар, Учурда Ош шаарында жашайт. Жетимиш эки жашта.



# ТЕЛЕФОН АРКЫЛУУ СҮЙЛӨШҮҮ

– Ассаламу алейкум, кандайсыз ака?

– Ва алейкум салам, кандай Мераж, ден соолук жакшыбы, үйдөгүлөр баары жакшыбы?

– Жакшы ака, өзүңүз кандайсыз?

– Мм биз жакшы жүрөбүз, ошо өзүң көргөндөй.

– Ааа, жакшы ака.

– Өзүңдө эмне жаңылык, Мераж?

– Бизде жакшы баары ака. Биз жайлоодон күздөөгө көчүп түштүк. Башка маанилүү жаңылык деле жок.

– Аа жакшы.

– Ака сизден бир нерсе сурасам болобу?.. Ало! Ало!.. Ало угулуп жатабы? Өскөн ака биз жакта связ начар, кээде ушинтип калат.

– Ало, угулду. Ало сүйлөй бер!

– Ака, жакшы ырлардан жөнөтүңүзчү. Ошону сурайын дегем...

– Өткөндө жөнөттүм го, окудуңбу?

– Ооба окудум, ака сонун экен, кайра-кайра окудум... Сиз ватсаптан жөнөткөндөрдү баарын окудум ака.

– Аа жакшы, окусаң жакшы болуптур, дагы издеп таап жөнөтүп койом.

– Рахмат ака. Берки «Таш күзгү» дегенди жөнөтүпсүз го, аны да үч жолу окуп чыктым, ака.

– Аа жакшы, Мераж сен өзүң азамат баласың да укам.

– Анан берки ырлар жакты ака, кайра-кайра окудум.

– Ало, ало кайсыны айтасың Мераж?

– Ало ака, неме Нарсулуу Гургубаеванын ырларын айтам, аябай күчтүү ырлар экен ака, кайра-кайра оку-

дум. Өтө сонун экен, мен күндө кечинде үйгө барып, койлор менен топоздорду камагандан кийин ырларды чыгармаларды окуйм ака...

– Азаматсың Мераж иним, ар дайым оку, окууну эч таштаба укам.

– Майли ака. Сиз жүргөн жерлер, тоолор Өскөн ака, азыр ал киши алыста, ордуна мен жүрөм деп ойлоп коём.Чынында бизди ырлар тааныштырды аа, ака? Болбосо биз бирибизди бирибиз таанybайт элек да, туурабы?

– Ооба, Мераж укам чынында бизди ырлар жакындаштырды, эл айткандай экөөбүздүн оорубуздун диагнозу бир да. Бири-бирибизди сырттан билчүбүз да, туурабы?

– Эң туура айтасыз ака, мен го сизди билчүмүн, угуп жүргөм, сыртыңыздан таанычумун. Экөөбүздүн ырларды, китепти жакшы көрүү боюнча чымындарыбыз жакындаштырды деп ойлойм. Ошондуктан экөөбүздүн көз караштар окшош да.

– Ээ укам, мен ошол сен жүргөн тоолордо төрөлдүм, өстүм, көп жыл жүрдүм, азыр да кээде түшкө кирет. Тоолорду сагынам аркар-кулжаларды сагынам.

– Ооба, Өскөн ака, айтып бербедиңиз беле, ака. Мен сизди түшүнөм ака...

– Укам, тоолор турабы? Кийиктер жүрөбү?

– Ооба, сиз жүргөн тоолор, сиз көргөн кийиктер баары ошол бойдон ака, сиздер гана жоксуздар ака.

– Мм даа, ошондой. Ало Мераж, укам мен да жумушка жөнөдүм.

– Ало, майли ака, мен да топоздорду айдап келейин. Дагы байланышып турабыз, ака. Ырлардан, чыгармалардан жөнөтүп туруңуз ака, бизде өзүңүз билесиз, интернет начар, Фейсбук иштебейт. Бир гана сиз жибергендерди эле окуймун ака, күндө кеч бошогондо окуп жүрөм.



– Макул. Мераж, сен да тынч аман бол укам, мен тапкан нерселеримди ватсаптан сага жөнөтүп турам Куда кааласа. Тоолорго, кайберендерге менден салам айт! Макул ака, баарына сиздин сагынычтуу саламыңызды айтам ака! Болуптур ака, тынч болуңуз!

– Тынч аман бол, Мераж болуптур анда!

## ДАРАКСЫЗ БАК

Узак жол улуу тоолор ыраактагы,
Дараксыз жердин көрктүү дарактары!

Мен ушул «Дараксыз дарак» аттуу төрт саптарымды дарак өспөгөн жерде тамыр алып мөмөлөп, саябан бак-дарактарга айланган, тээ бийик тоолуу Мургап (Чыгыш Памир) жергесиндеги кыргыздарга арнап жаздым. Шамал, суук, бийик тоолор, түтөк дамыгуу, мындай климаттык оор шартка байланыштуу бул жерде дарак өспөйт. А бирок дараксыз ошол жерди сүйүп, аздектеп, орун-очок алып миндеген жылдар бою бир ууч кыргыз калкы мекендеп келет. Бир барган адамга дараксыз жайдак талаалар комсоодой көрүнүшү мүмкүн. А бирок ал жердеги кишилердин мүнөзү, кичи пейилдиги, меймандостугу жана бийик адамгерчилиги пенденин көңүлүнө жашыл көктөмдөй элес берип, дараксыз жерде дарактай адамдар бар экендигин айгинелейт.

Бийик тоолуу жерде дарак болуу оңойбу! Бирде шамал катуу согуп дарактардын жалбырактарын учуруп кетет, бирде суук катуу болуп дарактардын тамыр

өзөгүнө чейин муздатып үшүтүп кетет, бирде күн жылуу тийип, чаңкатып, суусатып, кургатып да жиберет. Кандай учур болбосун дарактар кайрадан көктөп, тирүүлүк жолун улап улам бийиктикке карай бой керип, кол созо берет. Дараксыз жердин адамдары дараксыз жерлерди ээн калтырбай, адамдык милдет вазийпаларын аткарышып жашыл бактай жашоо образын түзүп, жашап келишет.

Шамал катуу соккон жерде дарак өсүүсү оңой эмес. Дараксыз жердеги дарактай адамдардын жан дүйнөсү мөмөлүү бак жана көңүл эргиткен көркөмдүү көк жашыл токой!

Узак жол ашуу белде ыраактагы,
Мезгилдин тарых жазган барактары.
Тамыры тоо элинин силерсиңер,
Дараксыз жердин көктөм дарактары.
Узак жол ашуу белде ыраактагы,
Дараксыз жердин көрктүү дарактары!

## АК-БАЙТАЛ АШУУСУ

Ак-Байтал ашуусунун түбүнө жеткенде машинамды токтоттум. Анын моторун суутуп, даярданып анан жол тартпасам, бул бийик ашууну ашып кетишим мен үчүн оңой эмес эле!

«Балам, шашпа, – дейт атам, – мен даарат алып намаз окуп алайын».

Ак-Байталдын түбүндө көпкө турдук, атам намаз окуду, негедир кеткиси жок. «Балам, бир аз туралы, шашпай анан жылалы», – деп койду кайра.



Атам ойлуу отуруп, тээ ашуунун бийигин тиктейт. Ушул ашууну ашкан ар бир жолоочуну узатып жаткансыйт.

Көзүнө бир аз жаш алды.

Дагы эмнени ойлоду экен, дагы эмнелерди ойлоп жатты экен? Өткөндүбү же учур чактыбы? Кылым санап кыйыр ашып кеткен кыргыздын не бир кыйын, не бир кашкөй, сөз баккан, ой таптаган улуу асылдарды, сөзгө чебер, кынаптап сүйлөгөн айткан сөзүндө салмагы бар улууларды ойлодубу?

Же не бир айла-амалдуу, караңгыда жол тапкан, жакшы-жаман, ак-кара менен аралаша ар кимге өзүнө жараша мамиле түзүп, өз көкүрөк көрөңгөсүн соолутпай, өзөк тамырындагы кудай берген касиет зардесин туюп-билген хандарды, бектерди, не бир асылдарды ойлоду бекен, ов!

Же Сары-Кол өрөөнүнөн чыккан не бир таскактуу күлүктөрдү, илгери өткөн не бир өнөрлүү, талантуу инсандарды же Сарез көлүнүн түбүндө жаткан кол жеткис, тунук, асыл баа берметтей болгон Сары-Кол сулууларын элестетип, ойлоду бекен?

Атам дагы эмнелерди ойлоп жатты экен?

Же күн чыкканда күлмүңдөгөн, күн батканда үңүрөйгөн, шамал болсо камгактай калдактаган, карды чың тойсо далдырап далдактаган, кызыктын маанисин билбес, көрөңгө касиетин туйбас, көкүрөгү сокур, бирөө күлсө түшүнүп-түшүнбөй күлгөн, амалдууну көрсө алдына жүгүргөн, амалды, байлыкты, мансапты түгөнбөстөй дөөлөт көргөн, чындыкка чыдабай ыраңы кубарып кеткен, кылдай ишин бийик көтөрүп көкүрөк каккан, калп эле «калкым!» деп, бирок чын-чынында кара жанын, куру намысын ойлогон, ат дарбыса кошо

дарбыган, алысты көрө албаган, акылы аз, көкүрөк зардеси курук, ала-өпкө, асылы жок, куру акылы көп көр пенделер жөнүндө ой толгоду бекен?

Өзүнө татыктуу боло албай келе жаткан мени ойлоду бекен? Атам ашууда эмнени ойлоду экен?

Атам алыскы ай чапчыган Ак-Байтал ашуусунда эмнени ойлоп баратты экен?

## МЕН БИЛГЕН БИР АДАМ:
### Абдилла Ташбеков

Айтылуу Памир-Алай тоо кыркаларынын чок ортосунан орун алып, төбөсү асман тиреген Жел-Айдар (Ленин) чокусу абалтан берки атагы менен адамдарды өзүнө тартып турат.

Дал ушул Жел-Айдар чокусунун этегинде мөлтүр тунук Тулпар-Көл көлү жайгашкан. Ушул көлдүн жээгинде Ташбеков Абдилла Умарович аттуу кыргыздын чыгаан уулу туристтерди сапаттуу тейлөө боюнча көптөгөн иш-аракеттерди жасап жатат! Бул жигит ажайып коз Тулпар-Көлдүн жээгине ар жыл сайын катар-катар боз үйлөрдү тигип, кыргыздын ата-бабадан калган салтын улап, алыстан келген коноктордү, меймандарды (чет элдик туристтерди) жогорку деңгээлде тосуп алып, кызмат көрсөтүп келет. Чындыгында Ташбеков Абдилланын туризм тармагына кошкон салымы эбегейсиз зор! Айтылуу Алай өрөөнүндөгү Сары-Могол айылына өз күчү менен заманбап мейманканаларды куруп, ыңгайлуу шарттагы тамак-ичүүчү, жуунучу, эс алуучу бөлмөлөрдү салып, келген туристтерге баардык шарттарды түзүп берген. Эс алууга жана саякатка чыгууга келген атайын коноктор а дегенде келип Сары-



Моголдогу ушул мейманканада эс алышып, андан соң Жел-Айдар чокусун жана мөлтүр тунук Тулпар-Көлүн көрүүгө куштар болушуп, атайын боз үй лагерине сапарын улашат. Ушул жасалган иштердин баары Абдилла Ташбековдун ат көтөргүс эмгеги жана көп жылдык талыкпаган аракетинин жемиши! Бул эмгекчил жигит өз кызыкчылыгын эле көздөбөстөн айылдаштарын да жумуш менен камсыз кылып, көптөгөн жумуш орундарды түзүп бере алды. Азыр аталган айылда бир нече адам келген туристтерди жайгаштырууда, транспорт кызматы менен камсыз кылууда, ошондой эле соода-сатык ж.б. жумуштары менен алектенип, каражат таап иш менен камсыз болушууда.

Абдилла Ташбеков, сенин жасаган эмгегиңе, аракетчилдигиңе, бийик адамгерчилигиңе, жөнөкөй адамдык асыл сапаттарыңа, сенин чыныгы кыргыз баласына тиешелүү меймандостугуңа мен өзүмдүн достук бийик баамды берип, БАЛИ! АЗАМАТСЫҢ! деп колуңду бекем кыса алам! Бар бол, жигит! Бар бол жакшы адам!

Бийик тоодогу кыргыздын мыкты жигити, биз сени менен сыймыктанабыз!

Ар дайым Жел-Айдар (Ленин) чокусундай бийик, Тулпар-Көл көлүндөй тунук бол!

Сен чыныгы кыргыздын мыкты жигитисиң! Терең урматым менен бир кезде өзүнүн УАЗ машинасы менен туристтерди Тулпар-Көлгө алып барып жүргөн айдоочу агаң Өскөнбай.!

# ПАМИР БҮРКҮТТӨРҮ

Кана кеттик алга!
Улам-улам бийиктейбиз.
Улам-улам бийиктебиз.
Бүркүт уя аска-зоолор, кайберендүү кайкы тоолор.
Улам-улам барган сайын аба жетпегенсийт,
Охх, ухх! Дамык (түтөк) күчөйт.
Саамга токтоткула! Токтогула! Токто! Эс алып алалы!
Термосту ал, ач, куй, охх, жылуу Индия кара чайы!
Ох, жыттуу Индия кара чайы, кандай сонун, вах чиркин!..
Даярдангыла! Кеттик! Алдыда алп Памир тоолору.
Кадамдар ташталган сайын, караандар улам бийиктөөдө.
Ана! Тээтигине! Кана? Кана? Эмне? Эмне кана?
Аппак аркарлар! Калдайган чоң мүйүздүү кулжалар!
Вауууу сонун го!
Тээ-тигине көрдүм! Көрдүм мен да! Укмуштуу керемет!
Кеттик, кеттик! Чамдагыла! Ашууга жетип калдык!
Жеттик ашууга! Жеттик!
Биз бийиктебиз, биз азыр эң бийик жеринде турабыз!
Ураа-ураа!!! Биз ашууга чыктык! Биз шамалга, суукка, бороонго, түтөккө жана башка тоскоолдуктарга багынбас баатырларбыз! Ураа, ураа, ура-аа!!!
Биз Памир тоолоруна чыктык! Биз дүйнөнүн чокусуна чыктык! Биз дүйнөнү багынттык!
Биз бийиктикке жеттик!
Биз бийик тоолордун үстүндөбүз!



# БАЛАЛЫК КЕЗДЕГИ СЕЗИМДЕР

***(чын сырым)***

Мен балалыгым Сары-Кол өрөөнүнүн (Чыгыш Памир) Мургап районунда (Кош-Агыл деген жеринде атама топоз багышып жүрүп) кызыктуу өттү.

Тоодобуз, топоз багабыз. Жаныбызда чек-ара заставасы бар (ал мезгилде орус аскерлер болчу). Мен эптеп сүйлөшөм же орусча жакшы билбейм. Бирок ойумду түшүндүрөм. Менин максатым алардан китеп алуу болчу. Китепке аябай кызыкчумун, окугум келет, бирок китеп жок. Тоо арасында эч ким жок, ээн талаа, караан тутканыбыз ошол застава. Ал кез 1995-96-жылдар эле, ун, кийим-кечек аябай тартыш болчу. Керектүү тамак-аш, азык-түлүк, военный кийимдерди, өтүктөрдү чабандар ушул заставадан алып кийет элек. Коммерсант кээде эле келбесе, анчейин келе бербейт. Биз орустарга топоз союп, эт беребиз, сүт, каймак, айран ж.б. беребиз. Бир күн бир татар солдатка мага китеп керек экенин эптеп түшүндүрдүм. «Макул, эртең саат төрткө кел, мен китеп алып чыгам» деди. Ал күнү убакыт өтпөйт же саат төрт болбойт, ошентип чыдамсыздык менен күттүм. Саат төрттө баягы татар солдат чыкты, чоң китеп алып чыгыптыр. «Эч кимге көрсөтпө» деди да кайра кирип кетти, менимче уурдап чыккан го. Бирок, тилекке каршы ал китеп орус тилинде жазылган «ГРАНИЦА СССР» деген китеп экен, окуйм, улам-улам окуйм же бир түшүнсөмчү. Эки күндөй окуп көрдүм, бирок тиш өтпөдү. Бул китеп чек-ара боюнча жазылган олуттуу (серезный ) китеп экенине түшүнүп ынандым. Анан оюмду атама ачык айтууга туура келди, атама айттым. Атам макул болду, мага айылдан (Көөнө-Коргондон) со-

нун китеп алып келип бербей болду. Күндөрдүн бир күнүндө көпкө күткөн тилегим орундалып, атам айылдан «ИЙРИ ЖЫЛАН» деген китеп алып келди. (Ал убакта каникул декабрдан мартка чейин болчу). Китепти алып кубанычымда чек жок!

Күндө окуйм, талаага барып топоз кайтарам, анан ал жерден да улам-улам окуп келем. Кыскасы китепти көтөрүп жүрүп, төрт-беш жолу кайра-кайра окуп салдым окшойт. Кеч киргенде башыма коюп жатып уктап калам. Кечке чейин талаа-ташта жүрүп чарчайт экенмин, көрсө. Ошентип кыялымда «Ийри жылан» деген китепке баш отум менен кирип кеттим. Сезимимде китептеги Текебай, Бугубай, Сарыбай, Карабай, Кенжебай деген каармандар менен чогуу жүрөм, алар жүздөн басат, гүрү-гүү ыр бий, андан соң эки жүз, үч жүз граммдан алып жиберишет. Ар кандай кызыктуу тамаша сөздөр, күлкүлүү окуялар. Мен да эси эңгидеңги тигилерге кошулуп кыялымда мас болуп калам. Кыскасы жашоо кайф (кайп), күндө той, күндө арак шарапка мен да аралашып кеттим.

Ошентип жыргап жүрүп китептин аягына жетем, китептин аягында каармандардын аянычтуу тагдырлары, (Кенжебайдын аялынын кетип калуусу, анын кетердеги коштошкону) аракечтиктери, үй-бүлөдөгү көйгөйлөрү жүрөгүмдү оорутуп жиберди. Эх, соонун адамдар, болгону аракка көз каранды болуп алышкан. Кээде ыйлагым келет, боорум ооруйт. Анан кайра чаңкап суусайбыз кайра ичип алабыз. Ошентип жүрүп (под кайф) «Ийри жыланды» окуп бүттүм. Китепти аягына чыгып, таза абаны кере-кере жуттум!

Бул китеп менин аруу таза бала кыялымдагы, эң алгачкы кызыгып окуган китебим эле.



Андан кийин «Каныбек» романын окудум.

Бул китепти окуганда мен бир аз ак-караны түшүнүп, кабыргам катым калган курагым эле.

Азыр биздей болуп китепти сүйүп, (ар кимден сурап жүрүп) окубай калды жаштар!

Китеп окугула жаштар!

Китеп акылдын ачкычы!

## МУЗ-КӨЛДӨ ШАМАЛ

Мен Муз-Көлгө, жолдун боюндагы жолчулардын үйүнө суу сурап келдим. Өзүм да аябай суусадым, анан машинадагы канистриме да суу алышым керек эле. Иттер утурлап үргөндө үйдөн жашы элүүлөргө барып калган кара тору эже чыкты.

– Кел, садага болоюн! Кел, кубатым! – деди. Үйгө киргизди, ал-жай сураштык, ата-энемди ата-тегимди сураштырганда мага тууган болуп чыкты. – Үкам болот экенсиң, жөлөгүм, – деди. Дасторкон жайып бар тапканын алдыма койду, кубанычында чек жок: – Же, ала кой, менин да сендей балдарым бар, балдарым бири койго кетти, бирөөсү Кара-Көлгө кетти, – деди.

Ойлонуп отурдум: «Оо садага болоюн кең пейил, меймандос, ак-көңүл, Сарыколдук кыргызым менин! Пейилиң чалкып жаткан Сары-Кол талааларындай кенен! Адамгерчилигиң Памир тоолорундай бийик!

Бар бол! Бар бол! Ылайым жоголбо! Соолуба! Кемибе! Арыба! Түгөнбө! Менин сүйүктүү жердештерим!

Силер, жакшы адамдар менин жүрөгүмдөсүңөр!!!

# АБДЫРАЗАК АГАЙ

– Саламатсызбы Абдыразак агай!

Алгач өзүңүз жөнүндө, эмгек жолуңуз жана үй-бүлөңүз жөнүндө айтып берсеңиз.

Абдыразак агай: – Саламатсыздарбы?

Мен Нишанов Абдыразак, 1970-жылы Алай районунун Сары-Могол айылында туулганмын, 1988-жылы аталган айылдан орто мектепти аяктагандан кийин Татарстандын Казан шаарындагы «Ленин ордендүү» Н.Э.Бауман атындагы ветеринардык институттун (азыр академия) ветеринар адистиги боюнча 1988-1993 (ж.ж) жылдары окуп, билим алдым. 1993-1999-жылдары Алай зоовет бөлүмүнүн башчысы, 1999-2005-ж.ж. Ага-Хан фондунун өкүлү, андан кийин Алай жергесинин көмүр кенинде сорттоочу цехтин башчысы болуп эмгектендим.

2014-жылы Жаратկандын буйругу менен ажылык сапарга барып, зыярат кылып келдим. Кудайга шүгүр үй-бүлөлүүмүн: беш уул, бир кыздын сүйүктүү атасы, тогуз неберенин чоң атасы жана таятасымын.

– Бизге белгилүү болгондой, сиз бир канча жылдан бери туризм тармагы боюнча тынымсыз аракет жасап, эмгектенип келе жатасыз. Бир канча адамды (айыл элин) жумуш менен камсыз кылып да жүрөсүз. Алгачкылардан болуп айыл жеринде, туризмди өнүктүргөн инсандардын бирисиз, айтылуу Алай тоолорунун эң бийиги болгон «Ленин чокусу» тоосунун этегине атайын туристтерге (конокторго) шарт жагдай түздүңүз. Сиз бул ишке качан жана кантип аралашып калдыңыз? Жасаган иштериңизге кеңири токтоло кетсеңиз.



Абдыразак агай:

– 2015-жылы Алай районунун Сары-Могол айылында, айтылуу «Ленин» чокусунун этегиндеги Тулпар-Көл жайлоосуна боз үйлөр лагерин уюштуруп, айылда конок үй иштетип баштадык. Бул биздин алдыга койгон максаттардын бири болчу. Бул боюнча көп убакыт ойлонуп, атайын пландаштырып: «Туристтерди кантип тособуз? Кантип жогорку деңгээлде кызмат көрсөтө алабыз», – деп тынбай изденип баштадык. Ошол кезде: «Каражатты кантип табабыз? Канткенде тоскоолдуктарды жеңебиз?» – деген ойлор ар дайым жүрөктө турду.

Алгач алдыңкы конок үйлөрүнүн, мейманканалардын ээлери менен жолугушуп, кеп-кеңеш алып, пикирлешип ой бөлүшүп, тажрыйба топтой баштадык. Андан соң эң керектүү жана маанилүү иш-аракеттерди үйрөнүп, акырындап аракеттенип жүрүп, толук кандуу ушул иштер менен иштөөгө үй-бүлөбүз менен бел байладык. Бул ишке жапа тырмак, баардык үй-бүлө мүчөлөрүбүз тартылган. Жалпы кызматчылар өзүбүздүн үй-бүлө мүчөлөрүбүз, кошуналар, айылдагы жаштардан төмөндөгү кызматчылар бар: Гид (проводник), айдоочулар, офис кызматчылары, СММ кызматкерлери, котормочулар, ашпозчулар жана ар түрдүү жардамчылар, тех кызматкерлер.

Ушундай Жараткан тартуулаган бейиштей кооз жерибизге келген конокторду тосуу, кызмат көрсөтүү жана жакшы маанайда узатуу, биз үчүн өзгөчө мааниге ээ. Бул иштер айтканга оңой болгону менен чоң түйшүктү жана конокторго болгон аяр мамилени талап кылат. Эс алууга келген ар бир коноктун пикиринде биздин аймак жөнүндө же болбосо жалпы Кыргызстаныбыз боюнча эң жакшы көз караш болуусу шарт.

Бул үчүн биздин туризм тармагында алектенген ар бир ишкер аракеттениши керек, болбосо кичинекей кетирген катачылык, кемчилик бул жалпы Кыргызстанга кедергисин тийгизиши ыктымал. Ошондуктан бул иште ар бир кызматчы кылдат сарамжалдуулукта иш алып баруусу өтө зарыл. Албетте алгачкы иш баштаган учурларда эч кандай тренингдерге, семинарларга катышпай эле баштаганбыз. (Ал убакта анчалык деле туризм тармагына көңүл бөлүнгөн эмес). Ошонун негизинде бизде да кемчиликтер, жетишпестиктер бир аз болуп жатты. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей, акырындап отуруп көптөгөн аракеттердин негизинде чоң ийгиликтерге жетише баштадык десем жаңылышпаймын.

Албетте, чоң ийгиликтерге жетүүдө көптөгөн кыйынчылыктарды көрүп, ары түйшүктүү жолдорду басып өтүүгө туура келет экен. «Билбеген жердин ойчуңкуру көп болот» дегендей, далай жолу кемчиликтер болду, кыйынчылыктар да жолукту.

Алгач үч даана боз үй менен иш баштаганбыз, арадан жети жыл өтүп, мына бүгүнкү күндө конок тоскон боз үйлөрүбүздүн саны 12 ге жетип отурат. Мурда жарык берүүчү генератор (бензодвижок) колдончубуз, азыр элүү точкасы бар электр камсыз кылуучу, күнурунан кубат алган(коопсуз) атайын панелдерди орнотууга жетиштик. Бизде азыр тоого эс алууга келген туристтер боз үйдө эс алуу менен бирге, мобилдик телефон, фотоаппарат, видеокамера, ноутбук жана башка буюмдарын эч тоскоолдуксуз заряддап алуусуна толук шарт түзүлгөн.

Мындан тышкары биз атайын экологиялык жана айлана-чөйрөнү коргоо мекемесинин корутундусунун негизинде, боз үйлөр лагеринде өрт коопсуздугу боюнча жабдыктарды орнотууга, саркынды суулар үчүн атайын чуңкурчаларды казууга жана башкаларды ишке ашырууга жетиштик.



Буюрса, быйылкы жылга атайын эко-сан-туалеттерди, компос-туалеттерди келген туристтер үчүн колдонобуз.

Мындан тышкары эко-сан-мончо (душ) курууну аракет кылып, атайын адистер менен байланышып, кеңешип жатабыз.

Азыркы учурда атайын күн коллекторунун жардамы менен туристтерди ысык суу (душ) менен камсыздап жатабыз.

2021-жылы USAID уюмунун программасы боюнча 3 даана ( комплект) боз үйдү гранттык негизде жардам алдык. 2018-жылы BJI программасы боюнча күн энергия панелин да гранттык негизде жардам алганбыз.

– Сөзүңүзгө аралжы, Абдыразак агай, тоолор, керемет жайлоолор боюнча да айтып берсеңиз.

Абдыразак агай: – Көпчүлүккө белгилүү болгондой биздин аймак (өрөөн) бул туристтер, башкача айтканда саякатчылар байма-бай келе турган, туристтик потенциалы абдан жогору аймак болуп саналат. Улуу Жибек жолу, айтылуу Памир Тракты, Алай-Памир кырка тоолору, Ленин Чокусу, Тулпар-Көл көлү, ажайып кооз жерлер, ашуулар, мөлтүр кашка суулар ж.б. ар бир саякатчыны, туристти өзүнө тартып турган бренд болуп эсептелет.

– Агай сизге эркин микрофон.

Абдыразак агай:

– Азыркы учурда Кыргызстанда туризм тармагында көңүл жылытарлык аракеттер жасалып, жакшы көңүл бурулуп жатканы бизди өзгөчө кубандырат.

биздин өлкөбүздүн келечеги!

Туризм бул биздин өлкөбүздүн келечеги!
Биздин ар бир жаран аракет жасап, туризм тармагын өнүктүрүүгө өз салымын кошуусу керек, Мекенибизди таза сактообуз зарыл, экологиябызды, айлана-чөйрөбүздү, жан-жаныбарларыбызды коргообуз максатка ылайык болушу кажет! Бул ар бирибиздин атуулдук милдетибиз! Ал эми айрыкча биздин тоолор, суулар, жашыл экологиябыз өзгөчө мааниге ээ!

– Сизге чоң рахмат, ишиңизге ийгилик каалайбыз!!!

*«Алай-Памир» тоо кыркасында – аалам чокусунда алынган маек.*
*Маектешкен: Өскөнбай Бердибаев*

## ТАГДЫРЫМ

Мен тагдырдын тузу буюруп, тээ алыскы (Чыгыш Памир) Сары-Кол тоолорунун арасында чоңойгон бир кыргыздын кара тору баласымын. Кудайдын буйругу экен, жогорку окуу жайда окуюн деген ой-максатым учурунда ишке ашпай калган. Себеби, оорулуу апамды, менден башка уулу жок улгайган атамды таштап чоң шаарга (окууга) кете албадым. Мен бир үйдүн жалгыз баласы элем, мектепти жакшы бүтүргөнүм менен насип буюруп, максат-тилек кылган жогорку окуу жайга окуй албадым (бул менин бир арманым). Бул менин бешенеме жазылган тагдыр! Бирок Кудайга миң мертебе шүгүр! Мен Памир тоолорунун арасында жүрүп, турмуштун ачуу-таттуусун көрдүм (жашоо үчүн мен эмнелерди кылбадым)! Кудайдын кулагы сүйүнсүн, Кудайга миң мертебе ыраазымын! Мен күлгүн курак 18 жашымда өз теңимди таап, үй-бүлө күтүп, үч уул, төрт кыздын сүйүктүү атасы болдум. Жашоодо жаркылдаган жароокер жар күттүм, бакытымды таап, бала-чакалуу болдум. Уул-кыздарымдын алды бойго жетип, үй-бүлөлүү болушту. Айтор, мен тоолордо жүрүп тоодой бакыт таптым! Улуу Тоолорго сырдаш, курдаш, жолдош болдум. Жан сырымды тоолорго айттым! (Анын баарын айта берсем сөз түгөнбөйт.) Кудайга шүгүр деймин ичимден. Мезгил, убакыт, тагдыр, баарын өз нугуна, өз жолуна салып коёт экен. Бирөөгө кылган жакшылыгыбыз да, жамандыгыбыз да өзүбүзгө кайтат экен! А биз пенде ар нерсени ченеп-бычып, майдалана берет экенбиз. Менин атам-энем тоодо калды, мүрзөлөрү тоо арасындагы айылда калды! Ошондуктан тоолор менин ата-энем сыяктана берет! Сөзүмдүн аягында айтарым: жашоомо, тагдырыма, өмүрүмө, баарына ыраазымын! Мен тоолорду ыйык деп билем, тоолор менин өткөн тагдырым, жашоом тарыхым! Мен касиеттүү, аруу, таза, аппак мөңгү тоолорумду сүйөмүн! Мен тоолордун уулумун, мен тоолукмун!

Памир тоолорунун арасында жашаган кара тору тоо баласы Өскөнбай!



## САРЫ-КОЛ КЫРГЫЗДАРЫНЫН УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРЫ

Сары-Кол (Памир) кыргыздары өзүнүн улуттук каада-салтын, ордо оюнун, комузун, тилин, динин жоготпой, аздектеп, аруу тутуп сактап келе жаткан улуу эл. Ушул эле улуттук маданий баалуулуктар менен бирге кыргыз боз үйүн да бүгүнкү күнгө чейин жасап, сактап, турмушта колдонуп келет. Ал кышында жылуу, жайында салкын. Боз үй бул бизге ата-бабаларыбыз-

өлкөбүздүн келечеги!

Туризм бул биздин ар бир жаран аракет жасап, туризм тармагын өнүктүрүүгө өз салымын кошуусу керек, Мекенибизди таза сактообуз зарыл, экологиябызды, айлана-чөйрөбүздү, жан-жаныбарларыбызды коргообуз максатка ылайык болушу кажет! Бул ар бирибиздин атуулдук милдетибиз! Ал эми айрыкча биздин тоолор, суулар, жашыл экологиябыз өзгөчө мааниге ээ!

– Сизге чоң рахмат, ишиңизге ийгилик каалайбыз!!!

*«Алай-Памир» тоо кыркасында – аалам чокусунда алынган маек.*
*Маектешкен: Өскөнбай Бердибаев*

## ТАГДЫРЫМ

Мен тагдырдын тузу буюруп, тээ алыскы (Чыгыш Памир) Сары-Кол тоолорунун арасында чоңойгон бир кыргыздын кара тору баласымын. Кудайдын буйругу экен, жогорку окуу жайда окуюн деген ой-максатым учурунда ишке ашпай калган. Себеби, оорулуу апамды, менден башка уулу жок улгайган атамды таштап чоң шаарга (окууга) кете албадым. Мен бир үйдүн жалгыз баласы элем, мектепти жакшы бүтүргөнүм менен насип буюруп, максат-тилек кылган жогорку окуу жайга окуй албадым (бул менин бир арманым). Бул менин бешенеме жазылган тагдыр! Бирок Кудайга миң мертебе шүгүр! Мен Памир тоолорунун арасында жүрүп, турмуштун ачуу-таттуусун көрдүм (жашоо үчүн мен эмнелерди кылбадым)! Кудайдын кулагы сүйүнсүн, Кудайга миң мертебе ыраазымын! Мен күлгүн курак 18 жашымда өз теңимди таап, үй-бүлө күтүп, уч уул, төрт кыздын сүйүктүү атасы болдум. Жашоодо жаркылдаган жароокер жар күттүм, бакытымды таап, бала-чакалуу болдум. Уул-кыздарымдын алды бойго жетип, үй-бүлөлүү болушту. Айтор, мен тоолордо жүрүп тоодой бакыт таптым! Улуу Тоолорго сырдаш, курдаш, жолдош болдум. Жан сырымды тоолорго айттым! (Анын баарын айта берсем сөз түгөнбөйт.) Кудайга шүгүр деймин ичимден. Мезгил, убакыт, тагдыр, баарын өз нугуна, өз жолуна салып коёт экен. Бирөөгө кылган жакшылыгыбыз да, жамандыгыбыз да өзүбүзгө кайтат экен! А биз пенде ар нерсени ченеп-бычып, майдалана берет экенбиз. Менин атам-энем тоодо калды, мүрзөлөрү тоо арасындагы айылда калды! Ошондуктан тоолор менин ата-энем сыяктана берет! Сөзүмдүн аягында айтарым: жашоомо, тагдырыма, өмүрүмө, баарына ыраазымын! Мен тоолорду ыйык деп билем, тоолор менин өткөн тагдырым, жашоом тарыхым! Мен касиеттүү, аруу, таза, аппак мөңгү тоолорумду сүйөмүн! Мен тоолордун уулумун, мен тоолукмун!

Памир тоолорунун арасында жашаган кара тору тоо баласы Өскөнбай!



## САРЫ-КОЛ КЫРГЫЗДАРЫНЫН УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРЫ

Сары-Кол (Памир) кыргыздары өзүнүн улуттук каада-салтын, ордо оюнун, комузун, тилин, динин жоготпой, аздектеп, аруу тутуп сактап келе жаткан улуу эл. Ушул эле улуттук маданий баалуулуктар менен бирге кыргыз боз үйүн да бүгүнкү күнгө чейин жасап, сактап, турмушта колдонуп келет. Ал кышында жылуу, жайында салкын. Боз үй бул бизге ата-бабаларыбыз-

дан калган баалуу таберик. Боз үйүбүз биздин Сары-Кол Памир кыргыздарынын ата-бабалары басып өткөн жолунун, тарыхынын күбөсү. Биздин ата-бабалар боз үйдө төрөлүп, боз үйдө жашоо кечирип, боз үйдө өлгөн. Боз үй көчмөн кыргыздардын жашоо образын, кол өнөрчүлүгүн, маданиятын, жашоо-тиричилигин жана улуу философиясын чагылдырган жандуу исскуство жана улуу тарых.

Боз үйдүн жыгачы (сөөгү):

Бакан, түндүк, чамгарак, уук, кереге, эшик, (босого баш, босого аяк, жан жыгач).

Жабуулары (кийиздери):

Делбир, туурдук,(тутуу), туш кийиз, түндүк жабуу.

Боо-чуулары:

Жел боо, уук тизгич, уук боо, кереге чалгыч, кереге таңуу, тегирич, делбир боо, туурдук боо, эшик боо, таштамай, курчоо, кош боо.

Боз үйдүн ичи өзгөчө жасалат, ашкана тартылып, баштык, кош жабык, аяк каптар илинет.



# САРЫ-КОЛДУК КЫРГЫЗДАРДЫН КҮНҮМДҮК ТУРМУШТА КОЛДОНУП ЖҮРГӨН СӨЗДӨРҮ

Көөнө – эски.
Дуак – казандын капкагы.
Көкмөк – үч жашар кулжа.
Бодо – эки жашар кулжа.
Бакчык – эки жаштагы тоо эчкиси.
Кайлык – түгөй (колукту).
Балдыр – оо илгери.
Пырсылдак – мылтыктын түрү.
Чачма – мылтыктын түрү.
Алма баш – мылтыктын түрү.
Чүпүрөк баш – аял.
Чүлүк – өгүздүн мурдундагы того.
Чарык – бут кийим.
Жалчиман – тамак.
Мыткыма – майга умачталган талкан.
Чапак – жалпакталып кургатылган топоздун тезеги.
Сээри – курут жайган сөөрү.
Улоо – унаа.
Көөрүк – чок үйлөөчү аспап.
Жел баш – мурду бычык.
Куурма – куурдак.
Каңирайган – мурдунун тешиги чоң.
Колко – суурдун кичинекейи.
Козуга – аркардын кичинекейи.
Таарым – тоо илбирси заара кылуучу жер.
Шинек – мергендер жашынуучу таштан салынган жай (буктурма)
Зубала – нанга даярдалган тоголок камыр.
Көптүргү – камыр ачыткан ачыткы.
Горошо – майда кык (көң)

Жороп – жүн байпак.
Алман – аң уулаганда эчки-текеге коюлуучу ит.
Айдама – аркар-кулжага коюлуучу ит.
Пайнек – коосдолуп жасалган бычак кап.
Төтөгө – боз үйдүн көрк берип турган кичинекей төрт чарчы коосдолгон кийиздери.
Көпчүк – жаздык.
Толто – чөбөгө.
Боз май – эритилген каймак.
Сыйрым – аркар этиндеги май.
Постек – ашталган тери.
Ганар – чөп каптаган чоң баштык.
Катта – чоң.
Татти – ширин даамдуу.
Бейакыл – акылы жок.
Сары гидир – топоздун этиндеги май.
Паймерек – айран кошулган сүт.
Убай – май кошулган курут.
Койутмак – сүт кошулган айран.
Эжигей – ириген сүттөн жасалган тамак.
Камзүр – кемсел.
Эңке – кулжанын чүкөсү.
Ашык – чүкө.
Бабалак – мүйүздөн жасалган томпой.
Козуга – аркардын козусу.
Гажыр – канаттуу куш.
Аңыр – канаттуу куш.
Терскен – чөп өсүмдүк (кустарник).
Көөрак – чөп өсүмдүк (кустарник).
Таан оту – өсүмдүк.
Бозноч – өсүмдүк.
Калама-таштан тизилген короо.
Гүбүр – дарыя үстүндө тоңгон муз.
Гүбүрлөп кетти – муз сынып сууга түшүп кетти.



Тарп – өлгөн малдын денеси.
Көтөрүм – арык (сташённый)
Жулук – кайыш жамачы.
Күн чырак – солнечный лампа.
Курмушу – эски кийиз.
Сызык – чиза.
Чылым – тамеки.
Какмач – куурап калган тамыр (отун).
Мойнок – ашуу.
Корс – ачуулуу.
Таш Кол – сараң.
Капа – кепе, кичинекей мал сарай.
Камак – түрмө.
Калак – күрөк.
Булөө таш – бычак курчуткан таш.
Пычкак – кир катып калган койдун бутундагы жүн.
Шуушаң – кой кыркчан кайчы.
Көгөн – козу байлаган жип.
Желе – топоз байлаган жер.
Козу жашык – козу салган ящик.
Кылчык – кылдуу жүн.
Шоона – эшилген жип.
Козу торбо – козу салган баштык.
Мылгыйык – даамсыз (даамы жок).
Митан – тузсуз (тузу жок).
Шөөла – күрүчтөн жасалган тамак.
Чай туткуч – чайнек кармоочу чүпүрөк.
Накчегер – чок кармоочу аспап.
Газампир – мык сууруган аспап.
Чөөлү – боорсок бышырган аспап.
Чий боорсок – боорсоктун түрү.
Соога – тартуу (белек).
Жооган – майсыз.
Ушу жок – алы жок.

Гаңгир баш – акылсыз.
Куу кулак – ак кулак.
Гарып – алсыз бечара.
Гөр – мүрзө.
Гөш – эт.
Чыгдан – чийден жасалган тасмал.
Чакмак – от тутандыруучу буюм.
Чабыра – зымдан жасалган короо.
Чулук – саздуу жер.
Дөмөр – саздуу жердеги дөңсөөлөр.
Алап – ундан жасалган атала.
Аарыдым – чарчадым.
Седеп – бермет топчу.
Марбет – бермет.
Шуру – мончоктун түрү.
Чачпак – чачка тагылуучу кооз буюм.
Жамбы – уютулган күмүш.
Гөзөө – орозо кармабаган адам.
Шиш – көсөө.
Хам – чийки.
Бехабар – кабарсыз (кабары жок).
Коңултак – жылаңаяк бут кийим кийүү.
Жылаңаяк – жалаң бут.
Сары кар – жайда жааган кар.
Баар – жай.
Пайча – багелек (шымдын багелеги).
Паана – шамал тийбеген далдоо жер.
Басырык – шамалдан сактоо үчүн боз үйгө салынган салмоор.
Ташпиш – түйшүк.
Оот – кудук.
Быйрак – койдун куйругу.
Каалга – эшик.
Мүрда – өлүк.



Саип мүрда – каза болгон адамдын жакындары (Сөөк ээси).
Орогон – тамактын түрү.
Апыз – акын, ырчы, төкмө.
Тот – муз үстүндөгү каргын суу.
Сарыпай – кийит.
Чыпта – кап.
Ыскат – жаназага келген адамдарга маркумдун жакындары тарабынан берилген белек.
Кептеш – эки тоонун ортосу (булуң).
Сурп – ак кездеме.
Супура – камыр жайылуучу тасмал.
Гыжек – кыл кыяк.
Тулуп – тон.
Гыжыл – кыжаалат.
Көөрүк – от үйлөгөн аспап.
Гүрүң-бараң – таңкы убакыт.
Карабаран – алыстан көрүнгөн караан.
Турук – кичинекей аска-зоо.
Жеңче – нан бышырганда колго кийүүчү колкап.
Таакы – териге жабышып калган жүн.
Сөйкө – кулак сырга.
Саар – эртең менен.
Үргүлжү – бүт баары.
Тулга – казан асылчу темир очок.
Дүрия – аялдардын баш кийими (жоолук).
Нанүшта – эртең мененки чай ичүү (даам сызуу).




## КААЛОО-ТИЛЕКТЕР

Өскөнбай, Улуу тоолордун кучагында өскөн адам катары тоолор, жаратылыш, туулуп өскөн жер, Ата-Журт жөнүндө жүрөккө дем, күч берчү ырларды жазасың. Ушунуңдан жазбай талантың дагы да ташкындап, калемиң дагы да курчуй берсин! «Сары-Кол санжырасы» деген китебиңде ар бир айылдын, суунун, жердин аттарын атап, ар бирине өзүнчө ыр жазып чыкканың эле зор эмгек жана Ата-Журтка болгон сүйүү. Кара-Көл, Ырaң-Көл, Чечекти, Шаймак, Ак-Балык жана башка айта берсе көп. Ушулардын баарынын кооздугун сүрөттөп, жадагалса ташы, шамалынан бери кооздоп берүү – бул өзгөчө талант. Өзүң айткандай, Сары-Кол элинин үрп-адаты, каада-салты, жер-суулары унутта калбасын деп, кийинки муундарга чоң белек катары канчалаган ырларды жазып калтырып жатасың.



«Алтындан да кымбат баалайт аздектеп, Мургаптыктар нурдан бүткөн жерин», – деп сенин ыр саптарында жазылгандай Сары-Кол эли сенин ырларыңды аздектеп, муундан-муунга окуп жүрүшөт деп ишенем.

*Сени терең урматтоо менен агаң Алмазбек Урустамов.*

Қырғыз поэзиясында жарқ етіп көрінген ақын Бердибаев Өскенбай Чожоевичтің өлеңдерінде ерекше сарын бар. Оның Памир туралы өлеңдерінен табиғаттың үні мен жер шарындағы барлық адамзаттың жарқын болашаққа деген ұмтылысы үндесіп жатыр. Мен оның ішкі әлеміндегі тазалық пен өнерге деген сүйіспеншілігін құрметтеймін.

Өміршең өлеңдеріңіздің қанаты қайырылмасын,бауырым

*Ізгі ықыласпен: Ажар Садықова. Ақын. Ұстаз.*
*Қазақстан Республикасы*

Урматтуу акын иним Өскөнбай!

Сенин «ПАМИР-АЛАЙ БЕРМЕТТЕРИ» китебиңдин жарык көрүшү менен чын дилимден куттуктайм.

Улуу, сырдуу, керемет тоолор жөнүндө жазуу үчүн акын көңүлү, дили таза, калеми курч болушу абзел, андай болбосо китеп жазылбайт. Сен таланттуу, ак-пейил, таза жүрөк акынсың! Кудай Таала сендей калемгерлерди колдоп, илхам берет! Жаңы китебиң кыргыз адабиятында өзүнүн өзгөчө ордун табарына терең ишенем!

*Бегижан Ахмедов, жазуучу, Кыргызстан улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, Өзбекстан улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, Бабур атындагы Мамлекеттик университетинин ардактуу профессору.*

Самый Дорогой друг мой Оскенбай! Горы высокие, а горы Памира еще выще. Мы с тобой встретились в горах Памира. Значит, ты чист и высок. Ты всегда пишеш о Памире, я знаю, что твоя душа сильно связано с горами. Будьте здоровы, уверен что однажды мы снова встретимся в горах!

*Юра Самолин.*
*(Памирский путешесвенник).*
*Москва-Казахстан-Памир.*

Тажикстан Республикасынын Чыгыш жагында жайгашкан Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусуна караштуу Мургаб району бийик тоолуу, климаттык шарты өтө татаал, деңиз деңгээлинен 4,7 миң метрден жогору бийиктикте орун алган «Сары-Кол» өрөөнүндө жашаган кыргыздар этностук тарыхын, материалдык жана руханий маданияттын салттуу этностук өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк сактап калышкан. Бул өрөөндө жашаган кыргыздар кең пейилдиги, меймандостугу, жөнөкөйлүгү, патриоттуулугу менен өзгөчөлөнөт жана ошондой эле жан дүйнөсү чыгармачылыкка бай. Алардын бири Бердибаев Өскөнбай. Туулуп-өскөн жердин топурагы алтын дегендей ар бир тоосу, өсүмдүгү, жаныбары, жада калса абасы жөнүндө ыр, чыгарма жазып, туулуп-өскөн жерин даңазалап келет. Чыгармачылык иштериңе албан, албан ийгиликтерди каалайм. Дайыма элиңдин патриоту бол! Биз сени менен сыймыктанабыз жана мактанабыз.

*Ташалиева Мукарам Мурзакуловна.*
*Кыргыз-Өзбек эл аралык университети.*
*Тарых илимдеринин кандидаты.*



## КИЙИК ТҮНӨК ПАМИРДИН УЛАР ТАҢШЫК АКЫНЫ

Өскөнбай Бердибаев Памирде, Сары-Кол жергесинде туулуп өскөн туңгуч акын. Анын «Памир, Алай берметтери» деген жаңы китебин окуп олтуруп, мен өзүмдү кайрадан аскасы асман тиреген улуу тоолордун арасында жүргөндөй элестеттим. Буга чейин Памир, Мургабдык кыргыздар жөнүндө Кыргызстандан барып иштеп келген белгилүү акын-жазуучулар Мурза Гапаров, Эрнис Турсунов, Анатай Өмүрканов, Өмүрбек Тилебаевдер чыгарма жазып келишсе, бул ирет дал ошол улар сайраган Памир тоолорунун койнунда төрөлүп, эр жеткен жаш акын Өскөнбай Бердибаев ыр, дастан, поэмаларын жазып окурман журтуна тартуулап олтурат.

Өскөнбай менен Фейсбук аркылуу тааныштым. Мындан үч-төрт жыл башта анын ар кайсы темада жазылган бир нече ырларын окуп калдым. Анан «Өскөнбай, сен өзүң жакшы билген Памир тоолору, жер-суулардын аталышы, эл арасында айтылып жүргөн уламыш, дастандар жөнүндө ыр жаз» деп кеңешимди айттым. Өскөнбай менин ошол сөзүмдү дароо кулагына куюп, жүрөгүнө түйүп алган экен. Ага «Памир, Алай берметтери» деген жаңы китебине кирген чыгармаларынан улам ынанып турам.

Бир жолу улуттук университетте өтүп жаткан поэзия кечемде студент кыз «Байке, Памир жөнүндө жазылгын ырларыңыздан дагы окуп бериңиз. Биз алардын турмушу менен кененирээк таанышкыбыз келет» деп сурап калды. Ошондо мен «Памир тууралуу бир топ ырларды жаздым. Буюрса, дагы жазам. Бирок, Па-

мирди толук сүрөттөп бериш үчүн ошол жерде жашаган элдин арасынан бир акын-жазуучу чыкса жакшы болмок. Балким, келечекте чыгып калаар» деп жооп берген элем. Менин ошол тилегим Кудайдын кулагына жеткен экен. Мына бүгүн Памирден Өскөнбай акын чыгып олтурат. Бул өтө символикалуу көрүнүш.

Өскөнбай Бердибаевдин жаңы китебине көөнө кылымдардан бери Мургабдык кыргыздардын арасында оозеки жашап келаткан уламыш, дастандар, ырлар, жер-суу аттары тууралуу көркөмдүгү жетик, жазуу стили тетик чыгармалары кириптир. Акын – өзгөчө кубулуш. Ал өзү туулуп өскөн элдин каада-салтынан, каалоо-тилегинен, ошол жердин суу, аба, табият синтезинен жаралат. Өскөнбай бүткүл турпаты менен Памирдин акыны. Ал өзү туулуп өскөн жери жөнүндө «Биз, кыргыздар» деген ырында таамай чагылдырат:

Алыска аалам кезип чагылдык биз,
Кыр-кырда кызыл гүлдөй ачылдык биз.
Тарыхка өлбөс-өчпөс из калтырып,
Таш тоого тамга болуп басылдык биз.

Асманда жанган сымал чолпон жылдыз,
Алыста ак калпакчан тоолук кыргыз.
Сапарлаш өмүр жолу кайберенге,
Кыйырга чыйыр салган ошол бизбиз.
Паанектеп Памир тоону мекендеген,
Ак калпак улуу кыргыз ошол бизбиз.

Ал эми «Биз – тоолуктар» деген ырында тууган жер темасын дагы да тереңдете берет:



Үркүтпөй кайберенди бийик жерде,
Бүркүттөй уя салдык бийиктерге.
Тоолордо тонгон муздун даамын татып,
Түнөктөш, жолдош болдук кийиктерге.

Өскөнбай Бердибаевдин китептеги «Сары-Кол дастаны» деп аталган ыры – бул Памир тууралуу тартылган эң сонун картина, көркөм тасма. Андагы жер-суу аттары география коомунда иштегендерди жумушсуз калтырчудай экен. Азамат Өскөнбай!

Мадиян, Пышарт, Кара-Көл,
Ак-балык мөлтүр таза көл.
Балыгы көп Булуң-Көл,
Байыркы Зор-Көл, Казан-Көл,
Шаймактын шибер тулаңы,
Бахпурдун кайнайт булагы.
Байыртан кыргыз мекендеп,
Байырлап келген турагы.

Ал эми Өскөнбай жазган Памирдик кыргыздардын күнүмдүк турмушунда колдонулган сөздөрү боюнча атайын илимий иш жазса болот. Бул келечектин иши. Мургабда мугалим болуп иштеп жүргөн жылдарымда Өскөнбайдын атасы Чөжө акени да көрүп, сүйлөшүп, бир дасторкондо даам татып калдым. Чөжө акенин аты чөжө болгону менен өзү алп көкүрөк, эки ийнине эки бүркүт кончудай, колдору күрөктөй, зор денелүү дөө киши эле. Ошол великандан Өскөнбай аттуу акын жаралып, Памирди даңктап ыр жазып жатканы өтө кубанычтуу.

Кыргыз адабиятына биринчи жолу улуу Памирден чыккан акын келип олтурат. Ырдын жолу Памирдин жолдорундай татаал, ашуусу муз, даваны бийик. Өскөнбай, Памирлик акын, адабияттагы кадамың ак жолтой болсун!

***Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ,***
***Акын, Жолон Мамытов жана Курбаналы Сабыров атындагы сыйлыктардын лауреаты.***



**МАЗМУНУ**

Сары-Кол ........ 8
Жан дүйнө ........ 13
Тоолор ........ 14
Сары-Кол кайрыктары ........ 15
Шамал ........ 17
Сары-Колума арзуу ........ 19
Опол тоо ........ 20
90-жылдык маарекең куттуу болсун мургабым ........ 23
Токтомат мергендин жаркын ........ 26
Элесине ........ 26
Памирден кат ........ 29
Топоз минген жигит «ак жигит» ........ 32
Биз кыргыз ........ 39
Ой толгоо ........ 40
Жолдон жолуккан жигитке жооп ........ 41
Мен тоолорго бара албайм ........ 45
Сары-Колдон чыккан чыгаан инсан
Чокоев Абдикарим агабызга ........ 46
Үркөр, үркөр үч жылдыз ........ 46
Кудайберген-бай ажы ........ 47
Той ........ 48
Бирөөлөр ........ 54
Өмүр дастан ........ 57
Чолок ........ 60
Айтунук ........ 61
Шамал – шоорат ........ 64
Баягы ........ 65
Дедим ........ 65
Биз тоолуктар ........ 66
Рахманкул хан ата ........ 67
Турмуш көчү ........ 72
Ыңырчак уруусу ........ 73
Сактагын «Сары-Кол» деген печетинди ........ 74
Бирөө сурады: «Мургап деген эмне?» – деп ........ 74
Сары-Кол дастаны ........ 76
Сарез-Көл ........ 88
Кыпчактар ........ 90

Жан дүйнө жаңырыгы .................................... 92
Ыраң-Көлүм.................................................. 92
Ыраң-Көл ..................................................... 93
Көчкүдө калган мергенчи .............................. 95
Бийиктик ..................................................... 97
Ак-Байтал .................................................... 98
Биз кыргызбыз.............................................. 99
Тоо сулуусуна ............................................. 100
Памир тоо.................................................... 101
Кыл чокуда кыргыз ханы................................ 101
Түндүк ....................................................... 102
Мамыры ...................................................... 103
Оо Чечектим ............................................... 105
Арзыхан ...................................................... 105
Караңгыда таппайм жолумду.......................... 109
Муз-Көл ...................................................... 109
Жерге-Тал ................................................... 110
Атага тең уул .............................................. 112
Адамбыз ..................................................... 112
Тагдыр ........................................................ 113
Сүйүү .......................................................... 113
Ырдашалы ................................................... 114
Үмүт ........................................................... 115
Салам .......................................................... 115
Кош жаштык ................................................ 116
«Куу-Жигит» ................................................ 117
Сары-Кол кайрыктары ................................... 119
Найман – деген улуу журт ............................ 121
1-октябрь туулган күн................................... 123
Өмүр кайрыктары.......................................... 123
Кызыл Арт ашуусу ....................................... 124
Биз чейме ака экөөбүз.................................. 127
Дүйшөмбү шаарында бирге жүргөнбүз ............ 127
Өмүр сапары ................................................ 129
Сезимдеги кайрыктар .................................... 129
Турмуш сапдары........................................... 130
Атакем ........................................................ 131
Аруу ойлор .................................................. 132
Жаштыгым.................................................... 132



Бөрүлөрдүн улушу ......................................... 133
Жалгыз үйлүү Жыргалбек .............................. 134
Санаа-оюм ................................................... 135
Мургап-Ош 415 км. ........................................ 136
Тагдыр ........................................................ 137
Бир ойлор ................................................... 137
Кечиргиле.................................................... 138
Сагындым тоолорумду................................... 139
Бийиктеги ыр ............................................... 139
«Мургаптын муз кошулган таттуу шарабынан куйгун!» –
дедим ......................................................... 140
Алай сулуусуна ............................................ 141
Башка тилге которулган ................................ 142
чыгармалары ............................................... 142
Размышления в горах Памира ....................... 160
Памирские орлы............................................ 168
Прозалар ..................................................... 169
Памир тоолорунда мумия издеген геологдор..... 169
Дүйнө таанымы чексиз ................................. 175
Дүйнөбай аксакал......................................... 175
Телефон аркылуу сүйлөшүү .......................... 179
Даракcыз бак ............................................... 181
Ак-Байтал ашуусу ........................................ 182
Мен билген бир адам: Абдилла Ташыбеков....... 184
Памир бүркүттөрү ........................................ 186
Балалык кездеги сезимдер............................. 187
Муз-Көлдө шамал ......................................... 189
Абдыразак агай ............................................ 190
Тагдырым ................................................... 194
Сары-Кол кыргыздарынын улуттук баалуулуктары ... 195
Сары-Колдук кыргыздардын күнүмдүк турмушта
колдонуп жүргөн сөздөрү .............................. 197
Каалоо-тилектер .......................................... 202
Кийик түнөк Памирдин улак таңшык акыны...... 205

**Өскөнбай Бердибаев**

**ПАМИР-АЛАЙ БЕРМЕТТЕРИ**

*Ырлар, ой толгоолор, эскерүүлөр*

*Редактору Ж. Кадыров*
Корректору *Н. Осмонова*
Дизайнери *М. Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Г. Ниязалиева*

Басууга 19.09.2022-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84 1/16.
Көлөмү 13,25 б.т. Нускасы 100.

---

«Улуу тоолор» басмасы.
Тел.: 0772 347028, 0705 347028.



**Бердибаев Өскөнбай Чөжөевич**

1982-жылы 1-октябрда Алай өрөөнүндөгү Сары-Могол айылында жарык дүйнөгө келген. Улуту кыргыз. Ата-энесинин жумушуна байланыштуу Сары-Кол (Мургап) жергесинде чоңойгон. Памир тоолорунун арасында жүрүп көптөгөн чыгармаларды, ырларды, дастандарды жазган. Учурда Ош шаарында жашайт. Үй-бүлөлүү, үч уул, төрт кыздын сүйүктүү атасы.

КРнын Аксакалдар кеңеши тарабынан "Чыңгыз Айтматов" төш белгиси, "Янги-Овоз» эл аралык жазуучулар союзу тарабынан "Мыкты Калемгер" жана Казакстан Республикасындагы Дүние Таланттары Одагы уюму тарабынан "Абай Кунанбаев" атындагы диплом менен сыйланган. Өскөнбай Бердибаевдин бир канча ырларына обондор жазылып ырдалып жүрөт. Автордун чыгармалары өзбек, казак, түрк жана башка тилдерге которулган.